468

Аң-сезим Ал-Ваъй الوعي

Кеңири көлөмдүү фикирий-сакафий журнал

Отуз тогузунчу жыл чыгышы, мухаррам 1447-х. – июль 2025-м.

Ал-Ваъй сөзү

# Акыйкат үстүндө бекем туруу

## Саясий түшүнүктүн негиздери жана саясий багытты аныктоо (3) (саясий түшүнүктө картанын ролу)

## Куръани Каримдеги “тамкин” түшүнүгү

## Египеттин тышкы карызы 200 миллиард долларга жетти: саясий чабалдык

## Үч коопсуздук чакырыгына каршы позиция: эмне үчүн Пакистан коопсуздук тармагы жаңы кризистерге каршы чара көрүшү керек?

## Жасалма интеллект жана сейрек кездешүүчү металлдар үчүн эл аралык күрөш

Ар бир камарий айдын биринчи күнү Ливан университетинин мусулман жаштары тобу тарабынан Ливан маалымат министрлигинин 1989-жылы 15-ноябрда берген №166 урухсаты менен чыгарылат

www.al-waie.org subjects@al-waie.org

# Ушул санда

– ***Ал-ваъй сөзү:*** Акыйкат үстүндө бекем туруу …………………………………………………… 3

– Үч коопсуздук чакырыгына каршы позиция: эмне үчүн Пакистан коопсуздук тармагы жаңы кризистерге каршы чара көрүшү керек? …….. 7

– Саясий түшүнүктүн негиздери жана саясий багытты аныктоо: саясий түшүнүктө картанын ролу (3)………………………………………… 11

– Ислам каржы түшүнүгү менен капиталисттик жана социалисттик түзүмдөрдөгү каржы түшүнүктөрдүн айырмасы (2) …………………………………………… 17

– Египеттин тышкы карызы 200 миллиард долларга жакындады: саясий чабалдык……. 31

– Жасалма интеллект жана сейрек кездешүүчү металлдар үчүн эл аралык күрөш…………… 40

– ***Аалам мусулмандарынын кабарлары***….. 50

– ***Куръани Карим сабагында***……………… 60

– ***Бейиш бактары:*** Периштелер көлөкөлөгөн сахаба…………………………………………… 70

– ***Соңку сөз:*** Бир адамга мурун кийбеген кийимди кийгизбегиле… Андай кылсаңар, диниңерди да, дүнүйөңөрдү да бузуп аласыңар …………………………………………… 75

– Хуситтер козголоңчу топпу же көп функциялуу куралбы?. ……………………… 77

بسم الله الرحمن الرحيم

# АКЫЙКАТ ҮСТҮНДӨ БЕКЕМ ТУРУУ

**Устаз Мунис Хамид**

Фитналар менен сыноолор каптап, зулумдук өкүм сүрүп, акыйкаттын үнү басылган доорлордо мабданы бекем карманган адамдар пайда болуп, ыймандын эң улуу жана эң жарык көрүнүшүн алып чыгышат.

Акыйкат үстүндө бекем туруу — бул тынчтык учурларында эмес, тескерисинче, адамдын өмүрүнө коркунуч жаралганда чыдамкай болууну же азапка туруштук берүүнү талап кылганда болот. Ошондо гана чынчылдар сыналат, саптар иргелет жана эр жүрөк адамдар менен нафсисине ээрчигендер ачыкталат.

Акыйкат талкуулана турган пикир да, бекитиле турган келишим да эмес. Ал Аллахтан келген нур, убакыттын өтүшү менен өзгөрбөйт жана бийликтин басымына алмашпайт. Акыйкатта бекем тургандар бул дүйнө өткүнчү экенин жана Аллах Таала баш ийүүгө эң акылуу экенин билишет. Куранда биз үчүн сабактар жана насааттар бар. Мына Ибрахим (алейхис-салам) өзүн кудай деп атаган заалим Намруд менен беттешти, ага далилдерди келтирүүдөн тартынган жок, от менен коркутууга карабай акыйдасын ачык айтты. Ал: «حَسْبِيَ اللهُ وَنِعْمَ الوَكِيلُ» – “Мага Жалгыз Аллахтын Өзү жетип ашат. Ал Зат эң жакшы ишеничтүү өкүл”, - деди. Ал отту азап эмес, сыноо катары көрдү, ошондо Аллах Таала ага отту салкын жана тынч кылды.

Ошондой эле «Ухдуд» ээлери... Бүтүндөй бир эл моюн сунуудан баш тартып, аларды кайра куфрга кайтарууну же от менен өрттөп салууну талап кылган падышанын зулумуна каршы турушту. Алар ыйманды тандап, кордукка жана баш ийүүгө караганда өлүмдү артык көрүштү. Аялдар, балдар, эркектер, кары-картаңдар – баары акыреттеги тозоктон көрө дунявий отту абзел көрүштү. Алар пайгамбарлар эмес эле, кадимки момундар болушкан, бирок алардын бекем тургандыгы аларды Аллахтын Китебинде түбөлүккө калтырды.

Демек, жашоо бул жөн гана өжөрлүк эмес, ал аң-сезим жана акыйкатта бекем туруу. Бул адам терең түшүнүгү менен өзү ыйтикад кылып жаткан нерселер Аллах ыраазы боло турган акыйкат экенин

таанып, бүткүл дүйнө ага каршы турса да, андан баш тартпайт. Бул акыл менен жүрөк бириккен позиция, жөн гана козголоң эмес, балким фитратка каршы келген нерселерге багынуудан толук баш тартуу.

Бүгүнкү заманда зулум абдан көп, аң-сезимди бурмалоо, акыйкатты бүдөмүк кылуу жана чынчылдарды каралоо аракеттери аябай күч алган. Мына ушундай учурда бизге бекем туруу жана заалимдердин алдында так позицияны кармоо абдан зарыл. Бекем туруу залим бир жетекчинин алдында акыйкат сөздү айтуу, же мазлум адамды коргоо, же азапка чыдоо болушу мүмкүн. Анткени сен өз мабдаңды саткың келбейт жана аны менен соодалашпайсың. Зулумга каршы акыйкат үстүндө бекем туруу – пайгамбарлардын мурасы, момундардын ураны жана эркин үммөттөрдүн жашоосун улантуусунун сыры. Ким акыйкатта бекем турса, ал өз тарыхын каны, сабыры же сөзү менен жазат.

Канчалык зулум күчтүү көрүнбөсүн, акыйкат гана калат, анткени Аллах аны менен бирге:

﴿وَقُلْ جَآءَ ٱلْحَقُّ وَزَهَقَ ٱلْبَٰطِلُۚ إِنَّ ٱلْبَٰطِلَ كَانَ زَهُوقًا ٨١﴾

***“Дагы*** *(минтип)* ***айткын: «Акыйкат келди*** *(тактап айтканда Ислам келди)* ***жана батыл*** *(куфр)* ***өчүп – жоголду. Себеби батыл – жоголуучу нерсе”.*** (Исра: 81).

Мабда ээлери жолду аягына чейин басып чыгышат, бул жол оңой болгондуктан эмес, алардын жүрөгүндө ишеним, бекемдик, акылында аң-сезим бар болгондуктан. Акыйкатка негизделген нерсени эч бир зулум кыйрата албайт жана жалган туйгулар аны титирете албайт.

Мабда ээлери жолду аягына жеткирет. Газа бул сөздүн тирүү мисалы болду. Газа акыйкат менен зулумдун салгылашы чечилген жер. Ал жөн гана курчоодо турган шаар эмес, ал жабык дүйнөнүн алдында ачылып турган абийир. Анда адам канча жолу дем алгандыгы менен эмес, эң күчтүү залимдердин алдында канча жолу «жок» деп айткандыгы менен өлчөнөт. Газадагы адамдарда мабдасынан башка жогото турган эч нерсеси жок жана алар аны жоготпоону чечишкен. Алар баарын жоготсо да, ар бир кыйраган үйдө, асманды карап турган ар бир баланын көз карашында ушул маанилер кайра жаңырып турат: «Мабда денеден кымбат», «Ар-намыс нанга сатылбайт».

Газа бомбаланып эле калбастан, чоң ыйман сыноосунун алдында турат. Алар сүйүктүүлөрүнүн денелерин урандылардын алдынан чыгарып жатып сабыр кылышат, соопко үмүттөнүшөт, акыйдасында бекем турушат жана Аллахтын убадасы чын экенине жана Ал убадасын бузбашына ишенишет:

﴿مِّنَ ٱلۡمُؤۡمِنِينَ رِجَالٞ صَدَقُواْ مَا عَٰهَدُواْ ٱللَّهَ عَلَيۡهِۖ فَمِنۡهُم مَّن قَضَىٰ نَحۡبَهُۥ وَمِنۡهُم مَّن يَنتَظِرُۖ وَمَا بَدَّلُواْ تَبۡدِيلٗا ٢٣﴾

***“Момундар арасында өздөрү Аллахка берген*** *(Ал Заттын жолунда жихад кылып шахид болуу жөнүндөгү)* ***убада-шерттерин чындыкка чыгарган кишилер бар. Анан, алардан*** *(айрым)* ***кишилер өз убадасын аткарды*** *(тактап айтканда, шахид болушту)****, алардан*** *(айрым)* ***кишилер болсо*** *(шахид болууга)* ***ынтызар. Алар*** *(мунафыктарга окшоп Аллахка берген убада-шерттерин)* ***өзгөртүшкөн жок”.*** (Ахзаб: 23).

Газа – бул Үммөттүн сүрөтү. Газага аны аяп ыйлагандар эмес, анын сырын түшүнгөндөр керек. Ал өлбөйт, анткени анын маселеси анын акыйдасы, ал эми акыйдасы уул-кыздарынын көкүрөгүндө тирүү жашайт.

Газада, азап өкүм сүргөн жерде энелер өз балдарын өз колдору менен кепиндешет да, анан көккө карап: «Аллахым, кабыл алгын», - дешет. Бул кандай гана бекем якын?! Бул жандан да кымбат болгон, анын жолунда эң кымбат нерсеңди да аябаган акыйда.

Газадагы ар бир кыйраган үй – бул дүйнөгө берилген сабак: зулум канчалык катаал болсо да, жүрөгү акыйдага байланган адам – ал канчалык алсыз көрүнбөсүн – жеңилбейт. Газаны жеңилүүлөр кыйын абалга салышы мүмкүн, фитналар адаштырышы, жаман күчтөр үстөмдүк кылышы мүмкүн, бирок ал өлбөйт, анткени анын өзөгүндө сындыра албаган роббаний убада бар:

﴿وَكَانَ حَقًّا عَلَيۡنَا نَصۡرُ ٱلۡمُؤۡمِنِينَ﴾

***“Ыйман келтиргендерди үстөм кылуу Биздин мойнубуздагы чындык болгон”.*** (Рум: 47).

Мен айтам: Ислам Үммөтү акыйкаттан алыстаганда, өзүнүн рисаласын унутканда, милдетинен алыс болгондо ал ооруйт. Бирок ал өз жолун көргөндө, Аллах Таала аны адамзатка куткаруу жана Батыш хазаратынын чириндисинен арылтуу үчүн берген бул аманатка кайтып келгенде, бат эле сакайып кетет. Ошондо ал кайрадан эң жакшы үммөт болуп, даңктын туу чокусуна чыгып, кайрадан ойгонуп, Аллах Таала ага убада кылган Халифалыкка жана үстөмдүккө жетет:

﴿وَعَدَ ٱللَّهُ ٱلَّذِينَ ءَامَنُواْ مِنكُمۡ وَعَمِلُواْ ٱلصَّٰلِحَٰتِ لَيَسۡتَخۡلِفَنَّهُمۡ فِي ٱلۡأَرۡضِ كَمَا ٱسۡتَخۡلَفَ ٱلَّذِينَ مِن قَبۡلِهِمۡ﴾

***“Аллах силерден ыйман келтиргендерге жана жакшы амалдар кылгандарга, кудум илгери өткөн*** *(ыйман-ишенимдүү)* ***заттарды***

*(жер жүзүнө)* ***халифа өкүмдар кылгандай, аларды да жер жүзүнө халифа - орун басар кылууну убада кылды".*** (Нур: 55).

Бүгүн Үммөт башынан өткөрүп жаткан ар бир азап, Аллах жолунда төгүлгөн ар бир тамчы кан – кайтып келе жаткан үммөттүн толгоосунун бир бөлүгү. Аллах үчүн бул таптакыр кыйын эмес… ❑

# ҮЧ КООПСУЗДУК ЧАКЫРЫГЫНА КАРШЫ ПОЗИЦИЯ: ЭМНЕ ҮЧҮН ПАКИСТАН КООПСУЗДУК ТАРМАГЫ ЖАҢЫ КРИЗИСТЕРГЕ КАРШЫ ЧАРА КӨРҮШҮ КЕРЕК?

**Абдуль Мажид Бахати – Пакистан**

Өткөн айда Пакистандын аймактык бүтүндүгүнө олуттуу коркунуч жараткан үч коопсуздук чакырыгы пайда болду. Акыркы Индия менен болгон жаңжал эң маанилүүсү болуп саналганы менен, учурдагы Иран жана Афганистан менен болгон чыңалуулар, ошондой эле Белужистан жана Хайбар Пахтунхвадагы аз интенсивдүү козголоңдор бул чакырыктардын катарына кирбейт. Калган эки коркунучтун булагы – яхудий түзүмү менен Америка Кошмо Штаттары. Бул факторлордун баары биригип, Пакистан коопсуздугуна олуттуу коркунуч туудурат.

**Индия коркунучу: салттуу жана татаал**

Индия узак мөөнөттүү жана татаал коопсуздук коркунучу болуп саналат. 1948-жылдан бери Кашмир маселеси негизги талаштуу маселе бойдон калууда. Бул аралыкта бир нече жолу чыңалуулар болуп, чек ара жаңжалдары, анын ичинде 2025-жылдын май айында Индиянын Пакистан Кашмирине жана Пенджабга каршы аткарган ракета жана дрон чабуулдары орун алды. Чектөө сызыгында чыңалуу улануда, Кашмирдеги катаал басым эки тарапта тең чоң аскерий күчтүн топтолушуна алып келип, ал ортодо туруксуз тең салмактуулукту сактап турат.

Индия муну менен гана чектелбестен, Белужистандагы сепаратисттик кыймылдарды жашыруун колдоп, Кытай–Пакистан экономикалык коридору сыяктуу маанилүү инфраструктуралык долбоорлорду бузууга аракеттенүүдө. Мындан тышкары, Индус суулары боюнча келишимди токтотуу Пакистанда суу коопсуздугу боюнча олуттуу тынчсыздануулярды жана анын кеңири экономикалык кесепеттерин жаратууда. Ошентип, индиялык коркунуч Пакистандын эгемендүүлүгүн, коопсуздук жана экономикалык туруктуулугун олуттуу түрдө начарлатууда.

**Яхудий түзүмүнүн коркунучу: Америка колдогон агрессивдүү кеңейүү**

Экинчи коопсуздук коркунучу – Жакынкы Чыгыштагы яхудий түзүмүнүн күчөгөн коркунучу. Бул өзгөчө, алардын Ирандын ядролук жана аскердик объектилерине жакында жасаган соккуларынан кийин олуттуу түрдө күчөдү. Пакистан бул соккуларды «актоого болбой турган жана мыйзамсыз», «аймактык жана дүйнөлүк коопсуздукка олуттуу коркунуч» деп баалап, мындай аракеттер бүтүндөй аймакты туруксуздаштырарын эскерткен. Бул жаңжал мунай баасынын кескин

өсүшүнө алып келип, энергия импортуна катуу көз каранды Пакистан экономикасына кошумча басым жаратты.

Американын аскердик калкалоосу астында ар дайым корголгон яхудий түзүмүнүн аймактык кеңейиши Палестина аймагынан чыгып, Сириянын чоң бөлүктөрүн жана Ливандын түштүгүн камтыды. Бул болсо аймактагы туруксуздукту күчөттү. Ирак алсырап, Ирандын стратегиялык жактан артка кетиши менен яхудий түзүмү аймакта АКШнын «реалдуу полициясына» айланып, бул абал Индия менен өнүгүп жаткан коргонуу алакалары аркылуу дагы да бекемделүүдө.

Бул кеңейүү «Улуу Израил» долбоорун ишке ашыруу аракетинин бир бөлүгү катары каралууда. Анын максаты – кошуна аймактардын дагы көбүн көзөмөлгө алуу. Газадагы геноцид жана Батыш Иордандагы ырайымсыз кеңейүү менен коштолгон бул саясат Ислам дүйнөсүндө нааразылыкты күчөтүп, аймактын, айрыкча Пакистандын эгемендүүлүгү жана коопсуздугу боюнча олуттуу тынчсызданууларды жаратты.

**Америка коркунучу: эң чоң кооптуу фактор**

Эң чоң коркунуч Америка Кошмо Штаттарынан келип чыгат. АКШ өзүнүн стратегиялык альянсын Пакистандан Индияга бурду, Кытайдын күчөшүнө каршы Түштүк Азиядагы негизги өнөктөшү катары Индияны көрүүдө. Бул саясат Трамп администрациясында күчөгөн исламофобия жана Вашингтон, Тель-Авив, Нью-Дели ортосундагы Ислам дүйнөсүн басуу жана үстөмдүк кылуу зарылдыгы боюнча пикирий келишүү менен коштолду.

АКШ бир нече ирет ишенимдүү союздаш эмес экенин далилдеди: 1971-жылы Пакистандын чыгыш бөлүгүнүн (Бангладештин) бөлүнүп чыгышына алып келген кризис учурунда кийлигишүүдөн баш тарткан; афган жихады бүткөндөн кийин Пакистандан баш тарткан; 11-сентябрдан кийин ага кол салган; Афганистандагы таасиринен баш тартууга мажбурлаган.

Буга карама-каршы түрдө АКШ Индияга чоң ядролук жеңилдиктерди берди, Индия–АКШ жарандык атом келишими аркылуу жана Ядролук жеткирүүчүлөр тобунун чектөөлөрүнөн бошотуп, Индиянын ядролук мүмкүнчүлүктөрүн күчөттү. Пакистанга карата мындай мамиледен баш тартып, аймактагы күч тең салмактуулугун бузду.

**Пакистан стратегиялык пикиринин шал болушу**

Бул коркунучтарга карабастан, Пакистан жетекчилиги АКШнын калкалоосунда иштөөгө жана эл аралык мыйзамды бекем кармануута умтулууда. Бул нерсе АКШ, яхудий түзүмү жана Индия өз кызыкчылыктарын ишке ашыруу үчүн ошол мыйзамдарды бузуп

жатканда да уланып жатат. Бул катуу кармануу Пакистанды алсыратат жана Ирак, Ливия, Иран башынан өткөргөндөй өзүн-өзү кыйратуусуна алып келет.

Ошондуктан Пакистан стратегиялык коомчулугу түп-тамырынан кайра ойлонуп, АКШнын үстөмдүгүнөн жана эл аралык мыйзамдын чектөөлөрүнөн бошонууга тийиш. Болбосо, натыйжа – АКШ Индия жана яхудий түзүмү менен биргеликте түздөн-түз аскердик чабуул жасоону чечкен учуруна чейин мамлекеттин кыйрашын кечеңдетүү болуп калат.

**Эл аралык чөйрө өзгөрдү… мүмкүнчүлүк бар**

Пакистан акыркы жыйырма жыл ичинде эл аралык чөйрө түп-тамырынан өзгөргөнүн моюнга алышы керек. Бүгүн мамлекеттер Батыштын олуттуу жооп кайтаруусунан коркпостон күч менен аймактарды тартып алып жатышат: Россия Грузиянын бир бөлүгүн, Крым жарым аралын жана Украинанын айрым аймактарын тартып алды; яхудий түзүмү Сирия жана Ливан аймактарын ээлеп алды; Азербайжан армян аймактарын тартып алды; Түркия Сириянын түндүгүн ээледи; Кытай Ладак аймагын басып алды; Сауд Арабия Йемендин айрым бөлүктөрүн ээледи. А түгүл АКШ Канада, Гренландия жана Панама каналын күч менен кошуп алуу маселесин көтөрүүдө.

Мындан тышкары, Батыштын Газадагы яхудий түзүмүнүн кыргынына толук колдоосу эл аралык мыйзамдын таасирин жокко чыгарып, Батыштын моралдык легитимдүүлүгүн жоготту. АКШнын Ирак жана Афганистандагы жеңилүүлөрү, Украина маселесинде Россияга чечим таңуулай албашы жана хуситтерди токтото албоосу анын дүйнөлүк тартипти түзүүдөгү күчү чектелүү экенин көрсөтүүдө.

АКШ барган сайын өз кызыкчылыктарын коргоо үчүн ири Ислам мамлекеттерине (Египет, Түркия, Пакистан, Индонезия ж.б.) таянууга аргасыз болууда. Бул болсо АКШ эми өзүн алмашкыс күч катары эмес, тескерисинче, өзүн сактоо үчүн бул мамлекеттерди курал катары көрө баштаганын көрсөтөт.

**Амалий сунуштар**

**Биринчиден:** Кашмирди кошуп алуу.

Өзгөрүлүп жаткан эл аралык кырдаалда Пакистан мурункудай чектелүү эмес. Ал Кашмирди кошуп алуу, дарыя булактарын коопсуздандыруу жана ал жактагы мусулмандарды азат кылуу мүмкүнчүлүгүнө ээ.

**Экинчиден:** ядролук бөгөт коюуну регионалдык курал катары ишке киргизүү.

Пакистан өзүнүн ядролук куралын колдонуу маселесин кайра карап чыгууга тийиш. Аны жөн гана коргонуу каражаты катары эмес, жаңы жамандык огуна — АКШга, яхудий түзүмүнө жана Индияга — каршы аймактык тең салмакты кайра түзгөн курал катары көрүү зарыл. Бул «пакистандык ядролук калканды» Ислам өлкөлөрүнө кеңейтүүнү да камтыйт:

- Булуң өлкөлөрү (GCC): Пакистандын карыздарын кечүү жана 20 жылга акысыз энергия берүү шарты менен.
- Иран жана Азербайжан: Пакистан үчүн пайдалуу курал-жарак келишимдери жана акысыз энергия берүү шарты менен.
- Түркия: өз ара коргонуу тууралуу келишим, курал технологиясын алмашуу жана НАТОдон чыгуу шарты менен.
- Египет, Магриб өлкөлөрү, Бангладеш, Малайзия жана Индонезия: стратегиялык жана аскерий кызматташууну күчөтүү. Мисалы, Индия чабуул жасаган учурда Бангладеш «Тооктун моюнчасы» деп аталган Силигури коридорун (Chicken’s Neck) жабуусу же зарыл учурда Малайзия менен Индонезия Малакка кысыгын көзөмөлгө алуусу шарт.

Бул келишимдердин баарын бир Ислам коргонуу альянсына бириктирсе болот. Бул альянстагы мүчөлөрдүн бирине кол салынса, баары биргелешип жооп берүүгө милдеттүү болот, керек болсо ядролук курал колдонуу менен. Ошондуктан Пакистандагы стратегиялык коомчулук эл аралык түзүмдүн ыдыраганын пайдаланып, өзүнүн ядролук арсеналын жаңы коопсуздук системаларын куруу үчүн колдонуу аркылуу жамандык огун токтотуп, Пакистандын аймактык бүтүндүгүн жана эгемендүүлүгүн сактап калуу боюнча олуттуу жана кайраттуу ой жүгүртүшү керек.

Бирок бул сыяктуу олуттуу ой жүгүртүү, Үммөт үчүн жоопкерчиликти өз мойнуна алуу жана жогорудагы чараларды ишке ашыруу Пакистандагы стратегиялык коомчулуктан күтүүгө болбойт. Себеби ал коомчулук ой жүгүртүү жана эркин көз карашка ээ эмес, Американын жана кафир колонизатордун таасирине жана көрсөтмөсүнө багынып калган.

Ал эми жакында, Аллахтын уруксаты менен Пакистанда түзүлө турган рашид Халифалык учурдагы эл аралык кырдаалды, Үммөттүн чоң мүмкүнчүлүктөрүн туура пайдаланып, Халифалык мамлекетин аймакка үстөмдүк кылган күчкө айлантат, андан соң бардык мусулмандардын жерлерине жана андан ары да кеңейтет. ❑

# САЯСИЙ ТҮШҮНҮКТҮН НЕГИЗДЕРИ ЖАНА САЯСИЙ БАГЫТТЫ АНЫКТОО (3)
## (саясий түшүнүктө картанын ролу)

**Лукман Харзулла – Палестина**

Саясий лидер картаны билбесе, саясатты да билбейт деген сөз туура, анткени карта жана аны билүү саясий түшүнүктүн негизги бөлүгү.

Картага байланыштуу маалымат изилденип жаткан окуяга тиешелүү мамлекеттин жайгашкан жерин билүү менен гана чектелбестен, мамлекеттин картадагы ордун, анын географиялык өзгөчөлүктөрүн, чек араларынын мүнөзүн, океандарга чыгышын, маанилүү географиялык шарттарга байланышын, калкынын саны жана жыштыгы сыяктуу демографиялык абалын, калктын мүнөзүн жана сапаттарын, энергия жана технологияга ээ болуусун түшүнүүнү да камтыйт.

Ошондой эле мамлекеттин саясий жана стратегиялык географиялык артыкчылыктары бири-бири менен кесилишерин белгилөө керек. Саясий артыкчылыктар мамлекетке эл аралык деңгээлде маанилүү орунду ээлөөгө жардам берет жана аналитикке ошол мамлекетке байланышкан саясий маселелерди жана окуяларды түшүнүүгө мүмкүнчүлүк берет. Ал эми мамлекеттин картадагы стратегиялык артыкчылыктарын түшүнүү аскердик анализде пайдалуу болуп, анын аскердик позициясын күчөтөт. Бул жерде, мамлекеттин саясий күчү анын аскердик күчү менен тыгыз байланыштуу.

Мамлекеттин ордун түшүнүү бир нече нерсени талап кылат: мамлекеттин географиялык түрү: кургактыктагы мамлекет, деңиз мамлекети же экөөнү тең камтыган мамлекетпи деген маселелер. Кургактыктагы мамлекет — бул географиялык жайгашуусу кургактыктын ичинде болуп, чек аралары толугу менен кургактык менен курчалган, деңизге чыга албаган мамлекет. Деңиз мамлекети — бул океан же деңиз жээгинде жайгашкан, чек аралары суулар менен курчалган мамлекет. Ал эми экөөнү тең камтыган мамлекет — чоң кургактык бөлүгүнө ээ болуп, ошол эле учурда океан же деңизде ачык чек арасы бар мамлекет.

Мамлекеттин картадагы жайгашуусу анын дүйнөлүк салмагына таасир кылган чечүүчү фактор бойдон калууда. Бул анын тышкы байланыш түзүү мүмкүнчүлүгү же эл аралык байланыш жолдорунун түйүндөрүндө жайгашуусу аркылуу ишке ашат. Деңиз мамлекеттеринин баары бирдей эмес, анткени маанилүү географиялык өзгөчөлүктөргө туташкан мамлекеттер дүйнөлүк аренада жогорку

салмакка ээ боло алышат. Маанилүү географиялык өзгөчөлүктөргө аралдар, кысыктар, булуңдар жана эл аралык транспорт жолдоруна түз чыккан жайлар кирет.

Аралдардын бир нече жактан чоң мааниси бар. Эгерде мамлекеттин чек арасы маанилүү аймактагы аралдар архипелагын камтыса жана анын айланасындагы деңизге көзөмөл жүргүзсө, ал дүйнөлүк деңгээлде салмактуу орунга ээ болот. Мына ушул себептен Жапония Тынч океанын көзөмөлгө алууга умтулган, ал тургай Перл-Харбор портун бомбалоосу да Тынч океаны аймагын көзөмөлдөө максаты менен шартталган. Эгер ал максатына жетсе, биринчи орундагы дүйнөлүк державага айланышы оңой болмок.

Эгер аралдар соода жолдорунда жайгашпаса да, алардын орду башка мамлекеттерге таасир этүүдө маанилүү болсо, аларды көзөмөлгө алуу жана аскердик база катары колдонуу мүмкүн. Мисалы, Австралиянын түндүк-чыгышындагы Соломон аралдары же Йемендин түштүгүндөгү жана Африка мүйүзүнө каршы жайгашкан Сокотра аралдары. Аралдарга жарым аралдар да кошулат, мисалы, Крым жарым аралы.

Эл аралык деңиз транспорту океандардан өткөн маршруттарды колдонот, ал эми кандайдыр бир жагдайдан улам багытты өзгөртүү талап кылынса, анчалык кыйынчылык жаратпайт. Бирок транспорт линиялары кысыктар аркылуу өткөн учурда, бул кысыктар көп учурда багытты алмаштырууга кыйын болгон зарурий жолдор болуп калат. Мисалы, Британия дүйнөнүн биринчи державасы болуп турган кезде Гибралтар кысыгын жана Баб-эль-Мандеб кысыгын көзөмөлгө алганы дүйнөгө таасир этүүчү куралы болгон. Тайвань кысыгы аркылуу жылына 500 000 соода кемеси өтөт. (Жакынкы Чыгыш, 21.08.23). Бул жагдай АКШга Тайвандагы режимди өз тарабына тартуу аркылуу Кытайга таасир кылуу жана аны менен түздөн-түз кагылышуу мүмкүнчүлүгүн берген. Ал эми Босфор кысыгы Стамбул аймагын эл аралык деңгээлде таасирдүү кылып, союздаштарды Лозанна келишиминде ага өзгөчө макам берүүгө мажбур кылган. Ал келишим боюнча Босфор, Дарданелл, Мрамор деңизи, түрк аралдары жана айрым грек аралдары куралсыздандырылган.

Ал эми мойнок – эки тарабынан суу менен чектелген жана кургактыктын эки бөлүгүн бириктирген ичке тилке. Эл аралык транспорт жолдорундагы мойнок кемелер үчүн эки жагында токтоо жана жолго чыгуу бекети болуп берет же ошол жерде жайгашкан мамлекетти эки сууну туташтырган канал казууга түртөт. Мисалы, Суэц каналы, Панама каналы, Киль каналы. Панама каналы ачылганга

чейин Теуантепек мойногу Мексика булуңу менен Тынч океаны ортосундагы эң кыска жол болгон.

Ачык-айкын көрүнүп тургандай, эгер кургактыкта жайгашкан мамлекеттер океанга чыгуу мүмкүнчүлүгүнө ээ болбосо, алар кургактык менен деңиздин ортосунда жайгашкан ортомчу мамлекеттерге көз каранды болот. Дүйнөлүк деңгээлде чоң салмакка ээ болбогон мамлекеттер да бул маселеге олуттуу карашат. Мисалы, 2023-жылы Эфиопия деңизге чыгуу үчүн Сомали мамлекети менен Кызыл деңизге чыгуу келишимин түзгөн.

Мамлекетке байланыштуу географиялык мүнөздө бир нече негизги жагдайлар бар. Аларга мамлекеттин аянты, чек арасынын мүнөзү, ички рельефи жана табигый түзүлүшү кирет.

Чек арасынын мүнөзүнө келсек, мамлекет чек арасын өзү тандашы же ага мажбур болушу боюнча белгилүү бир мыйзам жок. Көп учурларда мамлекет өзүн тоо кыркасы, дарыялардын агымы же деңиз жээктери сыяктуу табигый чек аралар менен чектейт. Ошондой эле чек аралар коңшу мамлекеттер менен түзүлгөн келишимдердин негизинде, же согуштардагы жеңиш же жеңилүүлөрдүн натыйжасында белгилениши мүмкүн. Бирок жаңы дүйнөлүк түзүлүш пайда болгондон бери улуттук чек аралар ыйыктык мүнөзүнө ээ болуп, кеңейүү маселеси дүйнөлүк деңгээлде жек көрүлгөн, же болбосо аны кошуу же бөлүнүү үчүн элдик эркти чагылдырган жүйө менен гана негиздөөгө мүмкүн болгон көрүнүшкө айланды.

Чек арага байланыштуу географиянын дагы бир жагы — чек арадагы калктын мүнөзү. Айрым чек аралар эки мамлекетти бөлүп, эки башка элди ажыратса, кээ бир чек аралар бир эле элди экиге бөлөт, анын ар бир бөлүгү эки башка мамлекетке таандык болот. Бул болсо чек аранын туруктуулугуна жана ачык-айкындыгына түздөн-түз таасир кылат, анткени элдердин байланышы же бөлүнүп турушу чек аранын өткөрүмдүүлүгүн аныктайт.

Чек ара географиясына дагы чек аралаш мамлекеттерди жана алардын эл аралык абалын билүү кирет. Бул болсо атаандаштыкка, тирешүүгө, согушка, көз карандысыздыкка же “жашоо мейкиндигин” камсыздоого шарт түзөт.

Табигый түзүлүш мамлекеттин айлана-чөйрөсүнүн мүнөзүнө жана аймагындагы ресурстарга байланыштуу. Эгер мамлекет ашыкча суу ресурстарына ээ болсо, бул анын суу коопсуздугу үчүн өтө маанилүү, ал эми жер астындагы суу корлорунун түгөнүшү мамлекет үчүн коркунучтуу белги болуп саналат. Мунай жана минералдык байлык мамлекеттер үчүн энергия жана өнөр жайда өзүн-өзү камсыз кылууда чоң роль ойнойт, ошондой эле бул ресурстар аркылуу башка

мамлекеттерге таасир кылуу мүмкүнчүлүгүн жогорулатат. Деңиздеги минералдык же балык ресурстары да мамлекеттин байлыгы жана азык-түлүк коопсуздугу үчүн маанилүү фактор болуп эсептелет. Жердин табияты, айрыкча айдоо аянттарынын көлөмү менен чөл аянттарынын көлөмү, мамлекеттин реалдуу экономикалык күчүнө, башкача айтканда, өндүрүштүк жөндөмдүүлүгүнө таасир кылат жана бул калктын мүнөзүнө да өз таасирин тийгизет.

Ал эми мамлекеттин аянты тууралуу айта турган болсок, аянттын чоңдугунун бир нече маанилүү жагы бар: алардын бири — аянттын кеңдигинин калк менен байланышы, экинчиси — аянттын байлыктар менен байланышы, үчүнчүсү — мамлекеттин стратегиялык терeңдиги. Бул акыркысы айрыкча мамлекет баскынчылыкка дуушар болгондо абдан маанилүү. Анткени чоң аянт баскынчылардын көзөмөлүн жайлатат, ал тургай оорлотушу мүмкүн, эгерде алардын чабуулу аймактык кеңири мейкиндикти ээлөө мүнөзүндө болуп, башкаруу борборлорун гана басып алуу мүнөзүндө болбосо.

Ички рельеф. Эгерде ал өтө татаал болсо, мамлекетке табигый ички коргонуу сызыктарын бере алат; тескерисинче, эгер рельефи түз болсо, коргонуу кыйын болот. Ошондой эле рельефтин түрдүүлүгү мамлекеттеги өндүрүштүн түрдүүлүгүнө өбөлгө түзөт. Мисалы, Орусиядагы Урал тоолору табигый тоскоолдук болуп, анын чыгыш тараптагы кең мейкиндиги анын батыш бөлүгүн (анын ичинде борбору Москва жайгашкан аймакты) басып алган учурда да Орусиянын толук кулап калуусун алдын алган. Ал эми Чыгыш Европадагы Европа түздүгү болсо, ал жактагы мамлекеттерди согуштардын өтүүчү жолуна жана цивилизациялар кагылышкан майданга айланткан.

Мамлекеттердин кургактык өтмөктөрүндө жана транспорт жолдорунда жайгашуусу чоң таасирге ээ. Мисалы, Түркиянын жайгашкан жери аны Азия менен Европаны байланыштырган кургактык көпүрөсү кылат, ошондуктан Азия менен Европанын ортосундагы кургактык соода жолдору ушул жерден өтөт. Ошондой эле Байыркы Жибек Жолу жана «Бир алкак — бир жол» демилгеси боюнча жайгашкан мамлекеттер — Кытай, Казакстан, Россия, Беларус, Польша, Германия — ушул жолдордо ири долбоорлорду ишке ашырууга түрткү берип, темир жолдорду, кургактык портторду жана мунай-газ өткөрүүчү түтүктөрдү куруу иштерин жүргүзүүдө.

Калк фактору да мамлекеттин күчүндө өтө маанилүү рол ойнойт. Аны изилдөө бир нече багытты камтыйт:

- Калктын жалпы саны жана өсүү ылдамдыгы;
- Калк менен аянттын байланышы, башкача айтканда калктын жыштыгы;

- Калктын жаш курамынын көрсөткүчү;
- Элдин мүнөзү жана сапаттары.

Эл аралык деңгээлде маанилүү орунду ээлөөнү көздөгөн мамлекеттер калктын санын көбөйтүүгө умтулат. Бул жарандарды көбүрөөк бала төрөөгө үндөө жана үй-бүлөдөгү ар бир жаңы бала үчүн сыйлык берүү аркылуу же калктын жетишсиздигин мигранттар менен толуктоо аркылуу ишке ашат. Бул үчүн мигранттарга көчүп келүүгө түрткү берген жеңилдиктер берилет. Натыйжада калктын саны көбөйөт, экономика жанданат, жок болуп кетүү коркунучу азаят жана ири долбоорлорду ишке ашырууга, анын ичинде адамдык ресурстарды талап кылган согуштарга даярдык үчүн калктын мүмкүнчүлүгү артат.

Калк жыштыгы мамлекеттин инсаний жана экономикалык күчүнүн көрсөткүчү болуп саналат. Дүйнөдөгү эң ири шаарлар – экономикалык мүмкүнчүлүктөрү чоң, ресурстары мол, каржылык кыймылы жандуу же саясий борбор болгон шаарлар. Ал эми калктын жаш курамы коомдун карып бара жатканын же жаш экенин көрсөтөт: жаш коомдордун өндүрүштүк жана согуштук жөндөмү жогору болот, ал эми карыган коомдордо бул жөндөм төмөн болот.

Энергия менен технология мамлекеттердин күчүндө, айрыкча эл аралык аренада олуттуу орунду ээлеген же ошондой болууну көздөгөн мамлекеттер үчүн негизги ролду ойнойт. Бул экөө бири-бирине тыгыз байланышкан. Энергияны мамлекеттин ресурстарынын бир бөлүгү катары кароого да болот, өзүнчө категория катары бөлүп кароого да болот. Ага чийки күйүүчү-майлоочу заттар (казылма отун), ядролук энергия үчүн зарыл материалдар сыяктуу нерселер кирет. Ошондой эле мамлекеттеги энергетикалык ресурстарды өздөштүрүү деңгээли да маанилүү: мунай бургулап-казуу ишканалары, мунайды кайра иштетүүчү заводдор, атом электр станциялары, ядролук отунду байытуу деңгээли. Мунун баарын мамлекет өзү иштетеби же башка мамлекеттерге (же компанияларга) концессия катары укук бергенби, бул да маанилүү маселе.

Технологияга келсек, айрым технологиялар мамлекеттин салмагына олуттуу таасир кылбайт, айрымдары болсо анын күчүнүн негизги факторуна айланат: кара металлургия жана оор өнөр жай, электроника жана микросхема (чип) өндүрүшү, аскердик тармак менен чалгын ишинде колдонулган жасалма интеллект, авиация жана спутник технологиялары ж.б.

Мисал катары, Тайвандагы чип өндүрүшүнүн «монополияга жакын» үлүшү анын дүйнөгө таасирин күчөттү: АКШ Тайвань өкмөтү Вашингтондун таасир аймагында болгондуктан жана Тайвань чиптеринин программалык экосистемасы негизинен америкалык

болгондуктан бул рычагды глобалдык деңгээлде пайдаланууда. Мындан тышкары, АКШ бул тармакты өз колунда кармоо үчүн өлкө ичинде иштеген компанияларды субсидиялап жатат. Intel-дин Аризона, Огайо, Нью-Мексико, Орегон штаттарындагы чип долбоорлору жана тайвандык TSMCнин Финикске жакын курулуп жаткан эки заводунун колдоого алынганы буга мисал. Ошондой эле чиптердин программалык камсыздоосунда АКШнын артыкчылыгы бар, бул анын дүйнөгө таасирин дагы да күчөтүүдө.

Дагы бир жагынан алып караганда, Орусиянын ракета өнөр жайын өнүктүрүүсү ага согуштарда жаңы абал түзүүгө мүмкүндүк берди. Мисалы, «Кинжал» жана «Орешник» гиперүндүү ракеталары Орусияга өзгөчө күч берди. Ал эми чалгын өнөр жайында АКШ бул тармакты абдан өнүктүрдү, Союз доорунда эле радарга түшпөй бийиктикте уча алган, өтө так сүрөт тарта турган камералары бар учактарды чыгарган. Кийин бул тармак спутникалык чалгын өндүрүшүнө чейин өнүгүп, өтө жогорку тактыктагы сүрөттөрдү тарта алган аппараттар пайда болду. Мындан тышкары, сүрөт талдоо, жүз таануу жана тармактык коопсуздук боюнча заманбап технологиялар иштелип чыгып, АКШ армиясынын айрым согуштары бүтүндөй кибер-хакерлерден турган бөлүктөр аркылуу жүргүзүлгөн учурлар болду.

Бул сыяктуу факторлор азыркы карталарда түз көрсөтүлбөсө да, мамлекетти изилдегенде аларды чийки зат жана мунай сыяктуу ресурстар менен катар эске алуу зарыл.

Бул болсо картаны караганда изилдөөгө тийиш болгон маселелердин кыскача жыйнагы. Алардын айрымдары мамлекеттин күчүн көрсөтүүдө башкаларына караганда чоңураак таасир кылат. Ошол эле учурда, бир мамлекеттин башка мамлекетке караганда күчтүү болушун автоматтык түрдө аныктаган бир да мыйзам жок. Маселе мамлекеттин жалпы геосаясий абалында жана анын колундагы бардык өзгөчөлүктөрдүн жыйындысында. ❑

## ИСЛАМ КАРЖЫ ТҮШҮНҮГҮ МЕНЕН КАПИТАЛИСТТИК ЖАНА СОЦИАЛИСТТИК ТҮЗҮМДӨРДӨГҮ КАРЖЫ ТҮШҮНҮКТӨРДҮН АЙЫРМАСЫ (2)

Мурунку эки бөлүмдө биз социалисттик жана капиталисттик түзүмдөгү каржы түшүнүктөрүн карап чыгып, алардын таянган негиздерин баяндадык. Бул бөлүмдө болсо Ислам каржы түшүнүгү жана анын негиздери жөнүндө сөз кылабыз.

**Үчүнчү бөлүм**

Ислам – адам баласынын материалдык гана эмес, жашоосунун бардык жактарын, толук камтыган чечимдерди койгон жалгыз дин. Ал рухий, ахлакый, социалдык, саясий жана экономикалык тараптарды өз ара байланышкан жана толук системада тартипке салат. Бул болсо ыйманды жана жүрүм-турумду Ислам жолуна ылайык жүргүзгөн коомго бакыт жана тынчтык алып келип, зарыл болгон экономикалык жана социалдык өнүгүүгө жетишүү үчүн шарт түзөт.

Экономикалык тармакта Ислам эрежелерди коюп, укуктарды бекемдеди жана аларды чектөөлөр жана чек аралар менен байланыштырды. Ал ар бир адамга адам катары сөзсүз канааттандырылышы керек болгон муктаждыктарын: тамак-ашты, кийим жана турак жайды камсыздап берди. Ошондой эле, адамды жакшылыктардан пайдаланып, дүйнө коозduктарынан каалаган өлчөмдө алууга үндөдү. Демек, Ислам ар бир адамга жашоо укугун кепилдейт жана турмушта жыргалчылыкка жетүү мүмкүнчүлүгүн берет. Бирок ошол эле учурда Ислам бул муктаждыктарды канааттандыруу үчүн акча табуунун белгилүү бир жолдорун гана белгиледи. Мисалы, ар бир мусулман үчүн мас кылуучу ичимдикти өндүрүү жана керектөө харам кылынды. Ошондой эле, риба жеп же аны менен иш жүргүзүүгө да Ислам мамлекетинин аймагында жашаган ар бир жаранга тыюу салынды.

Исламдагы экономикалык система бардык экономикалык ишмердүүлүктү Аллахтын буйруктары жана тыюулары менен башкарат. Бардык экономикалык иштер дин катары шариат өкүмдөрүнө ылайык жүргүзүлөт. Мусулмандар аларды Аллахтан коркуу сезими менен карманышат жана аткарышат.

**Исламдагы экономикалык түзүмдүн негиздери:**

**1 – Исламдагы мүлк маселеси:**

Исламда мүлк Аллах Таалага таандык. Бул – Аллах Таала падышалыктын ээси экендиги. Мисалы, Аллах Таала айтат:

﴿وَلِلَّهِ مُلْكُ ٱلسَّمَٰوَٰتِ وَٱلْأَرْضِ وَمَا بَيْنَهُمَاۚ يَخْلُقُ مَا يَشَآءُۚ وَٱللَّهُ عَلَىٰ كُلِّ شَيْءٖ قَدِيرٞ﴾

***“Асмандар, жер жана алардын арасындагы бардык нерселер Аллахтын мүлкү. Ал Өзү каалаган нерсесин Өзү каалаган сыпатта жаратат. Аллах бардык нерсеге кудуреттүү”.*** (Маида: 19).

Ошондой эле Аллах Таала мал-мүлктүн ээси экенин ачык айтып өткөн. Мисалы, мындай дейт:

﴿وَءَاتُوهُم مِّن مَّالِ ٱللَّهِ ٱلَّذِيٓ ءَاتَىٰكُمۡۚ﴾

***“Аларга Аллахтын силерге берген мал-мүлкүнөн бергиле!”.*** (Нур: 33).

Демек, мал-мүлк жалгыз Аллахка таандык. Бирок Аллах Таала адамдарды мал-мүлккө халифа-орун басар кылып, аларга аны берип, анык ээлик кылууга укук берди. Аллах Таала айтат:

﴿ءَامِنُواْ بِٱللَّهِ وَرَسُولِهِۦ وَأَنفِقُواْ مِمَّا جَعَلَكُم مُّسۡتَخۡلَفِينَ فِيهِۖ فَٱلَّذِينَ ءَامَنُواْ مِنكُمۡ وَأَنفَقُواْ لَهُمۡ أَجۡرٞ كَبِيرٞ﴾

***“****(Эй инсандар)****, Аллахка жана Анын пайгамбарына ыйман келтиргиле дагы Ал Зат силерди халифа кылып койгон нерселерден*** *(тактап айтканда, убактылуу колуңарда турган эрте бир күн силер кааласаңар да, каалабасаңар да башкалардын колдоруна өтүп кете турган, Аллах берген мал-дөөлөттөн)* ***кайрымдуулук-ихсан кылгыла! Анткени, силерден ыйман келтиргендер жана ихсан кылгандар үчүн чоң ажр-сыйлыктар бар”.*** (Хадид: 7).

Бул аят адамдардын жалпы түрдө мал-мүлккө ээ болушу — жалпы орун басарлык экенин билдирет жана мүлккө укук бар экенин тастыктайт. Бирок аларда толук, чектөөсүз ээлик кылуу укугу жок, алар мал-мүлккө мустахлаф (орун басар) гана болушат. Ал эми белгилүү бир адамга тиешелүү орун басарлык – Аллах Тааланын уруксаты менен болот. Бул уруксат Ислам шариатында белгиленген мүлккө ээ болуу себептери аркылуу ишке ашат. Мисалы, “өлүк” жерди тирилтүү аркылуу ээ болуп, аны иштетүү. Абу Дауд Самурадан риваят кылган хадисте Пайгамбарыбыз ﷺ айткан:

«مَنْ أَحَاطَ حَائِطًا عَلَى أَرْضٍ فَهِيَ لَهُ»

**«Ким жерди дубал менен курчап алса, ал жер ага таандык»**. (Абу Дауд).

Демек, Ислам түзүмүндөгү мүлк абсолюттук эмес, ал орун басарлык болуп саналат жана шариаттын чектөөлөрүнө жана көрсөтмөлөрүнө байланышкан.

**Ислам шариатындагы мүлктүн түрлөрү:**

**Биринчиси: умумий мүлк** – бүтүндөй Үммөттүн мүлкү болуп, аны аз гана адамдар монополия кылып же өз кызыкчылыгына колдонбойт, антпесе коом зыянга учурайт. Пайгамбарыбыз ﷺ айткан:

«المسلمون شركاءٌ في ثلاث: الكلأُ والماءُ والنارُ»

**«Мусулмандар үч нерседе шерик: жайытта, сууда жана отто»**. (Абу Дауд, Ахмад).

**Экинчиси: мамлекеттик мүлк** – мисалы, мусулман өлүп, мураскору болбосо, анын мал-мүлкү Байтулмалга өтөт. Ошондой эле жыйналган хараж жана жизья да Байтулмалга таандык. Мамлекет бул мүлктү шариат өкүмдөрүнө ылайык каалаган жерге сарптай алат.

**Үчүнчү түрү: жеке мүлк**

Исламда ар бир адамга шариат белгилеген мүлккө ээ болуу себептеринин негизинде мүлккө ээ болуу укугу берилет. Ислам шарияты мүлккө мыйзамсыз жолдор менен ээ болууга, мисалы, алдамчылык же монополия кылууга тыюу салган. Аллах Таала айтат:

﴿يَٰٓأَيُّهَا ٱلَّذِينَ ءَامَنُواْ لَا تَأۡكُلُوٓاْ أَمۡوَٰلَكُم بَيۡنَكُم بِٱلۡبَٰطِلِ إِلَّآ أَن تَكُونَ تِجَٰرَةً عَن تَرَاضٖ مِّنكُمۡۚ وَلَا تَقۡتُلُوٓاْ أَنفُسَكُمۡۚ إِنَّ ٱللَّهَ كَانَ بِكُمۡ رَحِيمٗا﴾

***“Эй момундар, малыңарды ортоңордо бузукулук*** *(тактап айтканда уурулук, каракчылык, сүткордук, паракордук, кумар сыяктуу)* ***жолдор менен жебегиле. Бирок, өз ара ыраазычылык менен болгон соода-сатык аркылуу мал-дүнүйө жыйнагыла. Жана да бир-бириңерди өлтүрбөгүлө. Албетте Аллах силерге Мээримдүү Зат”.*** (Ниса: 29).

Ошондой эле шариат жеке мүлктү коргоону мамлекетке милдет кылган. Мамлекет аны урматтоону жана ага кол салбоону камсыз кылууга тийиш. Бул укукту бузган ар кандай мыйзамсыз аракеттерге, мисалы, алдамчылык же уурулукка тоскоол болчу жаза чараларын киргизген.

**2 – Мүлктү пайдалануу**

Адам мал-мүлктүн чыныгы ээси эмес, анткени чыныгы ээси — Аллах Таала. Демек, чыныгы Ээси адамдарга мүлктү пайдалануу жана ага ээ болуу жолдорун, ошондой эле аны сарптоо тартиптерин жана багыттарын белгилөө укугуна ээ. Бул жолдор Аллах Таала адамдарды мүлккө орун басар кылуудагы максатка ылайык болушу керек.

Аллах Таала айтат:

﴿وَءَاتُواْ ٱلۡيَتَٰمَىٰٓ أَمۡوَٰلَهُمۡۖ وَلَا تَتَبَدَّلُواْ ٱلۡخَبِيثَ بِٱلطَّيِّبِۖ وَلَا تَأۡكُلُوٓاْ أَمۡوَٰلَهُمۡ إِلَىٰٓ أَمۡوَٰلِكُمۡۚ إِنَّهُۥ كَانَ حُوبٗا كَبِيرٗا﴾

***“****(Бойго жеткендеринен кийин кол алдыңардагы)* ***жетимдерге малдарын бергиле жана силер үчүн таза эмес болгон*** *(жетимдердин малдарын өзүңөрдүн акыңар болгон)* ***таза нерсеге алмаштырып албагыла! Дагы, алардын малдарын өзүңөрдүн малыңарга кошуп жебегиле! Анткени, бул чоң күнөө болгон иш”.*** (Ниса: 2).

Дагы бир жерде мындай делет:

﴿وَفِيٓ أَمۡوَٰلِهِمۡ حَقّٞ لِّلسَّآئِلِ وَٱلۡمَحۡرُومِ﴾

***“Алардын мал-мүлктөрүндө сурануучу жана*** *(мал-дөөлөттөн)* ***ажыраган-муктаж кишилер үчүн*** *(ажыратылган)* ***акы-үлүш болоор эле”.*** (Зарият: 19).

Демек, адамдын мал-мүлккө ээ болушу — аны пайдаланып, өнүктүрүү милдетин аткаруучу кызмат сыяктуу. Адам мүлккө өз муктаждыктарын канааттандыруу үчүн ээ болот, бирок аны пайдалануу шариаттын чектөөлөрүнө ылайык гана жүргүзүлөт.

Бул чектөөлөргө төмөнкүлөр кирет: мүлктөн орун басарлык күчүн пайдаланып, башка адамдарды эзүүгө тыюу салынат; мүлктү сарптоодо коомдун жана жеке адамдардын кызыкчылыгын эске алуу зарыл; мүлктү жыйнап, колдонбой коюуга тыюу салынат, анткени аны инвестициялоо коомго пайда алып келет; монополияга жана рибага тыюу салынат.

Бул шаръий чектөөлөрдү сактоо менен, адам өз мүлкүн сатуу, күрөөгө коюу, хадия кылуу жана башка шариат уруксат берген бардык жолдор менен пайдаланууга укуктуу.

**3 – Байлыктарды бөлүштүрүү жана Исламдагы экономикалык тең салмактуулук**

Ислам мамлекетке байлыкты жана кирешени шариаттын эрежелерине ылайык бөлүштүрүүнү милдеттендирет. Бул коомдо экономикалык тең салмактуулук орноп, эл экономикалык кризистерден улам кыйналбай, жашоосу канааттандырарлык болушу үчүн зарыл. Байлыктар калктын ар бир мүчөсүнө жеткиликтүү болушу керек. Ислам акчанын коомдогу бардык адамдар арасында айланып турушун милдет кылып, анын белгилүү бир адамдардын колунда гана топтолуп калышына тыюу салган. Аллах Таала айтат:

﴿كَيۡ لَا يَكُونَ دُولَةَۢ بَيۡنَ ٱلۡأَغۡنِيَآءِ مِنكُمۡ﴾

***“... силердин араңардагы бай-дөөлөттүү кишилер ортосунда гана айланып жүрө берген нерсе болуп калбасын үчүн...”.*** (Хашр: 7).

Эгерде коомдо керектөөлөрдү камсыз кылууда жана байлыктарды бөлүштүрүүдө чоң жана олуттуу айырмачылык пайда болсо, мамлекет

бул теңсиздикти жоюп, керектөөлөрдү камсыз кылууда жакындыкты түзүүгө аракет кылууга милдеттүү.

Ислам мүлктүн кандайча ээлик кылынарын жана кандайча пайдаланыларын аныктоо аркылуу, ошондой эле мүмкүнчүлүгү жетпеген муктаждар менен жакырларга алардын турмушун башкаларга жакын болгон деңгээлде жардам берүү аркылуу туура бөлүштүрүүнү камсыз кылат. Ислам коомунда бир да жакыр же муктаж адам калбоосу керек. Ар бир адам өз жашоосу үчүн жетиштүү каражатка ээ болушу коомдун жана башкаруучунун жоопкерчилигине кирет.

Аллах Таала айтат:

﴿وَٱلَّذِينَ فِيٓ أَمۡوَٰلِهِمۡ حَقّٞ مَّعۡلُومٞ﴾

***“Алардын мал- мүлктөрүндө** (мал-дөөлөттөн) **ажыраган - муктаж кишилер үчүн** (бөлүнгөн) **маалым акы-үлүш** (башкача айтканда зекет) **болгон заттар”.*** (Маариж: 24).

Ислам адамдардын мүмкүнчүлүктөрү жана кудуреттери ар кандай экенин эске алат, ошондуктан алардын кирешелери жана байлыктары да айырмаланат. Аллах Таала айтат:

﴿وَهُوَ الذي جعلكم خَلَائف ٱلۡأَرۡضِ وَرَفَعَ بَعۡضَكُمۡ فَوۡقَ بَعۡضٖ دَرَجَٰتٖ لِّيَبۡلُوَكُمۡ فِي مَآ ءَاتَىٰكُمۡۗ إِنَّ رَبَّكَ سَرِيعُ ٱلۡعِقَابِ وَإِنَّهُۥ لَغَفُورٞ رَّحِيمُۢ﴾

***“Ал силерди жер үстүнө халифалар кылган жана Өзү берген ниъматтар менен силерди сыноо үчүн айрымдарыңарды айрымдарыңардан жогорураак даражаларга көтөрүп койгон Зат. Албетте, Роббиң тез Жазалоочу жана албетте Ал Кечирүүчү жана Мээримдүү!”.*** (Анъам: 165).

Дагы мындай дейт:

﴿وَٱللَّهُ فَضَّلَ بَعۡضَكُمۡ عَلَىٰ بَعۡضٖ فِي ٱلرِّزۡقِۚ فَمَا ٱلَّذِينَ فُضِّلُواْ بِرَآدِّي رِزۡقِهِمۡ عَلَىٰ مَا مَلَكَتۡ أَيۡمَٰنُهُمۡ فَهُمۡ فِيهِ سَوَآءٌۚ أَفَبِنِعۡمَةِ ٱللَّهِ يَجۡحَدُونَ﴾

***“Аллах бириңерден бириңерди ырыскыда жогору кылып койду. Анан, бул** (ырыскыда) **жогору кылынган адамдар өздөрүнүн ырыскыларын кол алдындагы кулдарына кайтарып** (бай-кедейликте) **бардыгы тең болуп алышпайт го!** (Ошондой болгон соң, кандайча кылып жалпыга ырыскы берген Аллах Таалага колунан эч бир иш келбей турган буттарды тең кылышат?!) **Аллахтын ниъматын танышабы?** (Тактап айтканда, Жаратkандын Өзү берген ырыскыны танышып, бул ниъматтарды ошол жансыз буттар берген, деп ойлошобу?!)**”.*** (Нахл: 71).

Бул аяттар ушуну түшүндүрөт: Аллах Таала кээ бир адамдарды кеңири ырыскы менен артыкчылыктуу кылганы менен, алар ошол байлыктарын башкаларга толук бербейт, тескерисинче, Аллах баарына Өзүнүн кеңири ырайымынан берет. Ошондуктан бардык адамдар Аллахтын пенделери катары бирдей жана баарына өз мүмкүнчүлүгүнө жараша милдеттер жүктөлгөн. Бул мүмкүнчүлүктөрдөгү жана жөндөмдөрдөгү айырмачылык иштеген адамды ишке шыктандыра турган жана катмарлар арасындагы күрөштү эмес, тескерисинче кызматташтыкты күчөтө турган деңгээлде болушу керек. Ал эми байлыктын бардык жакшылыктарын өзүнө топтогон бай катмар менен эч нерсеге ээ болбогон жарды катмардын ортосундагы күрөш көрө албастыкты, жек көрүүнү жана коомдогу өч алуу сезимдерин күчөтөт, ошондой эле экономикалык тең салмактуулукту бузат.

Аллах Таала айтат:

﴿وَتَعَاوَنُواْ عَلَى ٱلۡبِرِّ وَٱلتَّقۡوَىٰۖ وَلَا تَعَاوَنُواْ عَلَى ٱلۡإِثۡمِ وَٱلۡعُدۡوَٰنِۚ وَٱتَّقُواْ ٱللَّهَۖ إِنَّ ٱللَّهَ شَدِيدُ ٱلۡعِقَابِ﴾

***“Жакшылык жана таквалык жолдо көмөктөш болгула, күнөө жана чектен ашуу жолунда көмөктөш болбогула! Аллахтан корккула, Албетте Аллахтын азабы катуу!”.*** (Маида: 2).

Анын үстүнө Пайгамбарыбыз ﷺ айткан:

«لَا يُؤْمِنُ أَحَدُكُمْ حَتَّى يُحِبَّ لِأَخِيهِ مَا يُحِبُّ لِنَفْسِهِ»

**«Силердин бирөөңөр өзүнө каалаган жакшылыкты бир тууганы үчүн да кааламайынча толук ыйман келтирген болбойт».** (Бухари, Муслим).

**Исламдагы каржы системасынын негиздери**

Ислам өзүнүн экономикалык түзүмү аркылуу коомдо өз ара жардамдашуу кеңири жайылган жана молчулук үстөмдүк кылган Ислам коомун түзүүгө багытталган мамлекеттик каржы негиздерин белгилеген. Пайгамбарыбыз ﷺ Меккеде турган учурда белгилүү киреше-чыгаша системасы же Байтулмал болгон эмес. Ал кезде сахабалар (р.а.) өздөрүнүн мал-мүлкүнөн муктаж болгон мусулмандарга жардам беришчү. Ал эми Пайгамбарыбыз ﷺ Мадинага хижрат кылгандан кийин мамлекет тикеленип, Ислам мамлекетинин түзүмү Куран аяттарынын улам-улам түшүүсү менен тактала баштады. Бул аяттар мусулмандарга зекет берүүнү фарз кылды жана аны сарптоонун жолдорун аныктап берди. Ошондой эле, башка да киреше булактар жана аларды сарптоо тартиптери белгиленди. Ислам мамлекетинин киреше булактарына зекет, хараж, ушур, фай, ганиймат, жизя жана риказ кирет.

**1 – Зекет**

Зекет – Исламдын негизги беш түркүгүнүн бири жана шарттары толук болгон ар бир мусулманга зекетти берүү фарз. Бул – Аллах Таала мал-мүлктүн белгилүү бир үлүшүн муктаждарга берүүнү фарз кылган ибадат. Зекет хижраттан кийин экинчи жылы фарз кылынган. Аллах Таала айтат:

﴿خُذۡ مِنۡ أَمۡوَٰلِهِمۡ صَدَقَةٗ تُطَهِّرُهُمۡ وَتُزَكِّيهِم بِهَا وَصَلِّ عَلَيۡهِمۡۖ إِنَّ صَلَوٰتَكَ سَكَنٞ لَّهُمۡۗ وَٱللَّهُ سَمِيعٌ عَلِيمٌ﴾

***“****(Эй Мухаммад)* ***сен алардын мал-мүлкүнүн бир бөлүгүн өздөрүн аруулап-тазалай турган садага катары алгын да алардын акысына дуба кыл. Албетте сенин дубаң алар үчүн бейпилдик болот. Аллах угуучу, билүүчү”.*** (Тавба: 103).

Дагы мындай дейт:

﴿وَأَقِيمُواْ ٱلصَّلَوٰةَ وَءَاتُواْ ٱلزَّكَوٰةَۚ وَمَا تُقَدِّمُواْ لِأَنفُسِكُم مِّنۡ خَيۡرٖ تَجِدُوهُ عِندَ ٱللَّهِۗ إِنَّ ٱللَّهَ بِمَا تَعۡمَلُونَ بَصِيرٞ﴾

***“Намазды толук өтөгүлө жана зекет бергиле! Силер өзүңөр үчүн*** *(Аллахка)* ***эмне жакшылык кылган болсоңор, аны Аллахтын алдынан табасыңар. Албетте, Аллах силердин кылган ишиңерди Көрүүчү!”.*** (Бакара: 110).

Негизинен зекетти мамлекет башчысы же анын атынан дайындалган адам чогултат. Зекет ар кандай түрлөргө бөлүнгөндүктөн, аны берүүгө милдеттүү болуу үчүн адамда болушу зарыл шарттар да зекеттин түрүнө жараша айырмаланат. Зекеттин түрлөрүнө төө, уй, бука, буйвол, кой жана эчки сыяктуу малы барлардан алынчу мал зекети, ошондой эле эгинден алынчу зекет, акча зекети жана алтын-күмүштөн алынуучу зекет кирет. Мусулмандан зекет алуу үчүн анын малы белгиленген нисабга (өлчөмгө) жетиши жана бир жыл толушу шарт. Бул шарттар табылса, зекет эч качан сакыт болбойт. Ал эми мусулман эмес адамдарга зекет фарз эмес. Зекет белгилүү бир өлчөмдөгү мал-мүлктүн бир бөлүгү болуп, аны белгиленген багыттарга гана сарптоо керек. Бул милдет коомдо муктаждык бар-жогунан көз каранды эмес. Зекеттин өлчөмү белгилүү жана аны көбөйтүү же азайтуу мүмкүн эмес.

Зекеттин сарптала турган орундары да Куранда так көрсөтүлгөн. Аллах Таала Тавба сүрөсүндө мындай дейт:

﴿إِنَّمَا ٱلصَّدَقَٰتُ لِلۡفُقَرَآءِ وَٱلۡمَسَٰكِينِ وَٱلۡعَٰمِلِينَ عَلَيۡهَا وَٱلۡمُؤَلَّفَةِ قُلُوبُهُمۡ وَفِي ٱلرِّقَابِ وَٱلۡغَٰرِمِينَ وَفِي سَبِيلِ ٱللَّهِ وَٱبۡنِ ٱلسَّبِيلِۖ فَرِيضَةٗ مِّنَ ٱللَّهِۗ وَٱللَّهُ عَلِيمٌ حَكِيمٞ﴾

***“Албетте, садагалар*** *(тактап айтканда, зекеттер)* ***жалаң факирлерге*** *(жакырларга)****, мискиндерге*** *(бей-бечараларга)****, садага***

***жыйуучуларга, көңүлдөрү** (Исламга) **дос-үлпөт кылынуучу кишилерге, моюндарды** (кулдарды) **азат кылууга, карыздар кишилерге жана Аллах жолунда** (тактап айтканда, казатка же ажыга бара жаткандарга)**, ошондой эле жол жүргөн-мусапырларга беришет. Бул Аллах тарабынан фарз кылынган нерсе. Аллах Билимдүү жана Даанышман".*** (Тавба: 60).

Демек, зекеттин өлчөмү, берүү шарттары жана сарптала турган орундары так белгиленген, өзгөртүүгө жатпаган, Ислам ибадатынын бири жана диндин негизги түркүктөрүнүн бири болуп саналат.

**2 – Жизя** – бул ахли зиммадан (Ислам мамлекетинде жашаган мусулман эмес жарандардан) алынуучу төлөм. Жизя Куранда Аллах Тааланын ушул сөзү менен фарз кылынган:

﴿قَٰتِلُواْ ٱلَّذِينَ لَا يُؤۡمِنُونَ بِٱللَّهِ وَلَا بِٱلۡيَوۡمِ ٱلۡأٓخِرِ وَلَا يُحَرِّمُونَ مَا حَرَّمَ ٱللَّهُ وَرَسُولُهُۥ وَلَا يَدِينُونَ
دِينَ ٱلۡحَقِّ مِنَ ٱلَّذِينَ أُوتُواْ ٱلۡكِتَٰبَ حَتَّىٰ يُعۡطُواْ ٱلۡجِزۡيَةَ عَن يَدٖ وَهُمۡ صَٰغِرُونَ﴾

***"Өздөрү китеп берилгендерден болуп Аллахка жана Акырет күнүнө ишенбеген, Аллах жана Анын пайгамбары харам деген нерсени харам деп билбеген, Чындык** (Ислам) **динине итикад кылбаган кимселерге каршы, тээ алар кор абалда, өз колдору менен** (моюндарындагы) **жизяны төлөшмөйүнчө, согуша бергиле!".*** (Тавба: 29).

Жизя адамдардын мал-мүлкүнөн эмес, өздөрүнөн алынат. Ал Ислам мамлекетинде жашаган ар бир зиммийден алынат жана алар Исламга кирсе, жизядан бошотулат. Ошондой эле ал эмгек кылууга жараксыздардан алынбайт жана эркектерден гана алынат. Аялдар, жаш балдар жана акыл-эсинен танган адамдар жизя төлөөгө милдеттүү эмес. Жизянын өлчөмү Куранда так белгиленген эмес, аны мамлекет башчысы өзүнүн ижтихадына ылайык аныктайт.

**3 – Хараж** – бул кафирлерден согуш же тынчтык келишими аркылуу алынган жерлерге салынган төлөм. Ал күч менен багындырылып, негизги ээлик укугу мамлекетке берилген жерлерден, фатхтар мезгилинде ээлери таштап кеткен жерлерден, ошондой эле мусулмандарга тынчтык келишими аркылуу өткөн жерлерден да алынат. Мындай учурда ал же мамлекеттин мүлкү болуп, негизги ээлиги мамлекетке таандык болот, же мурунку ээлеринин мүлкү болот, бирок келишимдин шарттарына ылайык анын негизги ээлиги мусулмандарга өтөт. Хараждын көлөмүн аныктоодо жердин түшүмдүүлүгү, сапаты, түшүмдүн түрлөрү жана баасы, ошондой эле жерди суугаруу ыкмалары эске алынат.

**Факихтер хараждын эки түрүн белгилешкен:**

**а. Хараж ул-вазифа** – белгилүү бир өлчөмдө белгилүү бир аянттагы жерден алынуучу салык. Бул акчалай да, түшүм түрүндө да же экөө аралаш түрдө да болушу мүмкүн. Ал жылына бир жолу алынат жана жерди пайдалануу укугу үчүн төлөнөт.

**б. Хараж мукасама** – мамлекет менен жеке адамдар ортосунда түшүмдү бөлүшүү. Бул учурда жердин түшүмүн мамлекет белгилүү бир үлүштө алат, мисалы бештен бири, төрттөн бири же үчтөн бири.

Хараж жылына бир жолу алынат жана эгерде кырсыктар болуп, түшүм жок болуп кетсе же кургакчылык болсо, анда ал алынбайт.

**4 – Тижарий** (соода-сатык) **үшүрлөр** – бул Дарул-харбда (Ислам мамлекетинин душман мамлекеттеринде) жашаган жарандардын соода үчүн даярдалган жана Дарул-харбдан Дарул-Исламга же тескерисинче ташылган соода мүлкүнөн алынуучу белгилүү бир үлүш. Ал өз ара бирдей мамиле принцибине (المعاملة بالمثل) негизделет, башкача айтканда, душман мамлекет Ислам мамлекетинин соодагерлеринен канча пайыз алса, Ислам мамлекети да алардан ошончо пайыз алат.

**5 – Фай жана ганиймат (олжо)**

Фай – бул курал колдонбостон, душмандардан алынган кыймылдуу мүлк. Аллах Таала айтат:

﴿مَّآ أَفَآءَ ٱللَّهُ عَلَىٰ رَسُولِهِۦ مِنۡ أَهۡلِ ٱلۡقُرَىٰ فَلِلَّهِ وَلِلرَّسُولِ وَلِذِي ٱلۡقُرۡبَىٰ وَٱلۡيَتَٰمَىٰ وَٱلۡمَسَٰكِينِ وَٱبۡنِ ٱلسَّبِيلِ﴾

***“Аллах айыл-шаарлардын*** *(кафир болгон)* ***элинен Өз пайгамбарына олжо кылып берген нерселер тээ силердин араңардагы бай-дөөлөттүү кишилер ортосунда гана айланып жүрө берген нерсе болуп калбасын үчүн - Аллахтыкы, пайгамбардыкы жана*** *(анын)* ***тууган-уруктары, жетимдер, бей-бечара, жакырлар жана жолоочу-мусапырлардыкы”.*** (Хашр: 7).

Ганиймат – бул мусулмандар согуш аркылуу алган мүлк. Куранда аны бөлүштүрүү тартиби төмөнкүдөй белгиленген:

﴿وَٱعۡلَمُوٓاْ أَنَّمَا غَنِمۡتُم مِّن شَيۡءٖ فَأَنَّ لِلَّهِ خُمُسَهُۥ وَلِلرَّسُولِ وَلِذِي ٱلۡقُرۡبَىٰ وَٱلۡيَتَٰمَىٰ وَٱلۡمَسَٰكِينِ وَٱبۡنِ ٱلسَّبِيلِ إِن كُنتُمۡ ءَامَنتُم بِٱللَّهِ وَمَآ أَنزَلۡنَا عَلَىٰ عَبۡدِنَا يَوۡمَ ٱلۡفُرۡقَانِ يَوۡمَ ٱلۡتَقَى ٱلۡجَمۡعَانِۗ وَٱللَّهُ عَلَىٰ كُلِّ شَيۡءٖ قَدِيرٌ﴾

**“***(Эй момундар)* ***эгер Аллахка жана*** *(чындык менен жалгандын)* ***ажыралуу Күнүндө - эки топ кагылышкан Күндө, пендебизге*** *(Мухаммадга)* ***түшүргөн*** *(аяттар жана периштелерден болгон)* ***нерсебизге ыйман келтирүүчү болсоңор, билип койгула, олжо кылып алган нерсеңердин бештен бири Аллах үчүн, пайгамбар үчүн жана ал*** *(пайгамбардын)* ***тууган-уругу, жетимдер, бей-бечаралар***

***жана мусапырлар үчүн. Аллах бардык нерсеге кудуреттүү”.*** (Анфал: 41).

Түшүндүрмө: Шарият өкүмү боюнча, согушта колго түшүрүлгөн олжонун бештен төрт бөлүгү жоокердин акысы болуп, бештен бири жогорудагы аятта айтылып өткөн жактарга сарпталат.

Фай менен ганийматтын окшош жери – экөө тең кафирлерден алынат жана экөө тең бештен биринен бөлүштүрүлөт. Айырмасы – фай курал колдонбостон алынат, ал эми ганиймат согуш аркылуу алынат.

**6 – Риказ** – бул жер астынан табылган байлык (алтын, күмүш, байлыктар же көмүскө казына). Мындай табылганын бештен бири мамлекетке берилет. Бул Аллах Тааланын ушул сөзүнө таянат:

﴿يَٰٓأَيُّهَا ٱلَّذِينَ ءَامَنُوٓاْ أَنفِقُواْ مِن طَيِّبَٰتِ مَا كَسَبۡتُمۡ وَمِمَّآ أَخۡرَجۡنَا لَكُم مِّنَ ٱلۡأَرۡضِۖ وَلَا تَيَمَّمُواْ ٱلۡخَبِيثَ مِنۡهُ تُنفِقُونَ وَلَسۡتُم بِـَٔاخِذِيهِ إِلَّآ أَن تُغۡمِضُواْ فِيهِۚ وَٱعۡلَمُوٓاْ أَنَّ ٱللَّهَ غَنِيٌّ حَمِيدٌ﴾

***“Эй момундар, кесип кылып тапкан нерселериңердин адал-арууларынан жана Биз силерге жерден чыгарып берген нерселерден садака кылгыла. Кайыр-садака кылуу үчүн алардан өзүңөр көздөрүңөрдү жумуп*** *(мурун чүйрүп)* ***гана ала турган пас, начарларын тандабагыла. Дагы билип койгула, албетте Аллах беймуктаж жана мактоого ылайык Зат!”.*** (Бакара: 267).

Ошондой эле Пайгамбарыбыз ﷺ айтат:

«وفي الرِّكازِ الخمس»

**«Рикааздын бештен бири берилет».** (Бухари, Муслим).

**Ислам каржы системасындагы чыгашалар**

Курани Карим зекет жана башка киреше булактарын, мисалы, фай жана ганийматтын бештен бир бөлүгүн кандайча сарптоо керектигин так көрсөтүп берген. Пайгамбарыбыз ﷺ түшкөн мал-мүлктү мусулмандардын жалпы бакубатчылыгына жумшачу жана келген мал-мүлктү ошол эле күнү бөлүштүрүп, түн ичинде колунда эч нерсе калтырбайт эле.

Халифалардын доорунда мамлекеттин киреше булактары арбып, ар түрдүү болуп, Куранда жана Сүннөттө түз көрсөтмө берилбеген айрым маселелер боюнча ижтихад кылууга туура келген. Умар ибн Хаттаб (р.а.) сахабалар менен кеңешкен соң, ар бир мусулмандын пайдасына мамлекеттик жөлөкпул (عطاء) киргизген, а түгүл Исламда төрөлгөн ар бир наристеге да жөлөкпул белгилеген.

Мамлекеттик иштер кеңейип, ар тараптуу болуп кеткендиктен, аны башкаруу үчүн зарыл болгон чыгашалар да көбөйгөн. Ошондуктан сотторго, аскерлерге, валийлерге жана мамлекетти башкарууга, динин

коргоого, жихад кылууга жана аскерлерди жабдууга керектүү башка чыгашалар үчүн айлык жана каражат бөлүнгөн.

Зекет каражаттары Куранда көрсөтүлгөн сегиз топко гана багытталышы керек. Фай жана ганийматтын да алуучулары жана үлүштөрү Куранда так белгиленген.

Демек, Ислам каржы системасындагы чыгашалар эки түргө бөлүнөт:

1. Куран жана Сүннөттө так көрсөтүлгөн чыгашалар, мисалы, зекет, ганийматтын бештен бири, фай жана риказ сыяктуу.

2. Мамлекет башчысынын ижтихадына калтырылган чыгашалар жана булар убакыттын жана кырдаалдын өзгөрүшүнө жараша, мамлекеттин жарандарына коопсуздук, туруктуулук, Ислам дааватын жайылтуу жана коомдун жыргалчылыгын камсыз кылуу үчүн Исламдын негиздерине каршы келбеген түрдө аныкталат.

Борбордук бийлик т.а. халифа мусулмандардын бардык муктаждыктарын камсыз кылууга, коомдук коопсуздукту сактоого, Ислам дааватын жайылтууга, Исламды коргоого жана коомдун жыргалчылыгын мүмкүн болушунча жогорулатууга толук жооптуу.

**Ислам каржы системасынын өзгөчөлүктөрү (капиталисттик жана социалисттик каржы системалары менен салыштыруу)**

**1 – Исламда мал-мүлктүн мааниси**

Ислам мал-мүлктү муктаждыктарды кандыруу үчүн колдонулчу каражат катары карайт. Ал мал-мүлктү башка максат, атак-даңк үчүн же башкаларды басынтып, үстөмдүк кылуу үчүн колдонууга жол бербейт. Ислам жеке адамдарды адал ырыскы издөөгө жана аны мыйзамдуу жолдор менен табууга аракет кылууга үндөйт. Ошондой эле мамлекетти Үммөттүн муктаждыктарын камсыз кылууга, байлыктарды адилеттүү бөлүштүрүүгө жана кедейчиликти жоюуга милдеттендирет. Бул нерсе мамлекеттин кам көрүү милдети катары каралат.

**2 – Мүлккө ээ болуунун жана бөлүштүрүүнүн чектөөлөрү**

Ислам мүлккө ээ болуунун жолдорун жана аны бөлүштүрүү тартибин так аныктап, байлыктын бир тарапта топтолуп, башка тараптын андан куру калышын алдын алат. Ислам негизги табигый байлыктар, коомдук кызмат көрсөтүүлөр жана зарыл муктаждыктар умумий мүлк экенин белгилеп, бардык мусулмандар алардан бирдей пайдалануусуна мүмкүнчүлүк берет. Ошону менен бирге, ал социализм сыяктуу жеке мүлктү толугу менен жокко чыгарбайт, анткени бул адам табиятына каршы келет. Ошондой эле капитализм сыяктуу бардык мүлктүн тагдырын коомдун аз гана бөлүгү чечип, бүтүндөй коомду көз каранды кылуусуна жол бербейт.

**3 – Жаран жана коом түшүнүгү**

Капиталисттик түшүнүк жеке адамды коомдун негизи катары карайт жана ал пикир айтууда да, аракеттеринде да толук эркин деп эсептейт. Мындай система адамды эң аз күч жумшап, мүмкүн болушунча көп муктаждыктарды кандырууга үндөйт. Социализмде болсо, биринчи орунга коомдун өзү коюлат, ал эми жеке адамга коомдун кызыкчылыгы аркылуу гана маани берилет. Ислам коомунда болсо, ар бир жеке адамдын укуктары анын инсаний макамына жараша корголот. Адам маддий (материалдык) муктаждыктардан мурун, биринчи кезекте маънавий (рухий) муктаждыктарын канааттандырууну көздөгөн маклук катары каралат, ал тектүү адам катары урматталат. Коомдогу бардык адамдар тең укуктуу жана тең милдеттүү болуп, алар арасында таптык айырмачылыкка жол берилбейт.

**4 – Риба, байлык топтоо жана адилетсиз киреше булактары**

Ислам рибанын бардык түрүн жана формасын харам кылат. Ошондой эле байлыкты жыйнап коюуну (иштетпей сактоону) жана ысырапкерчиликти тыят. Капитал ээлери байлыктарын сарптоого же адал жолдор менен иштетүүгө милдеттүү, ал эми риба, алдамчылык, монополия, бузук келишимдер, харам соода (мисалы, ичимдик соодасы) жана башка харам болгон иштер менен алектенүүгө тыюу салынат. Капитализмде болсо, негизги максат – кандай жол менен болбосун пайда табуу. Ошондуктан риба да мыйзамдуу болуп, ал тургай мыйзам тарабынан корголот. Бул капиталисттик «келишим эркиндиги» жана «мүлккө ээлик кылуу эркиндиги» принциптерине негизделет. Алар рибаны экономикалык өсүү үчүн зарыл деп эсептешет.

**5 – Мамлекеттик каржы куралдары**

Ислам каржы системасы мамлекеттик каржы куралдарын – киреше булактары менен чыгаша түрлөрүн – пайдаланат. Бирок бул куралдар башка каржы системаларынан бир катар өзгөчөлүктөрү менен айырмаланат: киреше булактарынын түрлөрү, аларды милдеттендирген тарап жана милдеттендирүү негиздери, ошондой эле бул кирешелерди бөлүштүрүү жолдору башкача.

**6 – Исламда Байтулмал** (мамлекеттик казына) бар. Анын киреше булактары шариатта так белгиленген өкүмдөргө ылайык жыйналат жана ошол эле шариат өкүмдөрүнө ылайык сарпталат. Бул өкүмдөр туруктуу болуп, эч качан өзгөрбөйт, мисалы, зекеттин өкүмдөрү – анын алуучулары жана үлүштөрү Аллах каалагандай так белгиленген.

Ал эми шариатта түздөн-түз ачык насс жок болгон маселелер халифанын ижтихадына калтырылат. Ошондуктан айрым каржылык

тартиптер халифалардын өзгөрүшүнө жараша өзгөрүп турган, анткени ар бир башкаруучу Үммөттүн ишин шариат чегинде, өзүнүн туура көргөн саясатына ылайык жүргүзгөн.

Айрымдар Исламдагы экономикалык түзүмдү колдонуу дегени сөзсүз түрдө Ислам алып келген бардык системаларды толук колдонуу дегенди билдирбейт деп эсептешет. Башкача айтканда, коом Исламдагы экономикалык жоболорду, мисалы, рибаны харам кылууну кабыл алса, аны ишке ашырууга болот, бирок ошол эле учурда ичимдикти харам кылуу сыяктуу башка жоболорду кабыл албастан деле иштей берет деп түшүнүшөт.

**Бул пикир туура эмес, чындык жолунан чыккан пикир жана аны кабыл алуу мүмкүн эмес. Анткени Ислам шарияты өз ара шайкеш, толук бир бүтүн система болуп, аны толугу менен аткаруу зарыл. Ислам шарияты бардык тармактарды камтыган толук жана комплекстүү минхаж, аны бөлүп-бөлүп эмес, бүтүндөй толугу менен кабыл алып, аткаруу керек. Демек, Исламий каржы түзүмдү алып, бирок саясий жана социалдык түзүмдөрүн же рухий жана ахлакый тарабын таштап коюуга жол берилбейт. Анткени кайсы гана коом болбосун, анын экономикалык жүрүм-туруму анын башка инсаний жүрүм-турум формалары менен тыгыз байланышта болот. Мындан тышкары, экономикалык система да башка системалар сыяктуу мамлекеттин өздүгүн чагылдырат. Мамлекеттин өздүгү капиталисттик болуп туруп, экономикалык системасы Исламий болушу акылга сыйбайт. Ошондуктан Исламий каржы системасын ишке ашырып, Исламдын башка системаларын таштап коюу мүмкүн эмес. Мисалы, дүйнөлүк биржаларда рибаны тыюу менен чектелип, зекетти фарз кылууну таштап коюу логикага туура келбейт.**

**Ошондуктан Пайгамбарыбыз ﷺ сахабаларын шаарларга жана уруулардын ичине дааватчы катары жибергенде аларга мындай деп айтчу:**

«فَادْعُهُمْ إِلَى أَنْ يَشْهَدُوا أَنْ لَا إِلٰهَ إِلَّا اللهُ وَأَنَّ مُحَمَّدًا رَسُولُ اللهِ... فَإِنْ هُمْ أَطَاعُوا لِذَلِكَ، فَأَخْبِرْهُمْ أَنَّ اللهَ قَدْ فَرَضَ عَلَيْهِمْ صَدَقَةً تُؤْخَذُ مِنْ أَغْنِيَائِهِمْ، فَتُرَدُّ عَلَى فُقَرَائِهِمْ»

**«Аларды “Аллахтан башка илах жок жана Мухаммад – Аллахтын элчиси” деп күбөлүк берүүгө чакыр. Эгер алар муну кабыл алышса, анда Аллах аларга зекетти фарз кылгын, ал байларынан алынып, жакырларына берилерин кабарла». (Бухари, Муслим).**

**Демек, Ислам – акыйдага, аалам жана тирүүлүк тууралуу пикирге негизделип, жүрүм-турумду жана мамилелерди жөнгө салуучу ченемдерди орнотот.**[1]

---

Др. Мустафа Аль-хан, Али Шарбижий, др. Мустафа Бага, "Ибадат жана ага тиешелүү маселелер жөнүндө манхажий фыкх" китеби, 2-том. ❑

## ЕГИПЕТТИН ТЫШКЫ КАРЫЗЫ 200 МИЛЛИАРД ДОЛЛАРГА ЖАКЫНДАДЫ: САЯСИЙ ЧАБАЛДЫК

**Махмуд Лайси – Хизб ут-Тахрирдин Мисирдеги маалымат бөлүмүнүн мүчөсү**

Эл аралык Валюта Фонду Египеттин тышкы карызы 2024-жылдагы 162 миллиард доллардан 2030-жылга барып 202 миллиард долларга жете турганын билдирди. Бул жөн эле өтүп кеткен экономикалык кабар эмес, тескерисинче, мамлекеттин кыйрашын жана кризисти жалгыз карыз алуу менен чечүүгө аракет кылган өкүмдар режимдин ачык-айкын ийгиликсиздигин көрсөткөн кооптуу белги болуп саналат. Карыз алуу чыныгы ойгонууну жаратуу же экономикалык өзүн-өзү камсыз кылуу үчүн эмес, туруктуу ийгиликсиздикти жана маскара саясий көзкарандылыкты жашыруу үчүн атайын жана системалуу ыкмага айланды. Ошондуктан Египеттеги азыркы экономикалык кризис жөн гана башкаруудагы кризис эмес, андан чоңураак кризистин, башкача айтканда, түзүмдүн кризисин ачыктайт.

Эл аралык Валюта Фонду мойнуна алган экономикалык фактылар:

Акыркы отчётунда Эл аралык Валюта Фонду Египеттин тышкы карызы 2024/2025-финансылык жылындагы 162,7 миллиард доллардан 2030-жылы 202 миллиард долларга чейин өсөт деп күтөөрүн билдирди. Фонд бул өсүштү «мамлекеттик туруктуулукка» жогорку коркунуч катары баалады. Мындан тышкары, ал келечектеги насыяларды берүүнү төмөнкү «структуралык реформаларды» аткаруу шарты менен байланыштырат: салык базасын кеңейтүү, «максатсыз» деп эсептелген субсидияларды кыскартуу, мамлекеттин (айрыкча аскерий түзүмдөрдүн) экономикадагы үстөмдүгүн азайтуу, ачык-айкындуулукту жана башкаруу сапатын жогорулатуу жана мамлекеттик ишканаларды «менчиктештирүүнү» тездетүү.

Бул сөздөр экономикалык кеңеш сыяктуу көрүнгөнү менен, аткарылышы милдеттүү болгон чечимдер жана карызга батып калган мамлекеттерди өз шарттарына баш ийдирүүчү, Эл аралык Валюта Фондунун колонизаторлук жүзүн чагылдырган иштер. Ал мындай өлкөлөрдү узак мөөнөттүү саясий жана экономикалык көз каранды кылуучу рынок катары гана көрөт. Бул чындыкты батыштык экономисттер өздөрү да ашкерелешет. Айрыкча Жон Перкинс (John Perkins) өзүнүн белгилүү «Улуттарды экономикалык жактан өлтүрүү» (Confessions of an Economic Hitman) аттуу китебинде моюнга алгандай (ал үчүнчү дүйнө өлкөлөрүнө, анын ичинде Египетке “техникалык жана кеңеш берүү жардамы” деген көрүнүштөгү программанын

алдында жөнөтүлгөн экономисттер тармагында иштеген) чыныгы максат бул өлкөлөрдүн экономикасына үстөмдүк орнотуп, элдерин кишендеп кармоо болчу.

Дүйнөлүк банк жана Эл аралык Валюта Фонду менен иштеген ири америкалык компанияларда экономикалык кеңешчи болуп иштеген Жон Перкинс өз китебинде ачык айткандай, дүйнөлүк эксплуатация системасы бар. Анын негизи – мамлекеттерди карызга батыруу, аларды зарылдыгы жок ири долбоорлорго байлоо, андан кийин саясий жана экономикалык жактан кул кылуу. Перкинс мындай дейт: «Биз өнүгүп келе жаткан өлкөлөрдү өздөрүнө эмес, бизге пайда алып келе турган ири долбоорлор үчүн чоң суммаларда карыз алууга ынандырчубуз. Ошентип биз аларды кишендеп, эгер кайсы бир мамлекет башчысы биз белгилеген жолдон чыкса, ал кызматтан кулатылып же өлтүрүлөт эле».

Муну айткан адам мусулман ойчулу эмес, Батыш системасынын ичиндеги америкалык экономист. Маселе жөн гана техникалык-экономикалык эмес экенин, тескерисинче, алар куралдан кем калбаган жашыруун колонизаторлук жана үстөмдүк орнотуу ыкмасы экенин жана карыздар замбиректен кем калбаган жашыруун курал экенин ачык көрсөтөт.

Египет боюнча айтсак, Эл аралык Валюта Фондунун божомолундай, 2030-жылга чейин тышкы карыздын 200 миллиард доллардан ашышы коркунучтуу сериалдын жаңы гана бөлүмү. Маселе мына ушунда, бул өсүш чыныгы өндүрүштүн көбөйүшү менен да, көз карандысыз өнөр жай инфраструктурасы менен да коштолгон жок. Тескерисинче, бул каражат батыштык капиталисттик логика боюнча иштеп жаткан жана чектелүү бир катмарга гана кызмат кылган долбоорлорго жумшалып жатат.

Батыш элдерди кантип өзүнө баш ийдирет?

Перкинс жогоруда аталган китебинде ыкмаларды төмөнкүдөй атап өтөт:

1. Өлкөлөрдү төлөй албай турган ири карыздарга батыруу:

«Биз өнүгүп келе жаткан өлкөлөр үчүн өкмөттөрдү суктандырган жасалма экономикалык пландарды түзчүбүз. Анан аларды бул пландарды ишке ашыруу үчүн Дүйнөлүк банк жана Эл аралык Валюта Фондунан ири карыз алууга мажбур кылчубуз. Максат – бул өлкөлөрдү өнүктүрүү эмес, карызды төлөй албай калуусун камсыз кылуу жана андан кийин аларды толук баш ийдирүү болчу». Бул дал Египетте болгондой, ири долбоорлор (Административдик борбор калаасы, электр поезди, энергетика станциялары) сунушталды. Булардын баары мамлекеттин төлөө мүмкүнчүлүгүнөн ашып кеткен

ири карыздар менен каржыланды жана өлкөнү Батыштын шарттарына толук баш ийүүгө мажбур кылууда.

2. Менчиктештирүү шартын коюп, жалпы мүлктү тартып алуу:

«Мамлекеттер карызын төлөй албай калганда, биз алардан суу, электр энергиясы, банк тармагы сыяктуу маанилүү секторлорун америкалык трансулуттук корпорацияларга сатууну талап кылчубуз. Муну менчиктештирүү жана реформалар деп атачубуз». Египетте чындыгында эле ондогон мамлекеттик компаниялар менчиктештирүү толкуну менен сатылып, жакында Эл аралык Валюта Фондунун шарттарына ылайык «турухат» программасы аркылуу жаңы активдер сатыкка коюлду.

3. Мамлекеттердин экономикалык жана саясий эгемендүүлүгүн талкалоо:

«Биз өкмөткө ар дайым бизге таянуучу өнөктөш образына киргизебиз, анткени ал өзүнүн бийликте калышын биздин ыраазычылыгыбызга байлайт жана ал экономикалык ойгонуу жаратып жатамын деп ойлойт, бирок чындыгында биздин кызыкчылыгыбызга кызмат кылган пландын аткаруучусу болот». Бул – Сиси режими Эл аралык Валюта Фондунун ыраазычылыгына таянуусунун негизги себеби. Ал эми бул тандоонун эл үчүн кесепети – салыктын көбөйүшү, субсидиянын жоголушу, айлык акылардын тоңдурулушу жана негизги кызматтардын кымбатташы.

Чындыгында, «структуралык реформа» деп аталган нерсе өлкөлөрдү өнүктүрүү үчүн эмес, аларды экономикалык жактан талкалап, керектөөчүлүккө негизделген көз каранды капиталисттик модель боюнча кайра калыптандыруу үчүн колдонулат:

Салык базасын кеңейтүү – кризистин баасын жакырларга жүктөө.

Товарларга болгон субсидияларды жокко чыгаруу жана жакырларга түз жардам бербөө – элди ачка калтырып, ар кандай майда жеңилдикке макул кылуу.

Менчиктештирүү – коомдук жана мамлекеттик мүлктү уурдоо жана Батышты, анын компанияларын өлкөнүн байлыгы менен ресурстарына мыйзамдуу түрдө ээ кылуу.

Базарды эркин кылуу – байдын жакырдын жутушуна жол берүү, инфляция аркылуу калкка калган акыркы күчүн жана үнөмдөрүн тартып алуу.

Башкаруудагы ачык-айкындуулук – алардын түшүнүгүндө бул мамлекеттин бардык маалыматтарын чет элдик компанияларга ачып берүү.

Бул бизди Перкинстин жыйынтыгына кайтарат: «Биз армиясыз, болгону төлөнө турган карыздар аркылуу империя түздүк».

Эл аралык уюмдар таңуулаган тышкы карыздар жөн гана каржылоо куралы эмес, бул – элдерди кул кылуунун заманбап кишендери. Эл аралык Валюта Фонду «өнүгүүгө жардамчы» эмес, ал америкалык колонизаторлуктун каржылык жүзү. Анын сунуштаган «экономикалык кеңештери» – бул Египетти (жана башка өлкөлөрдү) ачык базарга, арзан жумушчу күчкө, чийки сырьё кампасына жана чет элдик кирешелер үчүн ачык банкка айланткан колонизаторлук шарттар топтому. Жон Перкинс айткандай: «Максат – мамлекеттерге ойгонууга жардам берүү эмес, тескерисинче, экономика атын жамынып аларды көзөмөлдөө».

Бул коркунучтуу карыз өсүшүн төмөнкү өңүттөрдөн кароого болот:

Буйрук аткарган өкүмдар режим өз алдынча экономикалык долбоорго ээ эмес. Сиси жана анын режими эгемендүү мамлекетке ээ эмес, ал АКШ жана дүйнөлүк капиталисттик чөйрөлөрдүн кызыкчылыгына кызмат кылган «буйрукту» аткарат. Алардын долбоорлору Үммөткө эч кандай пайда алып келбейт, тескерисинче, элди салык, карыз, эзүү жана дагы да чоң көз каранды абал менен басат.

Карыздар менен каржыланган долбоорлор пайдасыз жана керексиз. Көбүнчө булар көрсөткүч үчүн жасалган долбоорлор (Административдик борбор калаасы, тез жүрүүчү поезддер, Падыша Салман көпүрөсү, жээк мунаралары сыяктуу). Алардан пайда чектелүү сандагы ишкерлерге жана аскерлерге гана тиет, ал эми калктан тескерисинче үнөмдөөнү, курчоону жана тартыштыкка чыдоону талап кылышат.

Ислам башкаруудан четтетилгендиктен, Үммөт тарабынан көзөмөл жана жоопко тартуу жок. Чыныгы жоопкерчилик болбогондуктан бул кыйроону токтотчу механизм иштебейт. Натыйжада бийлик бул кырсыкты эч кандай текшерүү, тергеп-тескөө болбостон уланта алат.

Эл аралык уюмдарга, айрыкча Эл аралык Валюта Фонду жана Дүйнөлүк банкка болгон көз карандылык кризистин негизи болуп эсептелет. Ар бир берилген карыз колонизаторлуктун бир бөлүгү жана көз каранды кылуу менен үстөмдүк орнотуунун куралы.

Эл аралык Валюта Фонду бейкүнөө уюм эмес, ал толук кандуу саясий курал. Ал менчиктештирүүнү, субсидияларды алып салууну, салык киргизүүнү, эркин базарга таянууну шарт кылган мыйзамдар менен «реформаларды» таңуулайт. Бул болсо Исламдын экономикалык түзүмүнө таптакыр каршы келет. Анткени Ислам адилетсиз салыктарга тыюу салат, коомдук байлыктын жеке адамдарга менчиктештирилишине жол бербейт жана умумий мүлктү менчиктештирүүгө тыюу салат. Эл аралык Валюта Фондунун

шарттарына макул болуу мамлекетти эгемендүүлүктөн чыгарып, аны Батыштын чечимдерине жана кызыкчылыктарына баш ийдирет.

Бул маселедеги шариат өкүмү башынан эле так:

Кафир мамлекеттерден же аларга байланыштуу эл аралык уюмдардан тышкы карыз алуу шариатта харам болуп саналат. Анткени ал саясий көз карандылыкты жаратат жана карыз берүүчүгө карыз алчу тараптын үстүнөн үстөмдүк берет:

﴿وَلَن يَجۡعَلَ ٱللَّهُ لِلۡكَٰفِرِينَ عَلَى ٱلۡمُؤۡمِنِينَ سَبِيلًا﴾

***“Аллах эч качан кафирлер үчүн момундар үстүнөн жеңип чыгышына жол бербейт”.*** (Ниса: 141).

Мындай карыздарга коштолгон риба өз өзүнөн харам. Египет режими татаал пайыздар менен карыз алып жатат, бул болсо Аллах Таала тыюу салган ачык рибанын ичине кирет:

﴿يَٰٓأَيُّهَا ٱلَّذِينَ ءَامَنُواْ ٱتَّقُواْ ٱللَّهَ وَذَرُواْ مَا بَقِيَ مِنَ ٱلرِّبَوٰٓاْ إِن كُنتُم مُّؤۡمِنِينَ﴾

***“Эй, ыйман келтиргендер! Аллахтан корккула жана эгер чыныгы момун болсоңор, сүткорлук саркындыларын таштагыла”.*** (Бакара: 278).

Бул кризистен чыгуу карыздарды кайра графиктештирүүдө эмес, мамлекеттин активдерин сатууда эмес, дагы да катуураак үнөмдөө жана жакырларды эзүүдө эмес. Чыныгы чечим төмөнкү негиздерге таянган хазарий долбоор жана түпкү өзгөрүү аркылуу гана мүмкүн:

Биринчиден: Батышка жана анын каржылык уюмдарына болгон көз карандылыкты токтотуу зарыл. Эл аралык Валюта Фонду менен болгон бардык мамилелерди үзүү, анын бардык шарттарын четке кагуу, риба негизиндеги бардык карыздарды жокко чыгаруу жана аларды шариат боюнча төлөөгө милдеттүү эмес, саясий жактан жараксыз карыздар деп эсептөө керек. Шариатка каршы же жараксыз келишимдерден келип чыккан финансылык милдеттенмелердин эч бирин таанибоо зарыл. Анткени Ислам Үммөтү өз саясатын душмандарынан албайт.

Экинчиден: экономиканы Ислам негизинде куруу керек. Бул үчүн оор өнөр жайга, алтын-күмүш акча стандартына жана керектөөчүлүк эмес, өндүрүштүк экономикага таянган түзүм болушу керек. Мындай түзүмдө мунай, газ, металлдар сыяктуу кен байлыктар жана мамлекеттин негизги кызматтары (электр энергиясы, суу, коомдук транспорт) коомдук умумий мүлк болуп саналат жана менчиктештирүүгө тыюу салынат. Алардан түшкөн киреше Үммөттүн пайдасына бөлүштүрүлөт. Риба жана монополия харам кылынат, байлыктын аз гана катмардын колунда топтолуп калышына жол

берилбейт. Үммөттүн байлыктары дүйнөлүк байларга кызмат кылууга эмес, мусулмандардын муктаждыктарын канааттандырууга жана Исламдын аброюн көтөрүүгө жумшалат.

Бул – байлардан зекет чогултуп, аны өзүнүн шариаттагы чыныгы багыттарына жумшоону камсыздаган түзүм. Ушунун өзү эле Үммөттүн негизги муктаждыктарын карызсыз жаап берет. Мындай түзүм алтын жана күмүштү акча катары же аларга тете банкнотторду киргизип, алтын-күмүш базасын кайра жандандырат. Бул негиз мамлекеттин акчасында күч-кубат болуусун жана Үммөттү инфляциядан коргоону камсыз кылат. Муну менен Үммөт табигый кырсыктарга жана апааттарга да туруштук берет жана дүйнөлүк базарлар таңуулаган шарттарга көз каранды болбойт.

Мындай түзүм мамлекетке оор жана металлургиялык өнөр жайларды, ошондой эле согуштук негиздеги өндүрүштү курууну милдеттендирет. Дал ушул тармак жалпы өндүрүштүн жана өнөр жайдын негизи болушу керек. Үммөт көз карандысыз өнөр жай базасын курмайынча ойгонбойт. Бул жараян жеңил өнөр жайдан башталып, атомдук өнөр жайга чейин жетиши керек жана аны ишке ашыруу мамлекет үчүн шаръий милдет.

Мындай түзүм мамлекетти өзүнүн стратегиялык айыл чарба өсүмдүктөрүн өндүрүүгө, дары-дармегин жана куралын өзү чыгарууга милдеттендирет. Азыр болуп жаткандай, аларды душмандан сатып алууга тыюу салынган. Ошондой эле бул түзүм элге жерди пайдаланууга жана тирилтүү жолу менен менчикке алууга мүмкүнчүлүк берет, бул иш айыл чарба же курулуш үчүн болсун, эч кандай кошумча алым же салык салынбайт. Өндүрүш эркиндиги камсыз кылынат, мамлекет базарга бузукулук жараткандай жол менен кийлигишпейт.

Уурдалып кеткен байлыктарды кайтаруу: Суэц каналы, алтын кендери, мунай жана газ компаниялары сыяктуу байлыктар – Үммөттүн менчиги болгон умумий мүлк. Алар кайрадан Үммөттүн колуна кайтарылышы керек.

Ислам экономикалык түзүмү Батыштан жана риба негизиндеги колонизаторлук уюмдардан карыз алууну таптакыр тааныбайт. Ал долбоорлорду, айрыкча Үммөттүн ойгонушунун жана экономикалык-саясий көз карандысыздыгынын негизги тиреги болгон оор өнөр жайды толук өз күчүнө таянып каржылоого негизделет.

Оор өнөр жай – анын ичинде учак, кеме, танк, реактор, так жабдуулар, кен казуу жана металл иштетүүчү жабдууларды өндүрүү – Ислам мамлекетинин артыкчылыктуу багыты болушу керек. Бул – муктаждык, кошумча нерсе эмес. Анткени Ислам мамлекети коргонуу

жана кол салуу мүмкүнчүлүгүнө ээ болушу зарыл, ал болсо Батыштан шарт коюлган курал импорттоо аркылуу эмес, өнүккөн аскердик жана техникалык өндүрүш аркылуу гана ишке ашат.

Айыл чарба жана соода өз алдынча үстөмдүк кылган түзүмдү курууга жетишсиз. Милдеттүү түрдө өнөр жай, айрыкча оор өнөр жай керек. Ал Үммөттү өзүн-өзү камсыз кылуу менен эгемендүүлүгүн сактап, эл аралык экономикалык шантажга кабылуусун алдын алат. Ошондуктан Халифалык мамлекети жөн гана ишканаларды колдоо менен чектелбестен, оор өнөр жай базасын куруу үчүн так борборлоштурулган пландарды түзөт. Мамлекет мындай тармактарды түзүү жана колдоо үчүн өзүнүн ички каржылоо булактарына ээ:

Фай, анфал жана ганиймат кирешелери.

Коомдук менчиктен түшкөн кирешелер (мунай, газ, металлдар, суу сыяктуу). Зекет акчалары (өз багыттарында).

Чыныгы зарылдык пайда болгондо гана байларга салына турган убактылуу салыктар.

Акча саясаты боюнча: Ислам алтын же күмүшкө тете эмес кагаз акчаны айлантууга уруксат бербейт. Акча – алтын жана күмүштөн же аларга барабар, ошол эле нарктагы өкүл кагаздардан болушу шарт. Пайгамбарыбыз ﷺ динардын жана дирхамдын наркын салмак менен гана байланыштырып, аны аталыш же мыйзамдык күч менен байланыштырып койгон эмес.

Бул мамиле Ислам акчасын туруктуу кылат жана азыр египеттик фунтта болуп жаткандай, дүйнөлүк базарлардын көзөмөлүнө же инфляцияга баш ийдирбейт. Египет фунту бүгүн реалдуу түрдө долларга байланган. Акчаны долларга байлоо да, алтын-күмүшкө тете эмес кагаз акчаны чыгаруу да акчага байланыштуу шариат өкүмдөрүнө каршы келет. Бул элдин байлыгын акырындап жоготууга жана ири мамлекеттердин Ислам мамлекетинин экономикасына үстөмдүк кылуусуна алып барат.

Мындай система менен Ислам мамлекети Эл аралык Валюта Фондуна да, тышкы карызга да муктаж болбойт. Ал айыл чарбага, оор өнөр жайга жана шариат менен жөнгө салынган соодага негизделген өндүрүш экономикасын курат. Үммөттүн бүгүн уурдалып жаткан байлыктары карыз берүүчүлөрдү же чет элдик фонддорду ыраазы кылууга эмес, мусулмандарга гана кызмат кылат.

Үчүнчүдөн: бийлик эсеп берип, бузгунчулукка жол бербейт. Ислам жана анын Пайгамбарлык минхажындагы рашид Халифалык мамлекети ар бир саясатты шариат өкүмүнө байлайт. Үммөт үчүн башкаруучуларды шариат белгилеген ыкмалар менен эсепке тартуу

милдет. Ким бузгунчулукка же кыянаттыкка барганы далилденсе, ал кызматтан алынып, калыс сот алдында жоопко тартылат.

Бүгүн болуп жаткан абал аалымдардын унчукпай калышынын, элди уктатыштын жана жалган үмүттөрдү жайылтуунун табигый жыйынтыгы. Шариат ар бир кайраттуу мусулманга азыркы режимдин Батышка кызмат кылуусун, Үммөткө кыянаттык кылуусун ашкерелөөнү, үзгүлтүксүз карыз алуунун харам экенин түшүндүрүүнү, Исламдын толук долбооруна – түзүмүнө, экономикасына жана башкаруусуна – чакырууну жана Исламды толук колдонгон, Үммөттүн байлыктарын сактаган, Батыштын үстөмдүгүнөн жана бардык түрдөгү көз карандылыктан коргогон рашид Халифалык мамлекетин куруу үчүн аракет кылып жаткандар менен бирге иштөөнү милдет кылат.

Бул долбоорду ишке ашыруу көз карандылыкты четке каккан, Исламды акыйда жана түзүм катары көтөргөн мабдаий мамлекетсиз мүмкүн эмес. Ошондуктан Халифалыкты куруу Батыштын үстөмдүгүнөн экономикалык жана саясий чечимди бошотуу үчүн зарыл шарт болуп саналат.

Египеттеги карыз кризиси жөн гана башкаруудагы кемчилик же «ресурстарды туура бөлүштүрбөө» маселеси эмес. Ал – Халифалык кулагандан бери Үммөткө таңууланган, Батыштын Эл аралык Валюта Фонду жана Дүйнөлүк банкы сыяктуу куралдары аркылуу иштетилген, өлкөнү дүйнөлүк карыз жана риба тармагына байлап койгон көз каранды кылуучв капиталисттик саясаттын табигый натыйжасы.

Үммөттү боштондукка чыгарып, анын ар-намысын жана ойгонушун камсыз кылуучу чыныгы чечим – бул Исламга кайра кайтуу жана аны амалий түзүм катары рошид Халифалык мамлекети аркылуу колдонуу. Мындай мамлекет колонизатордун колун үзөт, экономикасын акыйда негизинде курат жана Үммөттүн бийлигин, таасирин кайра ордуна келтирет.

Оо, Мисир аскериндеги ихластуу адамдар!

Оо, күчкө жана коргоого ээ болгон мисирликтер! Силердин өлкөңөр карызга батып, анын байлыктары «экономикалык реформа» деген аталыш менен – чындыгында болсо пландуу кыйроо аркылуу – сатылып жатат.

Бул трагедияны токтотууга эң кудуреттүүлөр силерсиңер. Бирок бул, бузулган системаны кайра айлантуу менен эмес, бул саткын режимди кулатып, өлкө менен калкты экономикалык жана саясий кулчулуктан бошото турган рашид Халифалык долбоорун колдоо менен гана ишке ашат.

﴿يَٰٓأَيُّهَا ٱلَّذِينَ ءَامَنُواْ ٱتَّقُواْ ٱللَّهَ وَذَرُواْ مَا بَقِيَ مِنَ ٱلرِّبَوٰٓاْ إِن كُنتُم مُّؤۡمِنِينَ﴾

***“Эй, ыйман келтиргендер! Аллахтан корккула жана эгер чыныгы момун болсоңор, сүткорлук саркындыларын таштагыла”.*** (Бакара: 278). ❑

# ЖАСАЛМА ИНТЕЛЛЕКТ ЖАНА СЕЙРЕК КЕЗДЕШҮҮЧҮ МЕТАЛЛДАР ҮЧҮН ЭЛ АРАЛЫК КҮРӨШ

**Ибрахим Мушриф – Хизб-ут-Тахрирдин**
**Судан вилаятындагы маалымат бөлүмүнүн мүчөсү**

Тарых башатынан тартып, Аллах жерди жана анда жашагандарды мурас кылган күнгө чейин эл аралык күрөш эки гана себептен улам чыгып келген:

Биринчи себеп: үстөмдүккө жана даңкка болгон сүйүү. Бул нерсе мусулмандар сыяктуу – Ислам мамлекети дээрлик 1300 жыл бою жайып келген – мабда үстөмдүгүн сүйүүдөн келип чыккан же болбосо фашисттик Италияда же нацисттик Германияда болгондой улуттун же элдин үстөмдүгүн сүйүүдөн келип чыккан.

Экинчи себеп: материалдык пайдага умтулуу.

Ислам мамлекети жана Советтик Союз кыйрагандан кийин дүйнөгө үстөмдүк кылган негизги түрткү материалдык пайдага умтулуу болуп калды. Бул абал Экинчи Пайгамбарлык жолундагы рашид Халифалык түзүлгөнгө чейин уланат. Ошондо эл аралык күрөштө мабда үстөмдүгүн сүйүү жана мабданы жайылтуу кайрадан кайтып келет. Ал дүйнөдөгү ири державалардан, анын ичинде дүйнөнүн биринчи мамлекети болгон Америкадан дүйнөнү туура эмес башкаргандыгы үчүн демилгени тартып алат.

Мамлекеттер ортосундагы күрөштүн эң кооптуу түрткүсү – бул бардык формалары жана көрүнүштөрү менен колонизаторлук. Дал ушул себептен майда-чоң согуштар, эки дүйнөлүк согуш, Перс булуңу, Африка, Афганстан, Ирак жана башка жерлердеги согуштар чыккан. Ал азыр да дүйнөнүн бардык бурчунда көйгөйлөрдү, кризистерди жана согуштарды жаратууда.

Азыркы учурда дүйнө ири державалар ортосунда сейрек кездешүүчү металлдарды көзөмөлдөө боюнча катуу жарыштын күбөсү болууда. Анткени бул металлдар заманбап технологиялык тармактарда, айрыкча жасалма интеллектте, жаңылануучу энергияда жана микросхемаларды (электрондук чиптерди) өндүрүүдө негизги мааниге ээ. Бул ресурстар санариптик жана аскердик өзгөрүүлөрдүн пайдубалына айланып, геосаясий күчтөрдүн тең салмагында чечүүчү факторго айланды. Ошондуктан роботтун маңызына, сейрек кездешүүчү металлдардын вакыйлыгына жана алардын эл аралык күрөш аренасындагы таасирине токтоло кетүү зарыл.

Робот – бул тармакта кайталануучу тапшырмаларды аткарган программалык колдонмо. Робот белгилүү көрсөтмөлөрдү аткарып,

адамдын жүрүм-турумун окшоштурат, бирок андан ылдамыраак жана так болот. Робот адамдын кийлигишүүсүсүз өз алдынча да иштей алат. Мисалы, роботтор веб-сайттар менен иштеше алат, сайттын зыяратчылары менен сүйлөшө алат же мазмунду текшере алат. Көпчүлүк роботтор пайдалуу болгону менен, айрым тышкы тараптар жаман ниетте болгон роботторду да иштеп чыгат. Ошондуктан мекемелер системаларын зыяндуу роботтордон коргоп, пайдалуу роботторду операциялык натыйжалуулукту жогорулатуу максатында колдонушат. Демек, роботтордун зыяндуу жана жаман ниеттеги түрлөрү бар, ошондой эле пайдалуу роботтор да жок эмес.

Бүгүнкү күндө роботтор дүйнөлүк технологиялык революциянын негизги таянычтарынын бири болуп эсептелет. Алар тездик менен өнүгүп, жөнөкөй өнөр жай жабдууларын өндүрүү жана саламаттык сактоодон тартып коопсуздук жана коргонууга чейинки ар түрдүү тармактарда колдонулган акылдуу системаларга айланып баратат. Технологиялык өнүгүү улам тездеген дүйнөдө сейрек кездешүүчү металлдар санарип жана технология экономикасынын кыймылдаткыч күчү болуп саналат. Неодим, лантан, диспрозий сыяктуу элементтерди камтыган бул металлдар жасалма интеллект жана жаңылануучу энергия доорунда айланып өтүүгө болбой турган өндүрүштөрдүн пайдубалына айланды. Аларга болгон суроо-талап жогорулаган шартта ири державалардын ортосунда бул стратегиялык ресурстарга үстөмдүк кылуу үчүн эл аралык күрөш күчөдү. Бул күрөштүн алдыңкы катарында АКШ менен Кытай турат. Экөө тең келечектеги технологиянын ачкычы болуп эсептелген бул сейрек металлдарды камсыздоого умтулууда. Ошондуктан сейрек кездешүүчү металлдар жасалма интеллектте негизги ролду ойнойт. Анткени ал сейрек металлдарга өзгөчө таянган технологиялык тармактардын бири. Атап айтканда, электрондук микросхемалар (чиптер жана процессорлор) сейрек металлдарга таянат. Өркүндөтүлгөн батареялар, акылдуу түзүлүштөрдү иштетүү үчүн бул металлдар талап кылынат.

Жасалма интеллект канчалык өнүксө, сейрек металлдарга болгон суроо-талап ошончолук өсөт. Мына ошондо бул металлдардын дүйнөнүн технологиялык жана экономикалык келечегиндеги мааниси айкын болот. Мындан тышкары, алар ири державалар үчүн стратегиялык ролго ээ.

Сейрек кездешүүчү материалдар ири державалар үстөмдүк кылууга ашыккан куралга айланды. Анткени алар мамлекеттин экономикалык жана саясий позициясын бекемдөөдө чоң мааниге ээ. Сейрек кездешүүчү металлдар жөн гана чийки зат эмес, алар технологиялык рынокто жана аскердик экономикада таасирди күчөтүүчү күч куралы

болуп саналат. Вашингтон бул тармакта Кытайга болгон көз карандылыгын азайтууга аракет кылууда. Ички казып алуу иштерин өнүктүрүүгө болгон аракеттерине карабастан, АКШ дагы эле бул металлдарды чет өлкөдөн импорттоого таянат. Бул болсо аны геосаясий коркунучтарга дуушар кылат.

Кытай — дүйнөлүк сейрек кездешүүчү металл өндүрүшүнүн болжол менен 70%ын көзөмөлдөйт. Ал бул ресурстардын эң ири запасына ээ жана бул аны эл аралык аренада абдан күчтүү позицияга алып чыгат. Кытай бул стратегиялык артыкчылыгын соода жана дипломатиялык күрөштөрдө кысым куралы катары колдонууда. Мына ушул жагдай АКШ менен Кытай ортосундагы сейрек металлдар боюнча катуу күрөштү айкын көрсөтөт. Бул азыркы доордун геосаясий күрөшүнүн эң көрүнүктүү белгилеринин бири болуп калды. Сейрек кездешүүчү металлдар азыр жөн гана экономикалык ресурс эмес, саясий кысым көрсөтүүчү курал катары да колдонулууда.

1990-жылдардын башында эле Кытай сейрек кездешүүчү металлдардын заманбап жана акылдуу технологиялардагы маанисин сезип, аларды казып алуу, башка металлдардан бөлүп алуу жана тазалоо технологияларын өнүктүрүүгө инвестиция салган. Натыйжада, XXI кылымдын башында дүйнөлүк өндүрүштүн 90%ын ээлеп, эмгек акынын арзандыгы жана экологиялык катаал нормалардын жоктугу сыяктуу шарттардан пайдаланып, өндүрүштөгү ашыкча көлөмдү атаандаштыкка жөндөмдүү баада экспорттоого жетишти. Кытай дүйнөдөгү эң ири сейрек кездешүүчү металлдарды иштетүүчү заводдорго ээ жана бул түрдөгү металлдарды өндүргөн аз сандагы мамлекеттердин алдыңкы катарында турат. Ал дүйнөлүк сейрек кездешүүчү металлдардын запасынын дээрлик жарымын монополия кылат. Анын артынан Бразилия, Вьетнам жана Россия турат, ал эми АКШнын үлүшү болгону 12%ды түзөт. Америка ичинде Калифорнияда бир гана кен бар, бирок ал жерден алынган сейрек металл концентраттары Кытайга жөнөтүлүп, ошол жакта иштетилет. Мындай жагдайдын жаралышы АКШнын металлдарды иштетүү процессинен келип чыккан экологиялык зыяндардан качууга аракет кылышы менен түшүндүрүлөт.

Ал эми Украинада Улуттук геологиялык агенттик бир нече аймактарда, өзгөчө жарым-жартылай Россиянын көзөмөлүндө турган өлкөнүн чыгышында сейрек кездешүүчү металлдардын бар экенин ырастады. 2025-жылдын 4-февралында АКШ президенти Дональд Трамп Украинанын табигый ресурстарын пайдалануу аркылуу стратегиялык кызматташууну чыңдоо максатында АКШга сейрек кездешүүчү металлдарды берүү ниетин билдирди. Бул үчүн ал

АКШнын Украинага согуштук аракеттерине каржылык колдоо көрсөтүүсүн шарт кылды. Ошол эле жылдын 12-февралында АКШнын каржы министри Скотт Писент Киевде Украина президенти Владимир Зеленский менен жолугушуу учурунда сунушун расмий түрдө берди. Сунуш боюнча, АКШ болжол менен жарым триллион долларлык аскердик жардамдын акысына Украинанын сейрек кездешүүчү металлдарынын 50%ына ээлик кылуу укугун алмак. Бул металлдарга литий, титан жана графит кирет, алар жогорку технологиялык өнөр жай үчүн өтө маанилүү болуп саналат жана көбүнчө Украинанын чыгышындагы согуш жүрүп жаткан аймактарда жайгашкан. Өз кезегинде Зеленский бул сунушту четке какты, учурда 2022-жылдан бери Россия менен согушуп жаткан жана Батыштын аскердик жана экономикалык жардамына абдан таянган Украина ушундай оор абалда турат.

Кытай бир нече жолу сейрек кездешүүчү металлдардын экспортун кыскартуу мүмкүнчүлүгүн кыйыткан. Бул болсо жасалма интеллект жана өнүккөн аскердик системалар сыяктуу технологияларда пайдаланылган бул материалдарга таянган АКШнын улуттук коопсуздугуна коркунуч туудурат.

Өз кезегинде, АКШ бул тармакта Кытайга болгон көз карандылыгын азайтуу максатында ички кен казуу иштерин стимулдаштырууга жана Австралия менен Канада сыяктуу башка өлкөлөрдөгү долбоорлорду колдоого умтулууда. Бирок Кытай АКШдан өндүрүш боюнча гана эмес, ошондой эле казып алуу жана тазалоо технологиялары боюнча да алдыда тургандыгы чыныгы көйгөй болот.

2025-жылдын 4-апрелинде Кытайдын Соода министрлиги сейрек кездешүүчү 7 түрдөгү металлды экспорттоого лицензия берүү системасын киргизерин жарыялады. Алардын катарына самарий, гадолиний, тербий, диспрозий, лютеций, скандий жана иттрий кирет. Ошондой эле, чечим бул элементтерди камтыган продукцияларды да өз ичине алат. Алардын арасында кеңири колдонулган NdFeB туруктуу магниттери да бар, бул магниттер электр кыймылдаткычтарында жана катуу диск сактагычтарында көп колдонулат. Буга жооп иретинде Трамп 30-майда социалдык тармактар аркылуу Кытайды сынга алды. Ал сейрек кездешүүчү металлдар тууралуу ачык айтпаганы менен, постунда: «Жаман кабар... Кытай, таң калычтуу деле болбосо керек, биз менен түзүлгөн келишимди толугу менен бузду» деп билдирди.

Кытайдын өсүшүн ооздуктоо үчүн АКШ маалымат технологиясына жана жарым өткөргүч тармактарына бир катар санкцияларды

киргизди. Дональд Трамптын биринчи президенттик мөөнөтүндө негизги кытайлык компаниялар «кара тизмеге» киргизилип, ал эми Жо Байдендин доорунда чектөөлөр дагы күчөтүлдү. 2022-жылдын октябрында Байден дүйнөлүк наночип өндүрүүчүлөрүнө өнүккөн технологияларды Кытайга сатууга тыюу салды, бул болсо чыңалууну күчөттү. Анын администрациясы кийин дагы да катаал санкцияларды киргизди. Байден же Трамп бийликте болобу, айырмасыз, Кытайды ооздуктоо жана чектөө саясаты өзгөрүүсүз калды.

Бул чектөөлөргө карабастан, Кытай акыркы мезгилде олуттуу ийгиликтерге жетишти. Алар болгону 6 миллион долларга «DeepSeek R-1» аттуу жасалма интеллект моделин иштеп чыгышты. Бул АКШнын ири технологиялык корпорациялары миллиондогон долларларды коротсо да жете албаган натыйжа. Ошондой эле Кытай 3 нанометрлик чипти иштеп чыгууда да ийгиликке жетишти, бул багытта мурун Тайвандын TSMC компаниясы үстөмдүк кылчу.

АКШнын компаниялары 16 миң өнүккөн чиптен турган ири суперкомпьютерлерге таянса, DeepSeek болгону 2000 эскирээк Nvidia чиптерин колдонуп, окшош натыйжага жетишти. Бул аппараттык кубаттуулукка ашыкча көз карандылык эмес, ресурстарды натыйжалуу пайдалануу менен да чоң жетишкендикке жетүүгө болорун далилдеди. Мындай технологиялык прогресс АКШдагы, анын ичинде наночип өндүрүүдө лидер болгон Nvidia компаниясына ири каржылык жоготууларды алып келди. Натыйжада мамлекеттин ачык кийлигишүүсү болду. 31-январда Трамп Nvidia компаниясынын башкы директору менен жолугуп, DeepSeek долбоорун талкуулады.

Бирок Кытайдын стратегиясы экономикалык атаандашуудан ары өтпөйт. Ал дүйнөлүк экономикалык аренага активдүү катышканы менен, анын ыкмасы көбүнчө өз аймагында коргонуу мүнөзүнө ээ болуп, тикелей үстөмдүк кылуудан көрө, туруктуулукка жана стратегиялык экономикалык кеңейүүгө артыкчылык берет. Батыш өлкөлөрү Кытайга болгон көз карандылыгын азайтууга аракет кылып жатканына карабастан, учурдагы абал сейрек кездешүүчү металлдар боюнча күрөш келечекте дагы күчтүү уланаарын көрсөтүүдө. Жасалма интеллекттин келечеги мамлекеттердин бул стратегиялык ресурстарды камсыздоо жөндөмүнө көз каранды болуп калат. АКШ менен Кытай ортосундагы атаандаштык күчөгөн сайын, технологиялык коопсуздук жана экономикалык көз карандысыздык бул металлдарга жетүү мүмкүнчүлүгү менен тыгыз байланышат. Ошондуктан АКШ өзүнүн дүйнөлүк системасын глобалдашуу, менчиктештирүү, Эл аралык Валюта Фондунун талаптарын таңуулоо жана «инвестиция» деп аталган башка колонизатордук ыкмалар аркылуу өлкөлөргө кирип,

биздин байлыктарыбызды талап-тоноо үчүн колдонот. «Аш-Шарк аль-Аусат» гезити 2017-жылдын июнунда жазгандай, Судандын Кен байлык министрлиги стратегиялык өнөр жайларда колдонулуучу сейрек кездешүүчү металлдарга бай кен тилкелерин иштетүүнү өлкөдөгү 400дөн ашуун жергиликтүү компанияларга жана бул тармакка адистешкен эл аралык компанияларга сунуштаган.

Судандын Кен байлыктар министрлигине караштуу Геологиялык изилдөөлөр мекемесинин убактылуу директору, инженер ан-Нур Коку «Аш-Шарк аль-Аусат» гезитине билдиргендей, Кызыл деңизде жана башка аймактарда жүргүзүлгөн байкоолор менен ачылыштар өлкөнүн бир нече кен тилкелеринде сейрек кездешүүчү металлдардын бар экенин тастыктады. Ал табылган сейрек металлдардын эки түрүн белгиледи, бири — илимий максаттар үчүн колдонулуучу физикалык түрү, экинчиси — өлкөдөгү акыркы беш жылда кеңири колдонула баштаган ири стратегиялык өнөр жайларда пайдаланылуучу түрү.

Судандын парламенти Курман айт алдындагы өргүүгө чейин Кен байлыктар министрлигинин 2016-жылдын акыркы чейреги менен 2017-жылдын биринчи чейрегиндеги иши тууралуу отчетун, ошондой эле 2017-жылдын калган бөлүгүндөгү пландын негизги багыттарын камтыган планды жактырды. Бул документти парламенттин Энергетика жана тоо-кен комитети сунуштаган. Отчетто министрлик тарабынан сейрек кездешүүчү металлдарга инвестиция тартуу программасы белгиленип, Кен байлыктар министри профессор Хаким Салим быйылкы жылы бардык металлдар боюнча инвестицияны диверсификациялоону жана сейрек кездешүүчү металлдарга инвестиция тартууга жол ачуу максатын билдирди.

Ал эми бул металлдардын ири запастарына ээ өлкөлөр — Австралия, Россия жана Канада — бүгүн стратегиялык жактан эбегейсиз артыкчылыктарга ээ болуп турат. Материалдык жана өзүмчүл табиятка ээ капиталисттик система, анын байлыктарды бай өлкөлөрдүн байларына талап-тоноо кызматын аткарган механизмдери дүйнө өлкөлөрүндө үзгүлтүксүз жана кайталанып туруучу бардык экономикалык жана каржылык кризистердин башкы себепчиси болуп саналат.

“BBC Arabic” 2014-жылдын октябрында жарыялаган Кредит Свисс уюмунун отчетуна ылайык, дүйнө калкынын 1%ы дүйнөлүк байлыктын жарымына жакынын көзөмөлдөйт, ал эми калктын 50%ы байлыктын болгону 1%ына ээ. Бул отчет капитализм мабдасынын кемчилигин айкын ачып берет. Анткени ал дүйнөдөгү жүз миллиондогон адамдардын жашоосун аз сандагы таасирдүү жана бай адамдар үчүн чыдагыс тозокко айлантты. Бул капитализм мабдасынын

бузгунчулугун жана адамзатка жараксыз экенин далилдейт. Себеби мабдалар зулумду мыйзамдаштырып, ач көздүк, өзүмчүлдүк жана индивидуализмди нормалдаштырууга эмес, адамдардын иштерине кам көрүп, аларды караңгылыктан жарыкка чыгарууга тийиш.

Бул жүздөгөн отчеттордун ичинен бири гана. Алар адамзат адилеттүүлүктү, тынчтыкты жана ырайымдуулукту камсыз кылган система үчүн канчалык муктаж экенин көрсөтөт. Мындай система болсо Пайгамбарлык минхажындагы рашид Халифалыкты куруп, дүйнөдө кайрадан лидерлик ордун ээлөөгө даярданып жаткан улуу Ислам мабдасында гана бар. Мындай Халифалыкта өндүрүш аскердик өнөр жай негизинде курулат. Күчтүү өнөр жай түзүү үчүн аскердик өнөр жайга көңүл буруу зарыл. Мисалы, АКШ жана Кытай дүйнөдөгү өнөр жай державалары, анткени алардын аскердик өндүрүшкө багытталган саясаты бар. АКШ өнүккөн «стелс» учактарын, жогорку деңгээлдеги компьютерлерди жана космостук технологияларды чыгарат. Германия менен Жапония Экинчи дүйнөлүк согуш учурундагы аскердик өндүрүш багытынын артынан бүгүнкү күндө өнүккөн автоунаа, бронетехника жана реактивдүү кыймылдаткыч тармактарына жетишкен. Аскердик жана космостук технологиялар керектөөчү товарларда жана кошумча продукцияларда көптөгөн инновациялардын булагы болуп саналат. Мисалы, үй тиричилик электр шаймандары, идиштер телефон технологиясын колдонуу, үй шаймандарын башкаруу үчүн интернет системаларын пайдалануу, мунун баары аскердик жана космостук тармактардан чыккан технологиялык жетишкендиктердин мисалдары.

Ал эми, айрым мусулман өлкөлөрүндө, мисалы Пакистан, атом куралдары өндүрүлгөнүнө карабастан, колонизаторлук себептен улам оор өнөр жайдан ажыратылган. Анын куралдуу күчтөрү согушкер колонизатор мамлекеттердин аскердик технологиясына көз каранды. Анын экономикасынын байланыш, кыймылдаткычтар, оор машиналар сыяктуу көптөгөн маанилүү тармактары чет элдик продукцияга жана технологияга таянат. Ошондуктан Халифалык өндүрүштү согуштук негизде жолго коюп, эч бир мамлекетке көз каранды болбойт. Ал оор өнөр жайга байланышкан изилдөө жана өндүрүү аракетин өнүктүрөт жана бул экөө тең мамлекеттин лидердик көз карашынын алкагында кабыл алынат. Мисалы, дүйнөдөгү биринчи держава катары АКШ ири оор өнөр жайларды түзүп, немис ракеталык инженерлери сыяктуу чет өлкөлүк илимпоздорду пайдаланган, ошондой эле технологиялык изилдөө жүргүзгөн университеттерди түзгөн. Өткөн заманда Халифалыктагы университеттер Европа элитасы үчүн эң артыкчылыктуу окуу жайлары болгон. Араб тили илим жана

технология жаатында дүйнөлүк тил болуп эсептелген. Ал эми, Халифалыктагы курал-жарак өндүрүшү дүйнөнүн бардык булуң бурчунда Үммөт душмандарынын жүрөгүнө коркунуч салган.

Демек, мамлекет Халифалыктагы өнөр жайды дүйнөлүк деңгээлде лидер кыла турган изилдөө борборлорунун болушун камсыз кылууга тийиш. Бул мамлекет тарабынан ири инвестицияларды талап кылат жана өнөр жайды университеттик изилдөөлөр менен байланыштырып, мамлекеттин инженерлерге, архитекторлорго, шаар куруучуларга, дарыгерлерге, тарбия илимпоздоруна, айыл чарба инженерлерине жана башкаларга болгон муктаждыгын камсыз кылат. Мындан тышкары, мамлекет жеке сектор мекемелерин да изилдөө жана өндүрүү тармагында өз ролун ойноого үндөйт.

Хизб ут-Тахрирдин Конституция долбоорунун 162-беренесиндеде: “Калктын бардык адамдары турмуштун бардык тармактарына тиешелүү болгон илимий лабораторияларды ачуу укугуна ээ болушат. Негизи, мындай лабораторияларды ачуу мамлекеттин милдети” – деп табанний кылган. Бүгүнкү Ислам дүйнөсүндө болсо “мээлердин” массалык көчүшү байкалууда, мыктылар өз жөндөмүн дароо жана түз пайдалана турган өлкөлөргө көчүп кетишүүдө.

Халифалык өнөр жай мамлекети болууга умтулгандыктан, оор өнөр жай, моторлор, ар кандай жабдуулар сыяктуу нерселерди иштеп чыгууда жалпы өнөр жайдын кыймылдаткычы болушу керек. Ага мамлекеттик каржылоо жана жеке инвестициялар отун болушу зарыл. Ошондой эле мамлекет стратегиялык өнөр жайларга үстөмдүк кылууга тийиш.

Мусулман өлкөлөрүндөгү ири байлыктарга, анын ичинде банктарда жана баалуу кагаздар рыногунда өнөр жай инвестициясынан алыстатылып турган триллиондогон долларларга карабастан, саткын режимдер колонизаторлордон карыз алып, анын шарттары аркылуу жергиликтүү өнөр жайды (жеке жана мамлекеттик сектордо) өнүктүрүүгө тыюу салышты. Халифалык кайтып келген алгачкы күндөн тартып дүйнөдөгү атаандашы жок, мурункудай дүйнөлүк лидер мамлекет болууга умтулат.

Өнөр жай тармагына келсек, мамлекеттин саясатынын аскерий багыты оор өнөр жай базасын түзүүгө алып келет. Хизб ут-Тахрир Конституция долбоорунун 74-беренесинде мындай деп белгиленген: «Өнөр жай башкармалыгы өнөр жайга тиешелүү бардык иштерге башчылык кылат. Бул орунда өнөр жай мотор жана тетиктерди иштеп чыгаруу, машина куруучулук, чийки сырьё жана электроника өнөр жайы сыяктуу оор өнөр жай болобу же жеңил өнөр жай болобу, мунун айырмасы жок. О.э. бул орунда завод жана фабрикалардын жеке

менчик мүлк же умумий мүлк болушунун да айырмасы жок. Бардык завод жана фабрикалар аскерий өнөр жайга тиешелүү тармак болгондуктан, алардын баары аскерий саясат негизине курулушу керек».

Берененин түшүндүрмөсүндө мындай деп айтылат: «Мамлекет өз ишин толук көзөмөлдөп, башка бирөөнүн таасиринен алыс болушу үчүн куралын өзү жасап, өзү өнүктүрүүгө тийиш. Ошондо ал ар дайым өз тагдырын өзү чечкен, курал жагынан эң жаңы жана күчтүү деңгээлде болгон мамлекет болот. Курал канчалык өнүгүп, өзгөрбөсүн, мамлекет өзүнө керектүү бардык куралдарды колунда кармап, ар кандай ачык-айкын же ыктымалдуу душманды коркутууга даяр болушу шарт».

Ошондуктан улуу Ислам дини умумий мүлккө кирген ресурстарды — кен байлыктарды, күйүүчү май булактарын жана бардык энергия түрлөрүн, анын ичинде электр энергиясын жалпы элдин пайдасына таандык кылган. Мамлекет алардан пайдаланууну камсыз кылат жана бул булактарды колдонгон заводдор да жалпы мүлккө кирет. Мындай заводдор фардий мүлк болууга тийиш эмес. Бул көмүр, алтын, жез, жайыттар, газ иштетүүчү заводдор, электр энергиясын өндүрүүчү станциялар жана аны бөлүштүрүүчү тармактарды да камтыйт. Мындан тышкары, фардий мүлктөрдү улутташтыруу же умумий мүлктөргө кошууга да тыюу салынат.

Хизб ут-Тахрир сунуштаган Конституция долбоорунун 138-беренесинде мындай деп айтылат: «Ишкана табиятына карай фардий мүлк болуп эсептелет. Бирок, ал өзүндө өндүрүлө турган продукциянын өкүмүн алат. Эгер продукция фардий мүлк эсептелсе, ишкана да фардий мүлк болот: токуучулук ишканалары сыяктуу. Эгер продукция умумий мүлктөн болсо, ишкана да умумий мүлк эсептелет: темир иштеп чыгаруу ишканалары сыяктуу».

139-берене: «Мамлекет фардий мүлктү умумий мүлккө айландырышы мүмкүн эмес. Анткени, умумий мүлк мамлекеттин райына карап эмес, балким, мүлктүн өзүнө жана сыпатына карай өз ордун табат».

140-беренеде: «Үммөттүн ар бир өкүлү умумий мүлкчүлүк алкагына кирген бардык байлыктардан пайдалануу укугуна ээ. Мамлекет бирер адамга умумий мүлккө ээлик кылууга же аны өз пайдасына моюн сундурууга (эксплуатациялоого) уруксат берип, калкты андан куру калтырышы таптакыр мүмкүн эмес».

Ошондуктан мамлекет өзүнүн куралын, согуштук жабдууларын жана запастык тетиктерин өзү чыгарууга тийиш. Бул максатка мамлекет оор өнөр жайды кабыл алып, алгач оор өнөр жайды

чыгаруучу заводдорду курууну баштаганда гана жетише алат. Бул аскердик жана аскердик эмес тармактарды да камтыйт.

Мамлекет атом куралын, космостук аппараттарды, ракеталарды, спутниктерди, учактарды, танктарды, замбиректерди, аскердик кемелерди, ар кандай түрдөгү бронетехника жана оор-жеңил куралдарды өндүрүүчү заводдорго ээ болушу зарыл. Ошондой эле ал машиналарды, кыймылдаткычтарды, материалдарды, электрондук өнөр жайды өндүрүүчү заводдорго, умумий мүлккө байланыштуу заводдорго жана аскердик өнөр жайга тиешеси бар жеңил өнөр жай ишканаларына да ээ болушу керек.

Өнөр жайдын өнүгүүсүн каржылоо маселесинде негизги тармактар күчтүү негизде курулат. Бул аслында умумий мүлк болгон байлыктарды кайрадан умумий жана мамлекеттик мүлк макамына кайтаруу аркылуу ишке ашат. Ошондой эле кирешелерге байланыштуу башка шариат өкүмдөрү да колдонулат. Натыйжада, мамлекет өнөр жай өнүгүүсүн мамлекеттик жана жеке сектор аркылуу, башка элдерге таянбастан жана алардын шарттарына баш ийбестен каржылай алат. Бул мамлекетке аскердик технология, кийим-кече, турак-жай, билим берүү жана саламаттыкты сактоо сыяктуу тармактарда өз алдынчалыкка жетүүгө мүмкүндүк берет.

Ошондой эле согушпаган мамлекеттер менен болгон тышкы соода саясаты аларды Исламды кабыл алууга үндөгөн ыкмада жүргүзүлөт, натыйжада Ислам акырындап бүт дүйнөгө үстөмдүк кылат. Хизб ут-Тахрир Конституция долбоордун 165-беренесинде мындай делет: «Чет элдик капиталды өлкө ичинде пайдаланууга жана инвестиция кылууга тыюу салынат. Ошондой эле чет элдиктерге концессия берүүгө да тыюу салынат».

Мындан тышкары, кыйратуучу шарттары бар колонизаторлук насыяларга кайрылбоо жана анын ордуна мамлекеттин ири кирешелерине, анын ичинде нефть, газ жана сейрек кездешүүчү металлдар сыяктуу умумий мүлккө таянуу зарыл. Ири державалар материалдык пайдага жетүү үчүн тынымсыз аракет кыла берет жана бул, сөзсүз түрдө, алардын кыйрашына алып келет. Дүйнө бул азаптан жана байлыктардын тонолушунан улуу Ислам мабдасы аркылуу гана кутула алат. Аны экинчи Пайгамбарлык минхажындагы рашид Халифалык ишке ашырат жана мабданы жаюуну эл аралык күрөштүн себепчиси кылып, материалдык пайда артынан жүгүрүү эмес, адамдарды караңгылыктан жарыкка чыгаруу максатын коёт. ❑

## Гарьяний муфтиятынын мүчөсү: Рабиъ аль-Мадхалинин түшүнүгү менен күрөшүү важиб

Триполидеги ас-Садык аль-Гарьяний муфтиятынын мүчөсү Абдулла аль-Жуайди саудиялык маркум шейх Рабиъ аль-Мадхалинин түшүнүгү менен күрөшүүгө чакырып, ага каршы дуба кылуунун да, каргоонун да мааниси жок экенин билдирди.

Жуайди өзүнүн Фейсбуктагы баракчасында мындай деди: «Маселе өлгөн кишиге каршы дуба кылууда же аны каргоодо, ал тургай аны лаанат кылууда эмес. Андан да кооптуу жагы ал калтырып кеткен туура эмес пикирде. Ал пикир бидъат менен башкалардын канына жана абийирине карата халал деп мамиле кылууну өзүнө камтып алган».

Ал минтип кошумчалады: «Сенин негизги тынчсызданганың ушул ашыкчалык менен күрөшүү болсун. Ал эми бул адам өз Раббисине кайтып, эч кандай жолдоочусу да, бийлиги да жок бойдон кетти. Өлүм өзү эле чоң насаат, ал валий болуп өлдүбү же бактысыз болуп өлдүбү, анысы маанилүү эмес».

Белгилей кетсек, саудиялык шейх Рабиъ аль-Мадхали салттуу салафий мектебинин көрүнүктүү өкүлдөрүнүн бири болгон. Ал оорунун айынан 92 жашында көз жумду.

## Яхудий түзүмүнүн армиясы Ливандын Триполис шаарынын жанында ХАМАСтын бир жетекчисине чабуул жасады

Яхудий баскынчы армиясы 2025-жылдын 7-июлунда ХАМАС кыймылынын жетекчиси Мехран Мустафа Баажурду Түндүк Ливандын Триполис шаарында бутага алганын жарыялады. Бул чабуул аймакка жасалган аба соккусунан кийин болгону кошумчаланды.

Алар “X” баракчасында билдиргендей, чабуул Аскер-аба күчтөрүнүн учагы менен, Түндүк аймак командачылыгынын жана аскердик чалгындоо башкармалыгынын багыттоосу боюнча ишке ашырылган. Алардын айтымында, Баажур (Израил) менен анын армиясына каршы көптөгөн пландарды жайылтып жана багыт берип келген, анын ичинде азыркы согуш маалында Нагарияга, Кирият-Шмонага жана өлкөнүн башка шаарларына ракеталык снаряддарды аткылоо пландарынын ишке ашуусуна катышкан.

**Ал-Ваъй**: яхудий түзүмү түндүктө да, түштүктө да мусулмандарды өлтүрүүнү улантып жатканда башчылар — анын ичинде Ливан башчылары да — аларды ыраазы кылууга гана умтулушат. Элге болсо, системалуу кыргынды карап туруу менен гана чектелүүнү буйрушуп, болбосо аларды да ошондой тагдыр күтөөрүн эскертип коркутушат. Бул өлтүрүүлөр Литани дарыясынын сызыгынан кыйла алыс аймактарда

болуп жатат. Ливан бийлигинин абалы болсо алар жөн гана өкүлдөр. Алар маскара тынчтык келишимин сактоо менен эле чектелбей, баскынчы түзүмгө өлкөнүн аймагын ал күткөндөн да көбүн берип жатышат.

## Жада калса айкелдерди жана жасалгаларды жылдырууда да Сириядагы жаңы өкмөт «эл аралык коомчулукка» актануу менен алек!

2025-жылдын 3-июлунда Алеппо шаарынын губернатору, инженер Аззам ал-Гарийб шаар борборундагы Саадулла Жабири аянтында жайгашкан «Шахиддер айкелин» демонтаждоо окуясынын чоо жайын түшүндүрдү. Бул айкел 2-июлда аянтты кайрадан калыбына келтирүү долбоорунун алкагында көчүрүү учурунда сынганы социалдык тармактарда чоң талкуу жараткан.

Ал-Гарийбдин айтымында, айкелди көчүрүү иши шаардык кеңеш жана мурастар башкармалыгы менен координацияланган. Максат аянтты ачык маданий мейкиндикке айлантуу болгон. Бирок ал «көзгө илешпестен ишке ашканын» белгилеп, бул шалаакылыктын артындагыларды дароо жоопко тартуу керектигин кошумчалады.

Алеппо мурастар жана музей башкармалыгынын билдирүүсүндө айкелди көчүрүү анын көркөм баалуулугун сактап калуу үчүн жасалганы айтылды. Аны адистер оңдоп-түздөп, кийинчерээк музейге жайгаштыруу пландалууда. Мындан тышкары, айкел мурунку ордунда турганда жаңы коюлган башкы экранды жарым-жартылай тосуп калганын билдиришти.

Активисттер жарыялаган видеолордо айкелди тартуу механизми менен көтөрүүгө аракет жасалганда анын үстүңкү бөлүгү сынып түшкөнү көрүнгөн. Айрымдар окуянын жагдайын так аныктоо жана зыян үчүн жооптууларды жазалоо боюнча ачык тергөөнү талап кылышты. Алар айкелди мурунку абалына кайтарууга да чакырышты. Алеппо губернаторлугу болсо бул чечимдин артында эч кандай идеологиялык себеп жок экенин баса белгиледи.

**Ал-Ваъй**: кызыгы, Хайат Тахрир аш-Шамдын жетекчилери мурунку айкелдерди уратууга чакырып, адамдардын мүрзөлөрдү зыярат кылышына каршы чыгышчу эле. Бирок, эми болсо «эл аралык коомчулукту» ыраазы кылуу максатында айкелдерди сактап калуу же башка жерге көчүрүү тууралуу ачык айтышууда!

## Шара Сириянын жаңы «визуалдык өздүк» долбоорунун ишке киргизилишинде сөз сүйлөдү

Сириянын башчысы Ахмад аш-Шара 2025-жылдын 3-июлунда ишке киргизилген мамлекеттин жаңы визуалдык өздүгү (идентүүлүгү) бөлүнбөгөн жана бөлүнүүгө жол бербеген, бирдиктүү Сирияны чагылдырат деп ырастады. Ал Дамасктагы Эл сарайында өткөн жаңы визуалдык өздүктү таанытуу аземинде сүйлөп жатып мындай деди: «Бир убактарда, байыркы замандарда, бир шаарда адамдардын бир жамааты чогулуп, алгачкы адамзат тарыхы ошол жерден башталган деп айтылат. Адамдар көбөйгөн сайын алардын жүрүм-турумун тартипке салуу зарыл болуп калды. Алар эгин эгип, өнөрчүлүк кылышып, курулуш куруп, дүйнө тааныган алгачкы борборду салышты. Ал борбор Дамаск шаары».

Ал кошумчалап: «Тарыхты карап чыккан адам Шам дүйнө тарыхынын башы да, акыры да экенин түшүнөт. Ал эми мурунку режимдин доорунда жашаган күндөр Шам тарыхындагы эң кор болгон доор болуп калды», - деген. Бул тууралуу САНА Сирия маалымат агенттиги кабарлады.

Аш-Шара сөзүн улап: «Эй Сирия калкы! Сириянын өмүр баяны силер менен уланат. Тарых баян кылат: силердин эң төмөн түшкөн дооруңар бүттү, эми көтөрүлүү дооруңар башталды. Силердин төгүлгөн каныңар текке кеткен жок. Силердин азап-тозокторуңар уга турган кулактарга жетти. Силердин көчүп кетүүңөр токтоду, түрмөлөрүңөр бошоду, ал эми сабырыңар жеңишке алып келди».

Ал мындай деп баса белгиледи: «Бүгүнкү майрам — Сириянын жана анын уул-кыздарынын жаңы тарыхый этабындагы инсандыгынын белгиси. Бул инсандык өзүнүн сапаттарын жырткыч канаттуудан алып, андан күчтү, чечкиндүүлүктү, ылдамдыкты, тактыкты жана жаңычылдыкты өздөштүрөт».

Ошондой эле: «Биз бүгүн ишке киргизген өздүк маданий жана улуттук ар түрдүүлүк — бул бөлүнүүнүн же тирешүүнүн булагы эмес, тескерисинче, байытуунун жана өркүндөтүүнүн фактору. Ал өздүк сириялык адамды калыптандырууну жана миграцияга мажбур болуп келген сириялык өздүктү кайра калыбына келтирүүнү билдирет. Биз ага кайрадан ишенимин, ар-намысын жана ички-тышкы табигый ордун кайтарып беребиз», - деди аш-Шара.

**Ал-Ваъй**: Ахмад аш-Шаранын «түрмөлөр бошоду» деген жалган сөздөрүнөн алыс туруп, Идлибдин түрмөлөрү ондогон жылдардан бери кайраты сынбаган жигиттер менен толуп турганы чындык деп айтабыз. Бирок анын «ойгонуу доору келди» деген сөзү өзгөчө көңүл бурдурду. Ал Сирия элинин да, жалпы мусулман Үммөтүнүн да ойгонушу

улуттук, аймактык жана расалык негиздеги тар чектөөлөргө эмес, Исламга, анын сакафатына жана шариятына гана негизделерин түшүнбөй жатат. Анткени мындай улутчулдук Үммөттү Сайкс–Пико чийген сызыктарга же колонизатордун кийинки чийген чек араларына ылайык бөлүп-жарат. Мындай тар көз караш дүйнө жашоосу тууралуу да, анын түшүнүктөрү жана мыйзамдары тууралуу да эч кандай мабдаий көз карашты сунуштабайт. Бул көз караш Аллах Таала эң катуу тыюу салган нерселердин бири болуп эсептелет.

## Германиянын Ганновер шаарында муслима кыздын өлтүрүлүшүнүн артында улутчулдукка негизделген жек көрүү бар

Берлиндеги Алжир элчилиги Алжир жараны Рахма Айяттын өлтүрүлүшү боюнча негизги шектүү кармалганын жарыялады. Ал Германиянын Ганновер шаарында жашап келген. Элчилик Фейсбуктагы расмий баракчасында 4-июлда болгон бул кылмышка байланыштуу «терең кайгыруу жана чоң кайраттуулук» билдирип, маркумдун үй-бүлөсүнө көңүл айтып, Аллахтан ага рахмат тиледи.

Алжирдин «Аш-Шурук» гезити маалымдагандай, 26 жаштагы Рахма Айят Оран шаарынан чыккан жана медайымдык тармагында студент болгон. Ал 31 жаштагы немис жараны тарабынан бычакталганы айтылат.

Маркумдун кайгыга батып турган энеси жергиликтүү маалымат каражаттарына берген маегинде кызынын курбулары кылмыш улутчул себептер менен жасалганын, анткени Рахма хижаб кийип жүргөнүн, кошуналары тарабынан көптөн бери кысымга алынганын айтышканын билдирди. Бирок полиция азырынча кылмыштын мотивин аныктай элек жана шектүүгө айып тагылган жок. Тергөө уланууда.

**Ал-Ваъй**: эгер мыйзамдарда кылмышкерлерге жаза чара катуу жана чечкиндүү түрдө колдонулса, кошуна бул кылмышты жасоону жеңил көрмөк беле? Бирок адамдардын акылына таянган мыйзам чыгаруу сөзсүз түрдө жакшылык менен жамандык тууралуу карама-каршы түшүнүктөрдү пайда кылат жана адамзатка чыныгы жакшылык алып келбейт.

Башка жагынан алганда, эгерде Германиядагы көптөгөн саясий партиялар тарабынан жүргүзүлүп келе жаткан системалуу Исламга каршы үгүт болбогондо, ал кошуна Исламга жана анын асыл баалуулуктарына ушунчалык жек көрүү менен мамиле кылмак беле? Алардын ушундай үгүттөрүнө алданып, акылын саткан адамдар ушундай кылмыштарга барып жатат.

Эгер Ислам Үммөтүнүн дүйнөгө Исламдын чыныгы сүрөтүн көрсөтүп, анын дааватын көтөрүп чыккан мамлекети болгондо мындай терс стереотиптер өз максаттарына жетмек эмес?

## Миңдеген Индия мусулмандары жаңы вакф мыйзамына каршы чыгышты

2025-жылдын 28-июнунда Индиянын Бихар штатында жана коңшу аймактарда көптөн бери болуп көрбөгөн көрүнүш жүз берди. Жүз миңдеген мусулмандар Патна шаарынын борборундагы тарыхый «Ганди Майдан» аянтында чогулуп, акыркы жылдардагы Индия мусулмандарынын эң ири элдик наразычылык акцияларынын бирин өткөрүштү. Бул чоң митинг «2025-жылдагы вакф мыйзамына» каршы уюштурулду. Ал мыйзам быйыл жыл башында күчүнө кирген. Наразы болгондор аны «Ислам вакфтарын талап-тоноонун, мечиттерди, көрүстөндөрдү жана медреселерди бузуп жок кылуунун мыйзамдуу жолу» деп мүнөздөштү. Чогулгандар «ыйык жайларды бузуулар күчөп жатат» деп ачууланышып, жаңы мыйзам айрыкча расмий менчик жөнүндө кагаздары жок кылымдардан бери колдонулуп келген айылдардагы вакф мүлктөрүн тартып алууга кеңири жол ачып жатат деп баса белгилешти.

«Имарат аш-Шариа» уюмунун төрагасы жана наразычылык акциясынын башкы уюштуруучуларынын бири Ахмад Вали Файсал Рахмани эл алдына чыгып: «Бул митинг бурулуш учур жана биз мындан ары унчукпай отурбайбыз», - деди. Ал «Аль-Жазира Мубашир» каналына берген маегинде мындай деп кошумчалады: «Бул мыйзам жаман ниет менен кабыл алынды. Айылдарда көрүстөндөрдү жашыруун тартып алып жатышат, шаарларда болсо медреселерди кыйратып жатышат. Бул мыйзам биздин вакфтарды тартып алуу жараянына айланды».

Наразычылыкка чыккандар «Вакфтарыбызды коргогула», «Бузууну токтоткула» деген ураандар жазылган плакаттарды көтөрүп чыгышып, майданда кыжырдануу менен коштолгон кыйкырыктар жана дубалар жаңырып турду. Алыскы бир айылдан келген катышуучу Хуршид Али мындай деди: «Бул мыйзам бизди коркутуп жатат. Бизде документтери жок эзелки мечиттер жана көрүстөндөр бар… Муундан-муунга колдонулуп келген жерлерге болгон менчикти кандайча далилдейбиз?».

Ал эми Мухаммад Рустам Али Индия өкмөтүнө түз кайрылып: «Биз унчукпай отурбайбыз. Эгер адилеттик орнотулбаса, анда баары билип алсын, биз өткөндө унчукпай койгон жокпуз, бүгүн да, келечекте да унчукпай койбойбуз», - деди.

«Вакфты бирдиктүү башкаруу, натыйжалуулукту арттыруу жана өнүктүрүү жөнүндө мыйзам» деп аталган жаңы мыйзам өкмөттүн Ислам вакфтарына мурун болуп көрбөгөндөй көзөмөл жүргүзүүсүнө жол ачып, вакф башкаруу кеңештерине мусулмандардан тышкары адамдарды да дайындоого мүмкүнчүлүк берет.

Жогорку сотко берилген доолорго карабастан, өкмөт мыйзамды ишке киргизип жиберди. Натыйжада, айрыкча айыл аймактарында бир топ мечиттер жана диний мектептер бузулганын активисттер билдиришүүдө.

Дүйнөдөгү эң көп вакф мүлкү Индияда жайгашкан. Бул өлкөдө 200 миллиондон ашуун мусулмандар жашайт. Ал эми вакф мүлктөрү 872 миңден ашык объект деп эсептелет, алардын базар баасы болжол менен 14,2 миллиард долларга бааланат. («Аль-Жазира Мубашир»).

**Аль-Ваъй**: мусулмандарды коргой турган мамлекети, иштерин карай турган халифасы болмоюнча абал ушундай бойдон кала берет.

## Пакистан 30 куралчан жоочуну өлтүрдү, алар Афганистандан өтүүгө аракет кылышкан

Пакистан армиясы жума күнү билдиргендей, акыркы үч күндө Афганистандан чек арадан өтүүгө аракет кылган 30 куралчан жоочуну жок кылышты. Бул окуя өткөн аптада ошол эле чек ара районуна жасалган чабуулда 16 пакистандык жоокер каза тапкандан кийин болду.

Аскерий билдирүүдө жоочулар Пакистан талибдерине же ага байланыштуу топторго таандык экени айтылып, Пакистан армиясы өзүнүн катаал атаандашы болгон Индияны аларга колдоо көрсөтүп жатат деп айыптады.

Маалыматка ылайык: «Куралдуу күчтөр жогорку кесипкөйлүктү көрсөтүп, мүмкүн болгон чоң кырсыкты алдын алышты». Ошондой эле «көп сандагы курал-жарактар, ок-дарылар жана жардыргыч заттар кармалган». Операция чек арадагы Түндүк Вазиристан аймагында болгон. Дал ошол жерде өткөн аптада Пакистан талибдерине таандык бир фракция 16 жоокердин өлүмү менен аяктаган чабуул үчүн жоопкерчилик алган.

Премьер-министр Шахбаз Шариф «чек арадан өтүү аракетин ийгиликтүү токтоткону үчүн» коопсуздук күчтөрүн мактап, жума күнү анын кеңсеси мындай деп билдирди: «Биз терроризмдин бардык түрүн түп-тамыры менен жок кылууга чечкиндүүбүз». Ошондой эле анын билдирүүсүндө Индия Пакистандагы куралдуу козголоңду колдоп жатат деп айыпталды. Ядролук куралга ээ Индия менен Пакистан

көптөн бери бири-бирин аймактагы куралчан топторду колдойт деп айыпташат.

**Аль-Ваъй**: Пакистан башчылары мусулмандар ортосундагы чек араларды жок кылып, Индияга каршы туруунун ордуна улутчулдук сезимдерин козутуп, мусулман афган жана пакистандыктарды бири-бирине каршы куралдандырып, согуштурууда

## Иран парламентарийи: Биз Америка менен жумшак сүйлөшпөшүбүз керек

Иран парламентинин депутаты Муртаза Агатахерани президент Масъуд Безешкияндын «Америкага өлүм!» деген ураан АКШнын расмий жетекчилерине эмес, башка мааниде айтылат деген сөзүн сынга алды. Агатахерани: «Биз эч качан жумшак сүйлөшпөшүбүз керек», - деп белгилеп: «Биз күч жана каршылык менен алдыга жылышыбыз керек», - деди.

Ошондой эле ал Америка элин «Европадан Америкага көчүп барган бузгунчулар» деп атап, «Биздин маселебиз АКШ өкмөтү менен» деп жазды.

**Аль-Ваъй**: АКШ Ирандын аймактагы ролун чектеп койгонуна карабастан, ал дагы эле Американын айланасында айланып жүрөт. Иран жетекчилери өз мамлекети менен Америка Кошмо Штаттарынын ортосундагы кызматташуу саясатына көз каранды болуп калышкан. Алар өз башынан өткөргөндөрдөн да, Американын айланасында жүрүп акырында таштандыга ыргытылышканынан да сабак алышкан жок. Аларга эң жакын мисал – Асад режими. Америка аны пайдаланып бүтүп, жараксыз болуп калганда таштандыга ыргытты.

## Алардын арасында Хасан Шалгоми да бар: Европадан келген «имамдар» делегациясы баскынчы түзүмдүн президенти менен Иерусалимде жолугушту

“Израил” президенти Ицхак Герцог Иерусалимдеги президенттик резиденциясында Европанын бир катар мамлекеттеринен келген имамдар жана мусулман дин кызматкерлеринен турган делегацияны кабыл алды. Жолугушууга Франция, Италия, Нидерланды жана Улуу Британиядан келген онго жакын диний өкүлдөр катышты. Бул сапарды Европа менен “Израил” ортосундагы байланышты чыңдоо үчүн иш алып барган «ЭЛНЕТ» (ELNET) уюму уюштурган.

Франция имамдар конференциясынын төрагасы Хасан Шалгоми Герцогдун алдында сүйлөп: «Биз бул жакка сүйүү билдирүүсүн алып келдик. Туткунга түшкөн адамдардын куткарылышы үчүн дуба кылабыз», - деди. Ошондой эле ал: «7-октябрдан кийин башталган

согуш – эки дүйнөнүн ортосундагы согуш. Силер адамгерчиликтин жана демократиянын атынан өкүлдүк кылып жатасыңар», - деп кошумчалады.

Шалгоминин атына байланышкан эң чоң бурмалоолордун бири — анын яхудий түзүмү менен мамилеси. Ал Тель-Авивге бир нече жолу барып келген, анын акыркы сапары «Аль-Акса ташкыны» аттуу Хамас кыймылы 2023-жылдын 7-октябрында баштаган операциясынан жана андан кийинки Газадагы кандуу кыргындан бир нече жума өткөн соң болгон.

**Аль-Ваъй**: Батыш жана анын Ислам дүйнөсүндөгү агенттери дал ушундай азгын адамдарды «салттуу Исламдын диний лидерлери» деген ат менен мусулмандарга үлгү кылып көрсөтүүгө аракет кылышат.

## Иорданиялык активистти кыйнап, көзүнөн ажыратышты жана адилетсиздикке туш кылышты

Камакка алынган иорданиялык Хамза Бани Исанын үй-бүлөсү ал Ирбиддин чыгышындагы коопсуздук изоляторунда коопсуздук кызматкерлери тарабынан жапайы кыйноого салынганын айыптап чыгышты. Натыйжада ал сол көзүнүн көрүү жөндөмүн түбөлүк жоготкон. Бул зөөкүрлүк Хамза Газага тилектештик билдирген тынч акцияга катышканы үчүн жасалган. Ал эч кандай коркунуч туудурган эмес жана мындай ырайымсыз мамилеге негиз жок эле.

Анын апасы уулунун башынан өткөн үрөй учурган окуяларды айтып берди. Анын айтымында, Хамза 2025-жылдын 24-мартында (Рамазан айынын акыркы он күнүнүн ичинде) алдын алуу коопсуздук кызматынын адамдары тарабынан үйүнө рейд жасалгандан кийин кармалган. Алар үйдү тинтип чыгышып, анын жана жубайынын бардык электрондук жабдууларын тартып алышкан. Андан соң Хамзаны эч кандай соттун чечимин көрсөтпөстөн жана так айыптоосуз Ирбиддин чыгышындагы коопсуздук борборуна алып кетишкен.

Үй-бүлөсү бул кылмыш жөн гана мыйзамсыз камакка алуу менен токтоп калбастан, атайын жасалган физикалык зомбулукка чейин жеткенин билдирди. Коопсуздук кызматкерлери Хамзаны ырайымсыз жана абийирсиз текшерүүгө аргасыз кылуу үчүн кийимдерин чечүүгө мажбурлашкан. Ал мындай шылдыңдоого каршы чыгып, текшерүүнү купуя шартта өткөрүүнү талап кылганда колу кишенделген абалда бир нече кызматкер аны аёосуз сабап киришкен.

Бул ырайымсыз ур-токмок анын сол көзүнүн кареги жарылып кетишине, торчосунун толук ажырап чыгышына, натыйжада көрүү жөндөмүн түбөлүк жоготушуна алып келди. Анын апасы уулунун сол

көзү таптакыр көрбөй калганын ырастап, коопсуздук кызматкерлери кылмышты жашыруу үчүн ага «текшерүү маалында коопсуздукка каршылык көрсөттү» деген жасалма айып тагышканын кошумчалады. Бирок Хамзанын колдору кишенде болгондуктан, өзүн коргой албаганы анык.

Эң өкүнүчтүү жагдай, Ирбид аймактык полициясынын прокуратурасы кылмышкерлерди «далилдин жетишсиздиги» деген шылтоо менен жоопко тартуудан баш тартты. Бул болсо адилеттик курмандыктын үнүнө эмес, заалимдердин жалган баяндамасына байланганын көрсөтөт.

Анын үй-бүлөсү Хамза азыр да Зарка шаарындагы түзөтүү жана реабилитация борборунда кармалып турганын билдирди. Ага коюлган негизги айып, социалдык тармактарда Газаны колдогон постторду. Учурда анын иши Мамлекеттик коопсуздук сотунда каралууда. Бирок анын ишмердүүлүгү тынч тилектештиктен жана ой-пикирди эркин билдирүүдөн ашкан эмес.

Хамзанын үй-бүлөсү белгилегендей, бул окуя акыркы айларда Газа үчүн тынч акцияларга катышкан же ошол жерде болуп жаткан зулумду айыптаган ой-пикирлерди билдирген көптөгөн иорданиялык активисттерди мыйзамсыз камакка алуу жана кыйноонун дагы бир звеносу болуп калды. Бул өлкөдө болуп көрбөгөндөй репрессиялык ыкмалар күчөп жатканын жана жалпы, ошондой эле жеке эркиндиктерге каршы чектөөлөр улантылып жатканын айкын далилдейт.

Бул окуя акыркы мезгилде Иорданиядагы эң үрөй учурган зомбулуктун бири болуп калды. Анткени оор жаракаттын масштабына жана ага алып келген адамгерчиликсиз шарттарга көз жумулду, жоопту эч ким жазаланган жок. Ал эми Хамза болсо өз оюн ачык айткандыгы үчүн азап тартып, адамдык позициясы үчүн урматталуунун ордуна тескерисинче басмырланып, көзүнөн ажырады.

**Аль-Ваъй**: Убада ибн ас-Самиттен رضي الله عنه риваят: Расулуллах ﷺ айтат:

«يَكُونُ عَلَيْكُمْ أُمَرَاءُ؛ إِنْ أَطَعْتُمُوهُمْ أَدْخَلُوكُمُ النَّارَ، وَإِنْ عَصَيْتُمُوهُمْ قَتَلُوكُمْ».

فَقَالَ رَجُلٌ: يَا رَسُولَ اللهِ! سَمِّهِمْ لَنَا لَعَلَّنَا نَحْثُو فِي وُجُوهِهِمُ التُّرَابَ.

فَقَالَ رَسُولُ اللهِ ﷺ: «لَعَلَّهُمْ يَحْثُونَ فِي وَجْهِكَ وَيَفْقَؤُونَ عَيْنَكَ».

**“Кийинчерээк силерге башчы болуп ушундай бир амирлер дайындалат. Эгер аларга баш ийсеңер, силерди тозокко алып**

**барышат, эгер каршы чыксаңар, өлтүрүшөт”**. Бир киши: «Я Расулаллах! Биз аларды таанып алуубуз үчүн бизге айтып бериңиз, балким биз алардын бетине топурак чачабыз», - деди. Пайгамбар ﷺ: **“Балким алар сенин бетиңе топурак чачып, көзүңдү оюп салышат”** – деди”. (Табарони). ❑

بِسْمِ اللَّهِ الرَّحْمَٰنِ الرَّحِيمِ

# КУРЪАНИ КАРИМ САБАГЫНДА

## КУРЪАНИ КАРИМДЕГИ “ТАМКИН” ТҮШҮНҮГҮ

**Устаз Ахмад Касас**

Аллах таала айтты:

﴿وَعَدَ ٱللَّهُ ٱلَّذِينَ ءَامَنُواْ مِنكُمۡ وَعَمِلُواْ ٱلصَّٰلِحَٰتِ لَيَسۡتَخۡلِفَنَّهُمۡ فِي ٱلۡأَرۡضِ كَمَا ٱسۡتَخۡلَفَ ٱلَّذِينَ مِن قَبۡلِهِمۡ وَلَيُمَكِّنَنَّ لَهُمۡ دِينَهُمُ ٱلَّذِي ٱرۡتَضَىٰ لَهُمۡ وَلَيُبَدِّلَنَّهُم مِّنۢ بَعۡدِ خَوۡفِهِمۡ أَمۡنٗاۚ يَعۡبُدُونَنِي لَا يُشۡرِكُونَ بِي شَيۡـٔٗاۚ وَمَن كَفَرَ بَعۡدَ ذَٰلِكَ فَأُوْلَٰٓئِكَ هُمُ ٱلۡفَٰسِقُونَ﴾

***“Аллах силерден ыйман келтирген жана жакшы амалдар кылган заттарга, кудум илгери өткөн** (ыйман-ишенимдүү) **заттарды** (жер жүзүнө) **халифа өкүмдар кылгандай, аларды да жер жүзүнө халифа – орун басар кылууну жана алар үчүн Өзү ыраазы болгон** (Ислам) **динин, үстөм-бекем кылууну, ошондой эле аларды** (Меккеде көргөн) **коркунучтарынан кийин** (Мадинада) **тынтык-бейпилдикке бөлөп койушун убада кылды. Алар Мага ибадат кылышат жана Мага бир да иерсенн шерик кылышпайт. Ким мына ушул** (убада)**дан кийин** (ниъматка) **куфрдук кылса, демек алар фасыктар”.*** (Нур: 55).

Биз «тамкин» (күч-кубат) жөнүндө сөз кылганда, пайгамбарлар жана элчилер عليهم السلام жиберилген улуу маселени эскеребиз. Бул жерде сөз бир адамдын же адамдардын бийликке келишинде эмес, диндин тамкини жана ошол динди тикелей турган үммөттүн тамкини жөнүндө болууда. Динди тикелөөнүн максаты – Аллах таала адамдар үчүн ыраазы болгон жашоо жолунун орношу.

Аллахтын улуу китебинен акыркы түшкөн аяттардын бири:

﴿ٱلۡيَوۡمَ أَكۡمَلۡتُ لَكُمۡ دِينَكُمۡ وَأَتۡمَمۡتُ عَلَيۡكُمۡ نِعۡمَتِي وَرَضِيتُ لَكُمُ ٱلۡإِسۡلَٰمَ دِينٗاۚ﴾

***“Бүгүн силерге диниңерди толук кылдым, ниъматымды-жакшылыгымды кемчиликсиз, толук кылып бердим жана силер үчүн Исламды** (гана) **дин кылып тандадым”.*** (Маида: 3).

Башкача айтканда, Аллах силер үчүн Исламды ыйман, шарият жана жашоо жолу катары тандап ыраазы болду. «Дин» деген сөз ушулардын баарын ичине камтыйт.

Пайгамбарыбыз ﷺ миссиясын аткармайынча Раббисине кайткан жок. Анын ﷺ иши жөн гана кабарды жеткирүү менен чектелген жок, ал Исламга саясий уюмдашкан түзүлүштү тикелеп, Аллах таала ага жерде тамкин берди. Ошентип, ал ﷺ бул дүйнөдөн өтүп кеткенде

артында бүтүндөй Араб жарым аралын камтыган Ислам мамлекетин – Дарул-Исламды – калтырды. Андан соң халифалар жана алардын артынан келгендер Ислам Халифатынын чегин кеңейтүү менен бул жолду улантышты.

Бул жүрүш кылымдар бою уланды. Бирок Үммөт бир мезгилге келгенде бул милдеттен четтеп, бийлигинен айрылып, тамкин толугу менен жоголду. Азыр болсо Үммөт кайрадан тамкинди тикелөө үчүн аракет кылууда, мурунку абалына кайтууну каалоодо т.а динге тамкин берилген, тамкинге ээ болгон Үммөт болууга, жерде халифалык милдетин аткарууга аракет кылууда

﴿كُنتُمۡ خَيۡرَ أُمَّةٍ أُخۡرِجَتۡ لِلنَّاسِ تَأۡمُرُونَ بِٱلۡمَعۡرُوفِ وَتَنۡهَوۡنَ عَنِ ٱلۡمُنكَرِ وَتُؤۡمِنُونَ بِٱللَّهِۗ﴾

*“(Эй Мухаммаддын үммөтү)*, ***силер адамдар үчүн чыгарылган үммөттөрдүн эң жакшысы болдуңар. Анткени силер жакшы иштерге буюрасыңар, жаман иштерден кайтарасыңар жана Аллахка ыйман келтиресиңер”.*** (Аали Имран: 110).

Демек, биз «тамкин» жөнүндө сөз кылганда, диндин жерде тамкинге ээ болушу жөнүндөгү кепти максат кылабыз.

Тилдик жагынан, «тамкин» деген сөз «маккана» деген негизден чыгат. Тамкин – бир ишти кылууга кудурет берүү, жардам кылуу, үстөмдүк берүү дегенди билдирет. «Маккан лаху фи-ш-шай» – бир нерсеге үстөмдүк жана күч берип коюу. «Тамаккана мин кавмин» – бир элге үстөмдүк кылып, аларды багындырып алды деген мааниде. Демек, тамкин – бул күч-кубатка ээ болуу.

Ошондуктан, «фулан тамаккана фил-ард» десек, баланча кишиге жерде кудурет берилген, демек бийликке ээ болгон деген сөз. Жер бетиндеги кудурет – бул султан, б.а бийлик жана таасир. Кимде бийлик болсо, кимде таасир болсо, кимде күч болсо, ошол киши «жерде тамкинге ээ болгон» болот.

Курандагы мааниси боюнча, эгер Аллах бизге жерде тамкин берсе, анда Аллах таала бизди кудуреттүү кылды, башкача айтканда, бул жерде бизди өкүм кылуучулар жана бийлик ээлери кылып койду деген сөз. Бул бийлик Аллахтын сөзү эң жогору болушу, ал эми кафирлердин сөзү эң төмөн болушу үчүн берилет. Бул болсо мусулмандар милдеттүү түрдө катыша турган табигый күрөш – хак менен батылдын, ыйман менен куфурдун ортосундагы күрөш.

Аллах таала бул мааниде тамкин жөнүндө Өзүнүн Куран китебинде мындай деп айтты:

﴿ٱلَّذِينَ إِن مَّكَّنَّٰهُمۡ فِي ٱلۡأَرۡضِ أَقَامُواْ ٱلصَّلَوٰةَ وَءَاتَوُاْ ٱلزَّكَوٰةَ وَأَمَرُواْ بِٱلۡمَعۡرُوفِ وَنَهَوۡاْ عَنِ ٱلۡمُنكَرِۗ وَلِلَّهِ عَٰقِبَةُ ٱلۡأُمُورِ﴾

***“Аларды** (мусулмандарды) **эгер Биз жер жүзүнө үстөм кылсак, алар намазды толук аткарышат, зекетти беришет, жакшылыктарга буйрушат, жамандыктан кайтарышат.** (Бардык) **иштердин акыбети Аллахтын** (эрк-ыктыярында)**”.*** (Хаж: 41).

Бул аятта Аллах таала Өзүнүн салих кулдарын жерде тамкин кылуусунун максаты алардын өздөрүнө гана тамкин берүү эмес экенин ачыктады. Чыныгы максат – Аллахтын шариятына үстөмдүк берилүүсү:

﴿ٱلَّذِينَ إِن مَّكَّنَّٰهُمۡ فِي ٱلۡأَرۡضِ أَقَامُواْ ٱلصَّلَوٰةَ وَءَاتَوُاْ ٱلزَّكَوٰةَ وَأَمَرُواْ بِٱلۡمَعۡرُوفِ وَنَهَوۡاْ عَنِ ٱلۡمُنكَرِۗ﴾

***“Аларды** (мусулмандарды) **эгер Биз жер жүзүнө үстөм кылсак, алар намазды толук аткарышат, зекетти беришет, жакшылыктарга буйрушат, жамандыктан кайтарышат.** (Бардык) **иштердин акыбети Аллахтын** (эрк-ыктыярында)**”.*** (Хаж: 41).

Бул аяттагы «намазды толук аткарышат» деген сөз жөн гана ар бир адам өзүнүн намазын окушун түшүндүрбөйт. Тескерисинче, коом ичинде намазды тикелөө, демек коомдук турмушта намазды орнотуу.

Ошондой эле «жакшылыкка буйруу» да тамкин аркылуу болот, башкача айтканда, мамлекеттин бийлиги аркылуу жерде ошол жакшылыкты тикелөө менен ишке ашат. Болбосо жөн гана тил менен буюруу жана тыюу салуу бардык адамдарга, а түгүл жерде тамкин берилбегендерге да мүмкүн болгон иш.

Ушул мааниде Аллах Таала дагы мындай деди:

﴿وَعَدَ ٱللَّهُ ٱلَّذِينَ ءَامَنُواْ مِنكُمۡ وَعَمِلُواْ ٱلصَّٰلِحَٰتِ لَيَسۡتَخۡلِفَنَّهُمۡ فِي ٱلۡأَرۡضِ كَمَا ٱسۡتَخۡلَفَ ٱلَّذِينَ مِن قَبۡلِهِمۡ وَلَيُمَكِّنَنَّ لَهُمۡ دِينَهُمُ ٱلَّذِي ٱرۡتَضَىٰ لَهُمۡ وَلَيُبَدِّلَنَّهُم مِّنۢ بَعۡدِ خَوۡفِهِمۡ أَمۡنٗاۚ يَعۡبُدُونَنِي لَا يُشۡرِكُونَ بِي شَيۡـٔٗاۚ وَمَن كَفَرَ بَعۡدَ ذَٰلِكَ فَأُوْلَٰٓئِكَ هُمُ ٱلۡفَٰسِقُونَ﴾

***“Аллах силерден ыйман келтирген жана жакшы амалдар кылган заттарга, кудум илгери өткөн** (ыйман-ишенимдүү) **заттарды** (жер жүзүнө) **халифа өкүмдар кылгандай, аларды да жер жүзүнө халифа – орун басар кылууну жана алар үчүн Өзү ыраазы болгон** (Ислам) **динин, үстөм-бекем кылууну, ошондой эле аларды** (Меккеде көргөн) **коркунучтарынан кийин тынтык-бейпилдикке бөлөп койушун убада кылды. Алар Мага ибадат кылышат жана Мага бир да нерсени шерик кылышпайт. Ким мына ушул** (убада)**дан кийин** (ниъматка) **куфрдук кылса, демек алар фасыктар”.*** (Нур: 55).

Демек, Халифалык жана тамкин Аллахтын ыйман келтирип, салих амалдарды кылгандарга берген убадасы болуп эсептелет. Ошондуктан, тамкин Аллах таалага ыйман келтирүүгө жана Анын шариятына амал кылууга байланыштуу. Аллах таала айтат:

﴿وَعَدَ ٱللَّهُ ٱلَّذِينَ ءَامَنُواْ مِنكُمۡ وَعَمِلُواْ ٱلصَّٰلِحَٰتِ لَيَسۡتَخۡلِفَنَّهُمۡ﴾

***“Аллах силерден ыйман келтирген жана жакшы амалдар кылган заттарга кудум илгери өткөн*** *(ыйман-ишенимдүү)* ***заттарды*** *(жер жүзүнө)* ***халифа өкүмдар кылгандай, аларды да жер жүзүнө халифа – орун басар кылууну убада кылды”.*** Демек, аларды өздөрүнөн мурункуларды халифа кылган сыяктуу халифалар кылат.

Аллахтын сөзү:

وَلَيُمَكِّنَنَّ لَهُمۡ دِينَهُمُ ٱلَّذِي ٱرۡتَضَىٰ لَهُمۡ

***“Жана алар үчүн Өзү ыраазы болгон*** *(Ислам)* ***динин, үстөм-бекем кылууну...”.*** Бул жерде ачык көрүнүп турат, максат адамдарды халифа кылуу эмес, динге тамкин берүү. Себеби, максат – Аллах таала Өзүнүн пенделери үчүн ыраазы болгон жашоо жолунда жашаган ыйман келтирген коомду пайда кылуу.

Андан соң:

وَلَيُبَدِّلَنَّهُم مِّنۢ بَعۡدِ خَوۡفِهِمۡ أَمۡنٗاۚ

***“Ошондой эле аларды*** *(Меккеде көргөн)* ***коркунучтарынан кийин*** *(Мадинада)* ***тынтык-бейпилдикке бөлөп койушун убада кылды”***. Бул болсо тамкиндин жемиши катары Аллах аларды коркунучтан кийин амандыкка өткөрөрүнө убада кылганы.

Кийин:

يَعۡبُدُونَنِي لَا يُشۡرِكُونَ بِي شَيۡـٔٗا

***“Алар Мага ибадат кылышат жана Мага бир да нерсени шерик кылышпайт”***. Бул дагы кошумча далил, тамкиндин максаты – Аллахка ибадат кылуу үстөмдүк кылган жашоо. Ал эми ибадат түшүнүгү Исламда жөн гана ибадат амалдарына (намаз, орозо, зикир ж.б.) чектелбейт. Ибадат – бул Аллахка толук багынуу. Ошондуктан бул жердеги максат жашоонун бардык тармактарында, коомдук мамилелерде да, Аллахка болгон кулчулук толугу менен чагылдырылган жашоо. Ошондо гана мусулман Үммөтүнүн жашоо жолу башкалардан айырмаланып, Исламий жашоо үлгүсү пайда болот.

Аяттын аягында Аллах таала айтты:

﴿وَمَن كَفَرَ بَعۡدَ ذَٰلِكَ فَأُوْلَٰٓئِكَ هُمُ ٱلۡفَٰسِقُونَ﴾

***“Ким мына ушул*** *(убада)****дан кийин*** *(ниъматка)* ***куфрдук кылса, демек алар фасыктар”.***

Бул жерде Аллах Таала тамкиндин максаттарынын бири – диндин үстөм болуусу экенине ишарат кылууда. Башкача айтканда, Исламдын үстөмдүгү адамдар үчүн айкын далил болуп көрүнөт. Ошондон кийин

да ким куфур кылса, алар фасыктар, ачык-айкын далилди көрүп туруп кафир болгон күнөөкөрлөр болушат. Демек, тамкиндин максаты – ыймандуу мусулмандар жамаатынын пайда болушу, Исламий жашоо менен жашаган коомду пайда кылуу. Заманбап услуб менен айтканда, Ислам коомун куруу.

Ошондуктан, биз «Ислам коому» деп сөз кылганда, жөн гана мүчөлөрү мусулмандардан турган коом жөнүндө айтып жаткан жокпуз. Азыркы учурда мусулмандар дүйнөнүн булуң бурчуна тарашып, саны эки миллиардга чамалап калды. Бирок алар Ислам коомун түзүп жаткан жок. Себеби коом – бул адамдардын тобу, алардын арасында туруктуу мамилелер орногон топ. Дал ушул туруктуу мамилелер коомго өздүгүн жана жашоо үлгүсүн берет.

Эгер бул мамилелер Ислам негизинде түзүлсө, анда коом Исламий коом болот. Эгер капитализм негизинде түзүлсө, коом капиталисттик коом болот жана башкалар да ушундай. Бул мамилелердин Исламий болушу үчүн коомдун сакафаты Исламий пикирлерге негизделиши, үстөмдүк кылып жаткан мыйзамдары Ислам өкүмдөрү болушу, башкача айтканда, шарият орнотулушу зарыл.

Эгер, мусулмандар Ислам түшүнүктөрүн ар кандай бөтөн түшүнүктөрдөн таза бойдон кабыл алып, жашоосунда Исламий түзүмдөрдү колдонушса гана алардан Исламий коом көрүнүп чыгат. Бирок, эгер Ислам алардын жүрөгүндө жана аң-сезиминде жайылып, алар Исламий жашоону каалашып, бөтөн түшүнүктөрдү четке каккан күндө да, эгерде алардын жеринде Исламий саясий түзүм жок болуп, аларга Ислам түзүмдөрүн колдонуп, иштерин шарият менен жүргүзбөсө, анда бул коом Исламий коом боло албайт.

Анткени коомдун конституциясы, мыйзамдары жана системалары анын эң кеңири чөйрөдөгү өздүгүн аныктап берет. Эгер коомдо Исламий эмес түзүмдөр колдонулуп турса, анда ал коом Исламий коом боло албайт, а түгүл мүчөлөрү Исламды ар бир майда-чүйдөсүнө чейин таза кабыл алып жашап жатышса да. Демек, тамкин үчүн амал кылуу – бул жерде бийликке ээ болгон, Аллахтын шарияты үстөмдүк кылган Үммөттү пайда кылуу үчүн аракет кылуу.

Жогоруда айтылган сөздөр бизди абдан маанилүү суроого жетелейт:

Ислам жана мусулмандар үчүн тамкин бул дүйнөдөгү эң акыркы максатпы? Же ал максатка жетүүнүн жолубу?

Бул суроо бүгүнкү күндө көптөгөн мусулмандардын арасында талаш-тартыштын, жада калса чаташуулардын себеби болуп калды. Көпчүлүк мусулмандар ага туура эмес жооп берип келишет. Алардын көбү Ислам мамлекетин тикелөөнү – мусулмандардын ойгонушунун

туу чокусу, Исламды колдонуп, Исламий жашоону жана Исламий коомду куруунун натыйжасы деп ойлошот.

Көптөгөн динине берилген мусулмандар: «Биз алгач Ислам коомун түзүшүбүз керек, андан кийин Ислам мамлекети пайда болот» деп айтышат. Бул түшүнүктө чоң жаңылыштык бар. Анткени бул нерсе алар мамлекеттин маанисин жана функциясын түшүнбөгөнүн билдирет.

Исламда мамлекет акыркы максат эмес. Ал жогорку өнүгүүнүн же ойгонуунун жыйынтык чекити эмес. Тескерисинче, Ислам мамлекети – бул Исламды тикелөөнүн, Исламий жашоону алып келүүнүн жана Исламий коомду толук кандуу орнотуунун амалий тарикаты.

Саясий түшүнүккө ээ болгон бардык адамдар, мусулмандар да, мусулман эместер да билишет: мамлекет – бул ар бир үммөт көтөрүп жүргөн түшүнүктөрдүн, ынанымдардын жана өлчөмдөрдүн аткаруучу түзүмү. Башкача айтканда, мамлекет – бул үммөт каалаган жашоо жолуна жетүүнүн куралы. Ошондуктан, эгер Ислам мамлекети жок болсо, Ислам коомун да пайда кылуу мүмкүн эмес, Исламий жашоо да орнобойт.

Көптөгөн адамдар ойлогондой, «Ислам мамлекетинин же Халифалыктын болушу – бул Үммөт толук Исламды колдонуп бүткөндөн кийинки эң акыркы жетишкендик» деген пикир туура эмес. Анткени мындай пикир Исламды колдонууну жана Ислам мамлекетинин чыныгы маанисин түшүнбөгөндүктөн келип чыгат. Чындыгында, Исламды мамлекетсиз колдонуу мүмкүн эмес. Ислам түзүмдөрү жашоодо тирүү болушу үчүн аларга мамлекет зарыл. Демек, Аллах Таала тамкинди Исламий жашоону орнотуу, шариатты колдонуу жана амандыкка жетүүнүн жолу кылды.

Ошондуктан, ким Ислам дааватын жөн гана насаат жана эскертүү деңгээлинде, христиандардын миссионердик ишмердигине окшотуп көтөрүп чыгып, бирок Ислам мамлекетин кантип тикелөөгө болот деген олуттуу ишке көңүл бурбаса, ал Исламды тикелөөчү болбойт. Тескерисинче, анын иши адамдарга Исламды жөн гана жеке абалда кармануугa даават кылуу болуп калат. Бирок жеке киши Исламды толук колдонууга кудуреттүү эмес. А түгүл бүтүндөй жеке адамдар да Исламды мамлекетсиз толук ишке ашыра алышпайт. Анткени Ислам жөн гана жеке адамдар үчүн келген эмес. Ислам – бул жашоо үчүн бүтүн бир түзүм. Аны ишке ашыруучу мамлекет сөзсүз керек. Мамлекет ар кандай хазараттарды жана ар кандай саясий сакафаттарды аткаруучу түзүм. Ал адамдар кандай жол менен жашоону каалашса, ошол жашоо жолун ишке ашыруучу аткаруучу түзүм. Ошондуктан, жерде тамкин маселеси үммөт үчүн ошол

тамкинди чагылдырган мамлекет болушу дегенди билдирет. Ал мамлекет ар кандай мамлекет эмес, үммөттүн мамлекети болушу керек.

Эгерде, мисал катары айтсак, мусулмандар кичинекей улуттук мамлекет түзүп алышса, бирок анын күчү душмандарга каршы туруштук бере албаса, анда мындай мамлекет Ислам жана мусулмандар үчүн тамкинге ээ мамлекет боло албайт. Ислам үчүн чыныгы тамкин жарата турган мамлекет – бул «Дарул-Ислам». Дарул-Ислам – өзүнүн аныктамасы жана шариаттагы вакыйлыгы боюнча Ислам жана мусулмандар үчүн тамкинди чагылдырган мамлекет. Анын аныктамасы: «Ислам колдонулган жана амандыгы мусулмандардын амандыгы менен камсыздалан жер».

Эгер бул эки шарттын бири жок болсо – Ислам толук колдонулбаса же мамлекеттин амандыгы (ички-тышкы жагынан) мусулмандардын амандыгы менен камсыздалбаса – анда ал жер Дарул-Ислам болбойт жана Ислам менен мусулмандар үчүн тамкинди чагылдырбайт. Кайсы жерде кафирлер үстөмдүк жана көзөмөл кылып турса, ал жерде тамкин болбойт. Аллах таала айтты:

﴿وَلَن يَجۡعَلَ ٱللَّهُ لِلۡكَٰفِرِينَ عَلَى ٱلۡمُؤۡمِنِينَ سَبِيلًا﴾

***“Аллах эч качан кафирлер үчүн момундар үстүнөн жеңип чыгышына жол бербейт”.*** (Ниса: 141).

Дарул-Ислам тикеленип болгондон кийин мусулмандар Исламды өз өлкөлөрүндө гана колдонуу менен чектелүүлөрү жайиз эмес. Мамлекеттин тышкы саясаты да сөзсүз Исламды дүйнөгө даават кылууга негизделиши керек. Исламды дүйнөгө алып чыгуу Аллах Тааланын төмөнкү сөзүнүн амалий түрдө ишке ашуусу болот:

﴿وَكَذَٰلِكَ جَعَلۡنَٰكُمۡ أُمَّةٗ وَسَطٗا لِّتَكُونُواْ شُهَدَآءَ عَلَى ٱلنَّاسِ وَيَكُونَ ٱلرَّسُولُ عَلَيۡكُمۡ شَهِيدٗاۗ﴾

***“О.э. Биз силерди башка адамдардын үстүнөн күбө болууңар жана пайгамбар силердин үстүңөрдөн күбө болуусу үчүн силерди орточо*** *(адилеттүү)* ***бир үммөт кылдык”***. (Бакара: 143).

Бүгүнкү күндө кээ бир мусулмандардын арасында дагы бир талаштуу жана чаташтырууга алып келген маселе бар: Жердеги Халифалык мусулмандардын тамкин үчүн кылган аракетинин натыйжасыбы? Б.а Аллах Таала Өз пенделерине берген буйрук-милдеттенмелерине киреби? Же ал жөн гана Аллахтын мээриминен берилген белекпи?

Кээ бирөөлөр мындай дешет: «Тамкин – бул Аллахтын кулдарына жүктөгөн милдети эмес, жөн гана Аллахтын мээрими. Биз ыйман келтирүү жана жалпы салих амалдарды кылууга гана милдеттүүбүз.

Ал эми бийликке жана башкарууга умтулуу биздин милдет эмес. Эгер бизде ыйман жана салих амалдар көрүнүп турса, анда Аллах Өз мээрими менен бизге Халифалык жана тамкинди берет». Бул сөздүн эч кандай шарий далили жок, тескерисинче, шариат далилдерине карама-каршы келет. Анткени анын мааниси мусулмандар жеңишке умтулууга милдеттүү эмес дегенге алып келет.

Бирок Аллах таала мындай деди:

﴿وَأَعِدُّواْ لَهُم مَّا ٱسۡتَطَعۡتُم مِّن قُوَّةٖ وَمِن رِّبَاطِ ٱلۡخَيۡلِ تُرۡهِبُونَ بِهِۦ عَدُوَّ ٱللَّهِ وَعَدُوَّكُمۡ وَءَاخَرِينَ مِن دُونِهِمۡ لَا تَعۡلَمُونَهُمُ ٱللَّهُ يَعۡلَمُهُمۡۚ﴾

***“****(Эй момундар)****, алар үчүн мүмкүнчүлүгүңөрдүн барынча күч топтоп жана токулуу аттарды даярдап койгула, муну менен Аллахтын жана өзүңөрдүн душманыңарды жана да алардан тышкары, силер билбеген, бирок Аллах билген башка бирөөлөрдү да коркунучка саласыңар. Аллах жолунда эмнени сарп кылсаңар, силерге зулумдук кылынбастан толук кылып кайтарылат”.*** (Анфал: 60).

Бул аятта Аллах таала согушка даярдык көрүүнү буюрду. Эгер момундар согушка даярданбаса, Аллах аларды жеңишке жеткирбейт. А түгүл, эгер мусулмандар даярдыкты таштап коюшса, Аллах Таала аларды халакат менен коркутат жана эскертет:

﴿وَأَنفِقُواْ فِي سَبِيلِ ٱللَّهِ وَلَا تُلۡقُواْ بِأَيۡدِيكُمۡ إِلَى ٱلتَّهۡلُكَةِ﴾

***“Аллах жолунда*** *(күрөш үчүн мал-мүлкүңөрдү)* ***сарптагыла.*** *(Бакылдык-сараңдык кылуу менен)* ***өзүңөрдү халакатка – кырсыктуу өлүмгө таштабагыла”.*** (Бакара: 195).

Бул болсо мындай дегенди билдирет: эгер алар согушка даярдык көрүшпөсө, анда Аллах таала аларды жеңишке жеткирбейт. А түгүл, андан да жаманы – алар өз колдору менен өздөрүн өлүмгө түртүшөт. Албетте, Аллах жеңишти Өзүнө таандык кылды, бирок бул жеңиш эч кандай аракетсиз эле түшөт дегенди билдирбейт. Жеңишке жетүү үчүн момундар сөзсүз түрдө аракет кылышы керек.

Пайгамбарыбыз ﷺдын өмүр баянына кайрылсак, ал элчи болуп жиберилген күндөн тартып, мамлекетин тикелегенге чейин мамлекетти Аллахтан жөн гана белек катары күтүп отурган жок. Ал ﷺ адамдарга, урууларга барып: «Силерде канча күч жана кубат бар?» - деп сурачу. Алардан өзүнө ыйман келтирүүнү жана колдоо көрсөтүүнү талап кылчу. Себеби ал ﷺ жерде султанат издеди, Аллахтын кабарын жеткирүү жана Ислам мамлекетин тикелөө үчүн колдоо издеди.

Ошондуктан Медина эли ага жетекчиликти бергенде, Аллах Таала аларды «ансар» деп улуу ат менен урматтады. Анткени алар

Пайгамбарды ﷺ колдоп, Исламга жардам беришти. Натыйжада Аллахтын тавфиги менен Мадина мамлекети тикеленди. Бул – Пайгамбарыбыз ﷺ жана анын сахабалары رضي الله عنهم тамкинге жеткирүүчү себептерди аткаргандыктарынын натыйжасы эле.

Ооба, кээде аракет кылып, себептерди колдонгон адамдар тамкинге жете албай калышы мүмкүн. Анткени тамкиндин шарттары алардын колунда толук калыптанбаган болот. Ал тургай айрым себептер таптакыр алардын кудуретинде болбой калышы мүмкүн. Мына ушундай абал мурунку пайгамбарларда да болгон. Бирок эгер себептерди аткарышпаса, анда тамкин эч качан болбойт. Эч качан жерде Халифалык менен тамкин аракетсиз жана анын себептерин аткарбастан келбейт.

Демек, себептерди аткаргандан кийин алардын максаты орундалышы да мүмкүн, орундалбай калышы да мүмкүн, бул Аллахтын илиминдеги гайып нерсе. Бирок бул Үммөт Аллахтын китебинде келген ачык-айкын убадага ылайык Халифалыкка жана тамкинге сөзсүз жетет.

Аллах таала айтты:

﴿وَعَدَ ٱللَّهُ ٱلَّذِينَ ءَامَنُواْ مِنكُمۡ وَعَمِلُواْ ٱلصَّٰلِحَٰتِ لَيَسۡتَخۡلِفَنَّهُمۡ فِي ٱلۡأَرۡضِ كَمَا ٱسۡتَخۡلَفَ ٱلَّذِينَ مِن قَبۡلِهِمۡ وَلَيُمَكِّنَنَّ لَهُمۡ دِينَهُمُ ٱلَّذِي ٱرۡتَضَىٰ لَهُمۡ وَلَيُبَدِّلَنَّهُم مِّنۢ بَعۡدِ خَوۡفِهِمۡ أَمۡنٗاۚ يَعۡبُدُونَنِي لَا يُشۡرِكُونَ بِي شَيۡـٔٗاۚ وَمَن كَفَرَ بَعۡدَ ذَٰلِكَ فَأُوْلَٰٓئِكَ هُمُ ٱلۡفَٰسِقُونَ﴾

***“Аллах силерден ыйман келтирген жана жакшы амалдар кылган заттарга, кудум илгери өткөн*** *(ыйман-ишенимдүү)* ***заттарды*** *(жер жүзүнө)* ***халифа өкүмдар кылгандай, аларды да жер жүзүнө халифа – орун басар кылууну жана алар үчүн Өзү ыраазы болгон*** *(Ислам)* ***динин үстөм-бекем кылууну, ошондой эле аларды*** *(Меккеде көргөн)* ***коркунучтарынан кийин*** *(Мадинада)* ***тынтык-бейпилдикке бөлөп койушун убада кылды. Алар Мага ибадат кылышат жана Мага бир да иерсенн шерик кылышпайт. Ким мына ушул*** *(убада)**дан кийин*** *(ниъматка)* ***куфрдук кылса, демек алар фасыктар”.*** (Нур: 55).

Ал дагы айтты:

﴿هُوَ ٱلَّذِيٓ أَرۡسَلَ رَسُولَهُۥ بِٱلۡهُدَىٰ وَدِينِ ٱلۡحَقِّ لِيُظۡهِرَهُۥ عَلَى ٱلدِّينِ كُلِّهِۦ وَلَوۡ كَرِهَ ٱلۡمُشۡرِكُونَ﴾

***“Алар Аллахтын нурун*** *(Исламды)* ***ооздору*** *(бекерпоз, пайдасыз сөздөрү)* ***менен өчүрмөкчү болушат. Аллах болсо,*** *(кафирлер)* ***каалашпаса да, Өз нурун толо*** *(чар тарапка)* ***жаюуну каалайт”.*** (Тообо: 32).

Бул болсо Ислам башка бардык диндерге үстөм болот деген Аллахтын убадасы. Азыркыга чейин Ислам жер жүзүнүн кеңири

бөлүгүнө үстөм болду, бирок жер жүзүнө толугу менен үстөм болушу али ишке ашкан жок. Демек, бул убада дагы деле күтүлүүдө.

Сахих Муслимде Саубан رضي الله عنه риваят кылган хадисте Пайгамбар ﷺ мындай деген:

(إنّ الله زوى لي الأرض، فرأيت مشارقها ومغاربها، وإنّ أمّتي سيبلغ ملكها ما زوي لي منها)

**«Аллах мага жерди бүктөп койду. Мен анын чыгышын да, батышын да көрдүм. Шексиз, менин Үммөтүмдүн бийлиги мага бүктөлүп көрсөтүлгөн жерлерге жетет».**

Бирок бул Үммөт тамкиндин себептерин ишке ашырбастан туруп ага эч качан жете албайт. Ал себептер болсо Үммөттүн аракетисиз ишке ашпайт.

Аллах таала айтты:

﴿يَٰٓأَيُّهَا ٱلَّذِينَ ءَامَنُوٓاْ إِن تَنصُرُواْ ٱللَّهَ يَنصُرۡكُمۡ وَيُثَبِّتۡ أَقۡدَامَكُمۡ﴾

***“Эй момундар, эгер силер Аллахка жардам берсеңер, Ал да силерге жардам берет жана согуш майданында кадамдарыңарды бекем кылат”.*** (Мухаммад: 7). ❑

# ПЕРИШТЕЛЕР КӨЛӨКӨЛӨГӨН САХАБА

**Расим Абу Маъмун Хатир**

Абдулла ибн Харам аль-Ансари (رضي الله عنه) Жабир (رضي الله عنه)нун атасы болуп, анын аты менен лакап коюлган. Ал Пайгамбарыбыз ﷺ экинчи Акаба байъатында тандаган нукабалардын (баят берүүчүлөрдүн) бири болгон. Аз-Захаби «Сияр Алам ан-Нубала»да мындай дейт: «Ансари Салами, Абу Жабир Акаба түнүндөгү нукабалардын бири, Бадрга катышкан жана Ухуд күнү шахид болгон». Ал эми Ибн Хажар «Аль-Исаба фи тамйиз ас-сахаба»да мындай дейт: «Абдулла ибн Амр ибн Харам ибн Саълаб ибн Харам аль-Ансари аль-Хазражи ас-Салами белгилүү сахаба Жабир ибн Абдулланын атасы. Акабада болгон нукабалардын бири болгон, Бадр согушуна катышып, Ухудда шахид болгон».

Ансарлар жетимиш киши болуп Пайгамбарыбыз ﷺ менен экинчи Акаба байъатына келишкенде Абдулла ибн Амр ибн Харам, Жабир ибн Абдулланын атасы, ошолордун арасында болуп, алар Пайгамбар ﷺ менен кызыл менен караларга каршы согушта жардам берүүгө, жеңилдикте да, кыйынчылыкта да, жагымдуу, жагымсыз учурда да буйрук-кайтарууларына моюн сунуп, аны өздөрүнөн артык көрүүгө, ишти өз ээлеринен талашпоого, кай жерде болбосун чындыкты айтууга жана Аллах үчүн эч бир жемелөөчүнүн жемелөөсүнөн коркпоого ант беришкен.

Пайгамбарыбыз ﷺ алардан нукабаларды тандаганда Абдулла ибн Амр алардын бири болуп, Пайгамбар ﷺ аны менен бирге аль-Бара ибн Маърufту Бану Салама уруусуна накыб кылып тандаган.

Экинчи Акаба байъатынан кийин Абдулла ибн Харам (رضي الله عنه) Мадинага кайтып келип, өзүн, үй-бүлөсүн жана мал-мүлкүн Исламдын кызматына арнады. Жихад фарз кылынгандан кийин ал Аллахтын сообун жана акыретти үмүт кылып, мужахиддердин алдында болду. Ал Пайгамбар ﷺ менен Бадр согушуна катышып, анда мусулман аскерлеринин катарында эр

жүрөктүк менен согушуп, мыкты аракет кылып, жеңишке жетишкендердин арасында болду.

Абдулла ибн Амр ибн Харам (رضي الله عنه) Исламга жана мусулмандарга кызмат кылууга өзүн арнаган, ибадатка берилген, захид, үлгүлүү мусулман болгон. Ал өмүрүн даават үчүн жихадга арнаган. Пайгамбарыбыз ﷺ анын ыйманынын чындыгын жана Исламындагы көркөмдүгүн билген жана ага дуба кылган. Жабир ибн Абдулла (رضي الله عنه) риваят кылган хадисте Пайгамбарыбыз ﷺ акырында мындай деп айткан:

«جَزَى اللَّهُ الأَنْصَارَ عَنَّا خَيْرًا، وَلَا سِيَّمَا عَبْدِ اللَّهِ بْنِ عَمْرِو بْنِ حَرَامٍ، وَسَعْدِ بْنِ عُبَادَةَ»

**«Аллах ансарларга биз үчүн эң жакшы сыйлыгын берсин, айрыкча Абдулла ибн Амр ибн Харамга жана Саъд ибн Убадага».**

Ухуд согушу тарыхый сабактарга жана улуу көрүнүштөргө бай болгон маанилүү согуштардын бири эле. Ал хижраттын үчүнчү жылынын шаввал айынын он бешинде болду. Ал жерде сахабалар (عنهم رضي الله) баатырдыктын жана курмандыктын эң сонун үлгүлөрүн көрсөтүштү. Алар ыймандын чындыгын жана күчүн, Аллах жолундагы жан аябастыгын далилдешти. Ошондой эле шахиддер үчүн Аллах Таала Жаннатта даярдап койгон соопко болгон бекем ишенимдерин көрсөтүштү.

Бул улуу сахабалардын арасында Жабирдин атасы Абдулла ибн Харам (رضي الله عنه) да болгон. Аллах Таала ага башка эч кимге берилбеген улуу артыкчылык берди, Ухудда шахид болгон соң, өлгөн абалында Аллах Таала аны менен сүйлөштү.

Абдулла (رضي الله عنه) өзүнүн шахид болушун, мусулмандар согушка чыга электе эле сезген. Ал кайтып келбей турганын чындап туйган. Пайгамбарыбыз ﷺ мушриктер менен Ухудда согушууну чечкенин угар замат анын жүрөгү сүйүнүчтөн учуп кете жаздады. Ал дароо даярдана баштады жана башка мусулмандарды да согушка үндөдү. Согушка чоң кубаныч жана шахиддикке жетүү деген бекем ишеним менен аттанды. Аллах жолунда шахид болууну каалап, эңсеп, сүйүнүп чыкты.

Өмүр баян китептеринде жана хадистерде бул окуя жөнүндө Абдулла өзүнүн уулу Жабирди (رضي الله عنه) чакырып, акыркы

осуятын айткандыгы баяндалат. Бул тууралуу Сахих аль-Бухариде Жабир ибн Абдулла атасынан риваят кылат:

«لما حضر أحد دعاني أبي من الليل فقال: ما أراني إلا مقتولا في أول من يقتل من أصحاب النبي صلى الله عليه وسلم، وإني لا أترك بعدي أعز عليَّ منك، غير نفس رسول الله صلى الله عليه وسلم، فإن عليَّ دَيْناً، فاقض، واستوص بأخواتك خيرا، فأصبحنا، فكان أول قتيل»

«Ухуд согушу жакындаганда, түн ичинде атам мени чакырып айтты: "Мен өзүмдү Пайгамбарыбыз ﷺ менен бирге өлтүрүлгөндөрдүн ичинен биринчи өлтүрүлө тургандай көрүп турам. Менден кийин сага болгон сүйүктүүлүгүм Пайгамбарыбыз 'ﷺдан башка эч кимде жок. Менин үстүмдө карызым бар, аны төлө. Карындаштарыңа жакшы мамиле кыл". Эртең менен биз чыктык, жана ал биринчи шахид болгон».

Пайгамбарыбыз ﷺ улуу сахаба Абдулла ибн Амр ибн Харам (رضي الله عنه)га «Золилул Малаика» («Периштелер көлөкөлөгөн») деген лакап берген. Анткени Ухуд согушунда шахид болгон жетимиштей сахабанын ичинде Абдулла ибн Харам да бар эле. Ал Аллах жолунда өз канын жана жанын берди. Ал шахид болгондон кийин Аллах Таала аны менен сүйлөштү. Периштелер анын жаназасында өз канаттары менен көлөкө кылып турду, ал тургай көмүлгөндөн кийин да анын денеси өзгөргөн жок.

Сахих аль-Бухариде Жабир (رضي الله عنه)нун атасынын шахид болгондон кийинки абалы тууралуу мындай дейт:

«جِيءَ بأَبِي يَومَ أُحُدٍ قدْ مُثِّلَ به، حتَّى وُضِعَ بيْنَ يَدَيْ رَسولِ اللَّهِ صَلَّى اللهُ عليه وسلَّمَ وقدْ سُجِّيَ ثَوْبًا، فَذَهَبْتُ أُرِيدُ أَنْ أَكْشِفَ عنْه، فَنَهَانِي قَوْمِي، ثُمَّ ذَهَبْتُ أَكْشِفُ عنْه، فَنَهَانِي قَوْمِي، فأمَرَ رَسولُ اللَّهِ صَلَّى اللهُ عليه وسلَّمَ فَرُفِعَ، فَسَمِعَ صَوْتَ صَائِحَةٍ، فَقالَ: مَن هذِه؟ فَقالوا: ابْنَةُ عَمْرٍو – أَوْ أُخْتُ عَمْرٍو – قالَ: فَلِمَ تَبْكِي؟ أَوْ لا تَبْكِي، فَما زَالَتِ المَلَائِكَةُ تُظِلُّهُ بأَجْنِحَتِهَا حتَّى رُفِعَ»

«Атамды Ухуд күнү алып келишти. Мушриктер анын көркүн бузуп салышыптыр. Пайгамбарыбыз ﷺдын алдына алып келип, үстүнө чүпөрөк жабышты. Мен анын жүзүн ачайын деп бара жатсам, уруум мени тыйды. Кайра дагы бара жатсам, кайра тыйышты. Кийин Пайгамбарыбыз ﷺ буйрук берип, ачышты. Ошол учурда бир аялдын кыйкырыгы угулду. Пайгамбарыбыз ﷺ : "Бул ким?" - деп сурады. "Амрдын кызы же эжеси" - деп жооп беришти. Пайгамбарыбыз ﷺ: "Эмнеге ал ыйлап жатат? Ыйласа да, ыйлабаса да, периштелер аны канаттары менен көлөкөлөп жатышат" - деди».

Имам ан-Навави мындай деген: «Periштелер ал көтөрүлүп кеткенге чейин аны канаттары менен көлөкөлөп турушкан. Пайгамбарыбыз ﷺ “Эмнеге ыйлап жатат?” дегени, ыйласа да ыйлабаса да, ага бул улуу карамат берилген дегенди түшүндүрөт. Ошондуктан мындай адамдын артынан ыйлап кайгыруу жарашпайт».

Жабир ибн Абдулла ибн Харам (رضي الله عنه) мындай деп риваят кылат:

«لما قُتل عبدُ الله بن حرام يوم أُحد، لقيني رسولُ الله ﷺ فقال: يا جابر! ما لي أراك منكسرًا؟ قلت: يا رسول الله! استُشهِد أبي وترك عيالًا ودَينًا. قال: أفلا أبشِّرُك بما لقي اللهُ به أباك؟ قلت: بلى يا رسول الله! قال: ما كلَّم الله أحدًا قطُّ إلا من وراء حجاب، وكلم أباك كفاحًا (مباشرة بعد موته ليس بينهما واسطة)، فقال: يا عبدي، تمنَّ عليَّ (سلني) أُعطِك. قال: يا ربِّ! تُحيِيني فأُقتل فيك ثانية. فقال الرب سبحانه: إنه سبق مني أنهم إليها لا يُرجَعون. قال: يا رب! فأبلِغْ من ورائي. قال: فأنزل الله تعالى: {وَلَا تَحۡسَبَنَّ ٱلَّذِينَ قُتِلُواْ فِي سَبِيلِ ٱللَّهِ أَمۡوَٰتَۢاۚ بَلۡ أَحۡيَآءٌ عِندَ رَبِّهِمۡ يُرۡزَقُونَ}

«Ухуд күнүндө атам Абдуллах ибн Харам шахид болгон кезде мага Аллахтын Элчиси ﷺ жолугуп:

— Эй Жабир! Эмне үчүн сени кайгылуу, көңүлү чөгүп турган абалда көрүп жатам? - деди.

Мен айттым:

— Эй Аллахтын Элчиси! Атам шахид болуп, артында балдарын жана карызын калтырды.

Ал айтты:

— Сага атаң Аллахтын алдында кандай абалда жолугушканын сүйүнчүлөйүнбү?

— Ооба, эй Аллахтын Элчиси! - дедим.

Ал айтты:

— Аллах эч ким менен түз сүйлөшкөн эмес, дайыма парда артында сүйлөгөн. Бирок Ал атаң менен түздөн-түз сүйлөштү. Ага: “Эй кулум! Каалаганыңды сура, сага берем”, - деди.

Атаң: “Эй Раббим! Мени кайра тирилтип, Сен үчүн дагы бир жолу шахид болоюн”, - деди.

Раббиси سبحانه айтты: “Тагдырда Мен тараптан алар кайра дүйнөгө кайтарылбайт деп жазылган”. Атаң: “Эй Раббим! Анда артымда калгандарга жеткир”, - деди.

Ошондо Аллах Таала ушул аятты түшүрдү:

﴿وَلَا تَحۡسَبَنَّ ٱلَّذِينَ قُتِلُواْ فِي سَبِيلِ ٱللَّهِ أَمۡوَٰتَۢاۚ بَلۡ أَحۡيَآءٌ عِندَ رَبِّهِمۡ يُرۡزَقُونَ﴾

***“Аллах жолундагы согушта өлтүрүлгөндөрдү эч качан өлүктөр деп ойлобогула! Жок, алар тирүү! Алар Аллах Өз жоомарттыгы менен берген ырыскылардан пайдаланып курсант болушууда”.*** (Аали Имран: 169).

Бул хадисти Ибн Хиббан жана Тирмизи риваят кылган, ал эми Альбани «хасан» деген.

Имам Айни мындай дейт: «Бул – Абдуллах ибн Харамдан башка эч бир шахидге берилбеген улуу артыкчылык».

Эскерте кетчү нерсе: Абдуллах ибн Амр ибн Харам сахаба Амр ибн Жамухтун кайниси болгон. Экөө тең Ухуд согушунда шахид болушкан. Пайгамбар ﷺ аларды:

ادفنوا عبد الله بن عمرو، وعمرو بن الجموح في قبر واحد، فانهما كانا في الدنيا متحابين، متصافين.

**«Абдуллах ибн Амр менен Амр ибн Жамухту бир көргө көмгүлө, анткени алар дүйнөдө бири-бирин жакшы көрүшүп, жакын достор болушчу»**, - деп буюрган.

Кийин кырк алты жыл өткөн соң, катуу сел жүрүп, көрүстөндү каптаганда мусулмандар шахиддердин сөөктөрүн башка жерге көчүрүүгө шашылышкан. Ошол учурда Жабир дагы тирүү эле. Ал өз үй-бүлөсү менен келип, атасы Абдуллах ибн Амрдын жана эжесинин (амма) күйөөсү Амр ибн Жамухтун сөөгүн көтөрүшкөндө, аларды көр ичине кечээ коюлгандай өзгөрбөй, уктап жаткан сыяктуу абалда табышкан». ❑

# БИР АДАМГА ӨЗҮ КИЙБЕГЕН КИЙИМДИ КИЙГИЗБЕГИЛЕ… АНДАЙ КЫЛСАҢАР, ДИНИҢЕРДИ ДА, ДҮНҮЙӨҢӨРДҮ ДА БУЗУП АЛАСЫҢАР

**Устаз Ибрахим Хусейни**

Жаңылыктарда мындай кабар келди: «Axios» сайтынын кабарына ылайык, шейшемби күнү (2025-жылдын 22-июлу) жарыялаган отчетунда бейшемби күнү АКШ, яхудий түзүмү жана Сириянын жогорку даражалуу жооптуу адамдарынын жолугушуусу күтүлүүдө. Бул жолугушуунун максаты – Сириянын түштүгүндөгү коопсуздук боюнча түшүнүшүүгө жетишүү. Жолугушууга акыркы жумада эки тарап ортосунда ортомчу болуп келген АКШнын Сирия боюнча атайын өкүлү Том Барак төрагалык кылат.

Эй мусулмандар!

Бүгүн Сирияда жаңыдан бышып келе жаткан Америкалык-яхудий чыккынчылыгын ачыкка чыгаруу милдет! Нерселерди өз аты менен атагыла. Шамдагы шахиддердин кан-жаны дале кургап бүтө элек, элдин азабы басыла элек учурда Ахмад Шара жаңы кадам менен чыкты. Бул анын Американын куралы экенин жана революцияны жок кылуу боюнча кутумдун бир бөлүгү экенин айдан ачык көрсөттү.

Маалымат булактары билдиргендей, бул жолугушууда «Шара» менен америкалык өкүлдөр жана яхудий түзүмүнүн жогорку даражалуу жооптуу адамдары баш кошмокчу. Ал эми сырткы өңү «Сириядагы чыңалууну азайтуу» деген желе менен жабылган. Андан да кооп-коркунучтуусу – жолугушуунун негизги багыты Сирия менен яхудий түзүмүнүн ортосундагы «коопсуздук боюнча координацияны жана байланыштарды көбөйтүү» болору айтылды. Мындан өткөн ачык чыккынчылык барбы?!

«Коопсуздук координациясы» деген бул нерсе Сирияны кызматтык мамлекет бойдон калтырууга макулдук жана Американын, баскынчы түзүмдүн биргелешкен келишими менен революциянын барагын жабуу. Бул жашыруун болуп кийин ачыкка чыккан нормалдаштыруу жана шахиддердин, туткундардын, сүргүндөгүлөрдүн канына чыккынчылык кылуу болуп эсептелет!

Эй Шамдагы мусулмандар!

Жулани жасап жаткан иштер Аллахка, Анын Элчисине ﷺ, Үммөткө жана Шам элине чыккынчылык болуп саналат. Силердин шаръий жана инсаний милдетиңер анын чыккынчылыгын ачыкка чыгарып, андан баш тартып, жакасынан алып, колунан кармоо. Болбосо ал силерди кырсыктарга түртөт. Ошондуктан Америка уюштурган же яхудий түзүмү менен координацияланган кандай гана «саясий чечим» болбосун аны четке кагышыңар керек.

Эй Алланын кулдары! Эч кимге «таквалык менен ибадаттын кийимин» же «адилеттик жана ырайым менен өкүм жүргүзүү кийимин» кийгизбегиле, эгерде ал адам бул кийимдерди чынында кийбеген болсо. Андай кылсаңар, анын динин бузасыңар жана өзүңөрдүн диниңерди да, дүнүйөңөрдү да бузасыңар. Аны мактабагыла, тескерисинче түздөп койгула.

Пайгамбарыбыз ﷺ айткан:

“إذا رأيتم المدّاحين فاحثوا في وجوههم التراب”

**«Эгер силер мактоочуларды көрсөңөр, алардын бетине топурак чачкыла».** (Муслим 3002-хадис).

Сахабалар жана салафу салихтер эч качан бирөөнү жүзүнө карап макташкан эмес, айрыкча бийлик ээлерин. Анткени мунун өзү нафстын фитнасына айланып, макталуучуну текебер кылып, аны кырсыктуу азгырылууга жеткирет. Зулум кылган өкүмдарларды мактоо, аларда жок нерселерди бар деп сүрөттөө, кылган кылмыштарын

актоо же чыккынчылыктарына унчукпай коюу – бул заалимге жагалдануунун бир түрү. Ал эми Аллах Таала минтип эскерткен:

{ وَلَا تَرۡكَنُوٓاْ إِلَى ٱلَّذِينَ ظَلَمُواْ فَتَمَسَّكُمُ ٱلنَّارُ وَمَا لَكُم مِّن دُونِ ٱللَّهِ مِنۡ أَوۡلِيَآءَ ثُمَّ لَا تُنصَرُونَ }

***«Зулумдук жолун туткан адамдарга берилип кетпегиле** (ээрчибегиле)**. Антпесе силерге тозок оту жетет. Силер үчүн Аллахтан өзгө бир да дос жок. Кийин** (тагыраак айтканда залимдерди ээрчип кетсеңер) **силерге жардам берилбейт».*** (Худ: 113).

Акыйкатка каршы болгон ар кандай жалганды «шариат», же «улуттук кызыкчылык», же «пайда» деп жайылткандардан сак болгула. Анткени бул залимдерге жөлөнүү – Аллахтын азабын чакырат жана Үммөткө дини менен дүнүйөсүнө азап алып келет.

Тилиңер менен «тагуттарды» жасоодон абайлагыла! Анткени өкүмдар мактоо көп укса, ага мас болот. Эгер жасалма даңк менен алданса, анда ал текеберленип, зулум кылып, жер жүзүн бузат. Өзүн болсо «ислахчы» деп эсептейт.

Умар ибн Хаттаб رضي الله عنه колу алдындагы бир киши ага насыйкат айтканда мындай деген:

“لا خير فيكم إن لم تقولوها، ولا خير فينا إن لم نسمعها”

«Эгер силер аны айтпасаңар, силерде жакшылык жок. Эгер биз аны укпасак, бизде жакшылык жок».

Ошондуктан өкүмдарга чындыкты айткыла! Ага жагынбагыла! Андан коркпогула! Анткени чындык кошоматтын үстүнө курулбайт.

Силердин куткарылууңар асмандан түшкөн вахийде айтылган:

﴿ٱلَّذِينَ إِن مَّكَّنَّٰهُمۡ فِي ٱلۡأَرۡضِ أَقَامُواْ ٱلصَّلَوٰةَ وَءَاتَوُاْ ٱلزَّكَوٰةَ وَأَمَرُواْ بِٱلۡمَعۡرُوفِ وَنَهَوۡاْ عَنِ ٱلۡمُنكَرِۗ﴾

***«Эгер аларды** (мусулмандарды) **Биз жер жүзүнө үстөм кылсак, алар намазды толук аткарышат, зекетти беришет, жакшылыктарга буйрушат, жамандыктан кайтарышат.** (Бардык) **иштердин акыбети Аллахтын** (эрк-ыктыярында)**».*** (Хаж: 41).

Демек, улуулук жана азиздигибиз Аллахтын шариятын жер жүзүндө орноткон Исламий мамлекет менен гана келет. Аны адилеттүү имам жетектейт, Аллахтын Китеби менен өкүм кылат, Үммөттү бириктирет, жерлерди азат кылат жана кафир Батыштын жана яхудийлердин колун биздин өлкөлөрдөн кесип жок кылат.

Аллах Таала эскерткен:

{ ۞ يَٰٓأَيُّهَا ٱلَّذِينَ ءَامَنُواْ لَا تَتَّخِذُواْ ٱلۡيَهُودَ وَٱلنَّصَٰرَىٰٓ أَوۡلِيَآءَۘ بَعۡضُهُمۡ أَوۡلِيَآءُ بَعۡضٖۚ وَمَن يَتَوَلَّهُم مِّنكُمۡ فَإِنَّهُۥ مِنۡهُمۡۗ إِنَّ ٱللَّهَ لَا يَهۡدِي ٱلۡقَوۡمَ ٱلظَّٰلِمِينَ }

***«Эй момундар, яхудий менен насранийлерди дос тутпагыла! Алардын кээ бирлери кээ бирлерине дос. Силерден ким аларга дос болсо, анда, ал ошолордон. Албетте Аллах залим коомду туура жолго баштабайт».*** (Маида: 51).

Пайгамбарыбыз ﷺ айткан:

«إن الناس إذا رأوا المنكر فلم يغيروه أوشك أن يعمهم الله بعقاب من عنده»

**«Эгер адамдар бир жамандыкты көрүп, аны өзгөртпөсө, Аллах аларды Өзүнөн келген азап менен жалпысынан азапташы ыктымал».** (Ахмад жана Абу Дауд риваят кылган.)

Аллах Таала дагы айтты:

﴿هَٰذَا بَلَٰغٞ لِّلنَّاسِ وَلِيُنذَرُواْ بِهِۦ وَلِيَعۡلَمُوٓاْ أَنَّمَا هُوَ إِلَٰهٞ وَٰحِدٞ وَلِيَذَّكَّرَ أُوْلُواْ ٱلۡأَلۡبَٰبِ ٥٢﴾

***«Бул** (Куран) **адамдар эскертилүүлөрү жана** (Аллах) **Жалгыз Кудай экендигин билүүлөрү, ошондой эле акыл ээлери үлгү-эскертме алуулары үчүн** (Аллах тарабынан түшүрүлгөн) **бир аят-кабар».*** (Ибрахим: 52). ❑

# ХУСИТТЕР КОЗГОЛОҢЧУ ЖАМААТПЫ ЖЕ КӨП ФУНКЦИЯЛУУ КУРАЛБЫ?

**Муънис Хамид – Ирак**

Бул суроого жооп берүү үчүн Йемендин чегинен чыгып кеткен бул татаал маселеге, Британиянын эски таасири менен Американын таасири жана куралдарынын ортосундагы геосаясий кызыкчылыктардын торуна сүңгүп кирүү зарыл.

Американын башкы максаттарынын бири Йемендин бөлүнүп-жарылышын күчөтүп, аны алсыз жана талкаланган мамлекетке айлантуу. Ошондой эле, азыркы деңиздеги тиреште хуситтердин ролу бар экени көрүнүп турат. Бул жагдай аймактагы Булуң өлкөлөрүнүн башчылары Американын коргоо калканынын астында калышын камсыз кылып тургандыктан, Америка бул маселени жабууга кызыкдар болбой калышы мүмкүн.

Мындан тышкары, хуситтердин сакталып турушу Америка аймакка койгон шарттарды кабыл алууга Булуң өлкөлөрүнүн башчыларын мажбур кылышы мүмкүн, атап айтканда, яхудий түзүмү менен нормалдашуу боюнча сүйлөшүүлөрдө. Ооба, хуситтер Ирандын Йемендеги колу болуп эсептелет, бирок алардын болушу Америка үчүн коркунуч жаратпайт. Тескерисинче, Иранды америкалыктар менен британиялыктардын ортосундагы тирештин ичинде согуш аркылуу алсыратууга шарт түзүшү мүмкүн. Анткени Иран хуситтерди курал жана дрондор менен камсыздап турат.

Бул стратегия Америка үчүн Иранды чыныгы түз кагылышка алып барбай эле ар дайым «балка астында» кармоого шайкеш келет. Ошондой эле, хуситтер маселесинин ачык бойдон калышы Американын деңиздеги аскерий катышуусуна туруктуу шылтоо болот. Себеби хуситтер эл аралык деңиз жолдорун коркунучка салууда. Ошондуктан бул Америкага аймактагы аскерий катышуусун жана деңиздин аскерлештирилишин мыйзамдаштырган негиз болуп берет. Америка жетектеген эл аралык альянстар аркылуу бул стратегия ишке ашырылып жатат. Натыйжада, АКШ Кытай сыяктуу соода гигантына каршы деңиздеги өз позициясын чыңдоодо.

Ошондой эле, бул маселени ачык кармоонун максаттарынын бири – яхудий түзүмүн регионалдык коопсуздук келишимдерине интеграциялоо болушу мүмкүн, ошондо хуситтер ирандык багыттын бир бөлүгү катары эсептелгендиктен, Булуң өлкөлөрү менен кызматташуу жеңилдейт.

Мындан тышкары, бул маселени узакка созуу аркылуу Булуң өлкөлөрүнүн башчылары ар дайым деңиз жолдорун коргоодо Америкага таянууга аргасыз абалда калтырылат, ошентип Вашингтон коопсуздук тандеминде үстөм абалды сактап калат.

Ошондой эле Америка бул маселени яхудий түзүмүнүн амбицияларына көзөмөл жүргүзүү үчүн да колдонот. Хуситтерди коркунуч катары колдонуу аркылуу яхудий түзүмүнүн мамилесин америкалык максаттарга ылайык багыттап турат.

Балким, бул өз ара чаташкан кызыкчылыктардын жыйынтыгы болуп саналат жана ал хуситтерди адамдардын душманы болгон Американын колунда көп функциялуу курал бойдон калтырууга жетиштүү. Демек, хуситтер маселеси америкалык долбоорлорго кызмат кылып турган соң ачык бойдон кала берет. ❑


«Аль-Ваъй» журналынын расмий баракчасы:
http://www.al-waie.org
«Аль-Ваъй» журналынын Фейсбуктагы расмий баракчасы:
https://www.facebook.com/alwaie
«Аль-Ваъй» журналынын Телеграмдагы расмий каналы:
https://telegram.me/alwaie
«Аль-Ваъй» журналынын Твиттердеги расмий аккаунту:
https://twitter.com/alwaiemagazine
«Аль-Ваъй» журналынын Инстаграмдагы расмий каналы:
https://www.instagram.com/alwaiemagazine/